**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ**
**НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

**Жантаев Адилбек Сүйүндүкович**

# АДАБИЯТ ТААНУУЧУЛУК АКСИОЛОГИЯНЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

Бишкек – 2022

УДК: 8С (Кирг)
ББК 83.3 Ки
Ж-27

Рецензенттер:
М. К. Көлбаева – филология илимдеринин доктору
Ж. С. Сыдыков – философия илимдеринин доктору, профессор

Ж-27. Жантаев А. С. Адабият таануучулук аксиологиянын теориялык-методологиялык өбөлгөлөрү: Окуу куралы. – Б.: Сарыбаев Т. Т., 2022. – 73 б.

ISBN 9967-21-201-2

Бул окуу куралында аксиологиянын таржымалына, дөөлөт жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнүн илимий-теориялык негиздерине, негизги адабият таануучулук категориялардын аксиологиялык мазмунуна, көркөм дөөлөттү аныктоо жана баалоо проблемаларына, көркөм дөөлөттүн чен-өлчөмдөрүнө, кыргыз элинин асиологиялык таанымына, кыргыз жазуучуларынын көркөм дөөлөттөргө карата көз караштарына, кыргыз адабиятчыларынын дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелери боюнча ойлоруна терең көңүл бурулат.

Окуу куралы адабият таануу илимине кызыккан жалпы окурмандарга, жогорку класстардын окуучуларына, студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга, докторанттарга ж.б. арналат.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук кеңешинин отурумунда талкууланып, ушул университеттин Окумуштуулар кеңеши басмага сунуш кылган.

УДК: 8С (Кирг)
ББК 83.3 Ки

ISBN 9967-21-201-2

© Жантаев А. С., 2022

# МАЗМУНУ

Киришүү ... 4

1. Аксиология философиянын тарыхы менен тутумунда ... 6

2. Дөөлөт жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнүн илимий-теориялык негиздери ... 16

3. Негизги адабият таануучулук түшүнүктөрдүн аксиологиялык маани-мазмуну ... 23

4. Көркөм дөөлөттү аныктоо жана баалоо проблемалары, көркөм дөөлөттүн чен-өлчөмдөрү ... 34

5. Кыргыз элинин аксиологиялык таанымы жана кыргыз жазуучуларынын көркөм дөөлөттөргө карата көз караштары ... 43

6. Кыргыз адабиятчыларынын дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелерине карата пикирлери ... 55

Корутунду ... 60

Тиркемелер ... 70

# КИРИШҮҮ

Азыркы учурда адабий процессте мурда түзүлгөн тарыхый-адабий, көркөмдүк-эстетикалык мааниси зор чыныгы көркөм дөөлөттөрдү аныктоо өтө оор. Мында окумуштуулардын субъективдүү ойлоруна таянуу жетишсиз. Өткөн кылымдагы көркөм-адабий туундулардын дөөлөттүк табиятын, баалуулуктук касиетин, асыл нарктык[1] мазмунун ачуу үчүн адабий чыгармачылыкты илимий изилдөөнүн методологиясын аздыр-көптүр жаңылоо да талап кылынат. Алсак, илимий изилдөөдө адабият таануу менен **аксиологиянын**[2] жуурулушуусу көркөм чыгармачылыктын табиятын түшүнүүгө кеңири мүмкүнчүлүк ачат. Бул иште Г. Лотце, В. Виндельбанд, Г. Риккерт, Г. Мюнстерберг, М. Шелер, Э. Фромм, В. Франкл, М. Хайдеггер, Н. Гартман, В. С. Соловьев, Н. О. Лосский, Н. А. Бердяев, М. М. Бахтин, П. А. Сорокин ж.б. окумуштуулардын дөөлөт проблемасына багышталган эмгектери олуттуу теориялык-методологиялык өбөлгө түзөт. Аксиологиянын адабият таануу менен айкалышуусу изилдөөнүн методологиясын өөрчүтүп, көркөм чыгармачылыктын туундуларын жаңыча аңдоого жардамдашат. Түпкү башаттарга кайрылсак, «аксиология көркөм өнөрдүн (искусствонун[3]) мыйзамдарын объективдүү ачууга чакырылган» [73, с. 39].

Илимде баалуулук же дөөлөт чен-өлчөмү[4] адамзат маданиятына таандык ар кандай кубулуштарды талдоодо колдонулат. Ал культурология, психология, социология, философия, эстетика, этика өңдүү илимдердин методологиясына жиксиз ширелишкен. Азыр орус адабият таануусунда адабий чыгармачылыкты изилдөөгө карата дөөлөттүк мамиле теориялык-методологиялык жактан күчтөндү. Биз мисал катары Д. А. Абдуллина, Э. Л. Афанасьев, Т. С. Власкина, А. А. Казаков, В. Б. Петров, Е. В. Попова, Л. Ю. Фуксон ж.б. окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрүн көрсөтө алабыз. Ал эмгектерде көркөм адабиятта

---

[1] Кыргыз адабиятчы-окумуштуулары өз эмгектеринде көркөм дөөлөттөргө карата мурас, кенч, дүйнө, баалуулук, нарк, дөөлөт өңдүү сыпаттамаларды катарлаш колдоно беришет. Биз дагы өз изилдөөбүздө мына ушул белгилүү бир даражада маанилеш түшүнүктөрдү ылайыгына жараша жарыш пайдалана беребиз.

[2] Аксиология (грекче axia – баалуулук жана logos – окуу) – баалуулуктар жөнүндө окуу; аксиологиялык – өзүнүн баалуулугуна ылайык, баалуулуктар теориясынын көз карашынан аныкталуучу. Китепте: Философский энциклопедический словарь. – Москва: Инфра-М, 1997, с.12.

[3] Азыр кыргыз адабиятчыларынын көпчүлүгү искусство терминин көркөм өнөр деп колдонуп жүрүшөт, бул кадыресе жалпы кабыл алынып калды.

[4] Критерий терминин чен-өлчөм деп алуу анын маани-мазмунуна абдан ылайык келет. Бул чет элдик сөз анын негизинде бир нерсени баалоо, аныктоо же классификациялоо жүргүзүлүүчү белги, баалоонун чени дегенди туюнтат. Демек, критерий – бул чен-өлчөм.

түзүлгөн дүйнөнүн дөөлөттүк сүрөтүн, автордун, персонаждардын жана окурмандардын дөөлөттүк көз караштарын, аларды баалоонун негизин жана мүнөзүн, баалоо чен-өлчөмдөрүн, баалоо үчүн колдонулуучу категорияларды айкындоого жана изилдөөгө жетишилген.

Коомдун өнүгүшү, мезгилдин өтүшү менен сүрөткердин дөөлөттүк туюму да, окурмандардын көркөм-адабий үлгүлөрдү кабыл алуусу да өзгөрүүгө учурарын практика күбөлөндүрөт. Өзгөрбөгөн нерсе – адабиятта **Акыйкаттык, Жакшылык** жана **Сулуулук** дөөлөттөрүн чагылдыруу. Ушуга байланыштуу көркөм адабият таанымдык, этикалык, эстетикалык кызмат аткарат.

Биздин оюбузча, улуттук профессионал жазма адабияттагы көркөм дөөлөттөрдү изилдөөдө төмөнкү тезистерге таянуу, аларды жетекчиликке алуу жана чечмелөө туура болот:

1. Аксиология философиянын тарыхы менен тутумунда өз ордун таап, азыр социалдык-гуманитардык илимдерге кеңири таралууга жетишти. Баалуулук теориясынын категориялары жана бүгүнкү жетишкендиктери адабият таануунун алкагында көркөм адабияттын туундуларына дөөлөттүк мамиле кылуунун теориялык-методологиялык өбөлгөсү болуп бере алат.

2. Илимде дөөлөт жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрү ар тараптуу талданып, азыр социалдык-гуманитардык илимдерде ургаалдуу колдонууга кирди. Бул түшүнүктөр жалпы эле адабият таанууну, анын ичинде кыргыз адабият таануусун аксиологиялык изилдөөлөр жүргүзүүгө түртөт. Дөөлөт термини көркөм дөөлөт түшүнүгүнүн чен-өлчөмдөрүн аныктоодо чоң мааниге ээ болот.

3. Адабият таанууда топтолгон терминологиялык багаж аксиологиялык мааниге ээ. Адабият теориясындагы негизги түшүнүктөрдү дөөлөттүк өңүттө чечмелөө адабият таануучулук изилдөөлөрдүн ареалын кеңитет. Адабий чыгармачылык ээ болгон аксиологиялык башталма аны дөөлөттүк изилдөөнү талап кылат.

4. Көркөм дөөлөткө мамиле бүгүнкү күндө өтө курч коюлган проблема, анткени, адабият теориясында көркөм дөөлөттү мүнөздөгөн көрсөткүчтөр жана чен-өлчөмдөр али толук такталган эмес. Көркөмдүктүн өзгөрүлбөс белгилерин, көркөм дөөлөттүн чен-өлчөмдөрүн аныктоо менен XX кылымдагы жалпы кыргыз профессионал жазма адабиятында жаратылган көркөм туундуларга баа берүү маселеси такталат жана өркүндөйт.

5. Кыргыз элинин аксиологиялык дүйнө таанымы, кыргыз жазуучуларынын көркөм дөөлөт проблемасына карата ойлору, кыргыз адабиятчыларынын дөөлөт жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнө байланыштуу пикирлери кыргыз адабият таануусунда аксиологиялык изилдөө жүргүзүүнүн өбөлгөсү болуп беришет.

# 1. АКСИОЛОГИЯ ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫ МЕНЕН ТУТУМУНДА

**1.1. Аксиологиянын аныктамасы тууралуу.** Жалпысынан, аксиологияны дөөлөттөр проблемасын изилдеген философиянын бөтөнчө багыты катары кароо зарыл. Биз илимий адабияттардан аксиологиянын төмөнкү аныктамаларын таба алдык:

**1. Аксиология** (грекче axia – баалуулук жана logos – окуу) – баалуулуктар жөнүндө окуу; аксиологиялык – өзүнүн баалуулугуна ылайык, баалуулуктар теориясынын көз карашынан аныкталуучу [109, с. 12];

**2. АКСИОЛОГИЯ** (гр. axios – баалуулук жөнүндөгү окуу) – азыркы кездеги философиядагы негизги бир тармак. 20-кылымдын башында пайда болгон... Аксиологиядагы негизги нерсе – баалуулук жөнүндөгү түшүнүк. Баалуулук этикалык, эстетикалык, диний, укуктук, саясий, экономикалык ж.б. болуп бөлүнөт [110, 52-б.];

**3. Аксиология** (гр. axios – баалуулук, logos – окуу) – баалуулуктардын табияты, алардын реалдуу турмуштагы орду жана баалуулуктар дүйнөсүнүн түзүлүш курамы тууралуу философиялык окуу, ар кыл баалуулуктардын маданий жана социалдык факторлору, адам топтору менен байланышы жөнүндөгү илим [66, 232-б.];

**4. АКСИОЛОГИЯ** (грекче axia – баалуулук жана logos – окуу дегенден) – «баалуулук» категориясын, баалуулуктук дүйнөнүн мүнөздөмөлөрүн, түзүмдөрүн жана иерархияларын, аны таанып билүүнүн ыктарын жана анын онтологиялык макамын, ошондой эле баалуулуктук пикирлердин табияты менен бөтөнчөлүгүн изилдөөчү философиялык дисциплина. Аксиология башка философиялык, ошондой эле өзүнчө илимий дисциплиналардын баалуулуктук аспекттерин, ал эми кыйла кеңири мааниде – социалдык, көркөм жана диний практиканын бүткүл спектрин, жалпы адамзат цивилизациясы менен маданиятын иликтөөнү да камтыйт [78, с. 62].

Биринчи аныктама боюнча аксиология адам коомундагы баалуулуктар же дөөлөттөр жөнүндөгү илим. Экинчи аныктамада да негизинен баалуулукка басым коюлат. Үчүнчү аныктамада, көрүнүп тургандай, аксиологияда дөөлөттөрдүн табияты, коомдо ээлеген орду иликтөө объектисине алынат. Төртүнчү аныктама жогоркуларга салыштырмалуу кыйла тереңдиги менен айырмаланат. Чын-чынына келсек, аксиологиянын адам турмушунун ажырагыс бир бөлүгүн түзгөн материалдык жана руханий туундуларды да изилдөөгө мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Маселе аксиологиянын методологиясын илимдин түрдүү тармактарында, мисалы, адабият таанууда ыктуу пайдаланууда гана турат. Дөөлөттөр дүйнөсүндө болсо, көркөм дөөлөттөр да маанилүү коомдук-маданий, көркөм-эстетикалык орунду ээлешет. Көркөм дөө-

лөттөрдүн тутумунда акын-жазуучулар жараткан прозалык, поэтикалык үлгүлөр да башкы саптарда турат. Ошентип, аксиология адам баласынын көркөм тажрыйбасын, маданий турмушун, жалпы эле маданиятын да иликтөө озуйпасын өзүнө ала алат. Көркөм тажрыйбанын ичинде адабият, көркөм-адабий туундулар да жатаары өзүнөн өзү түшүнүктүү. Адамзаттын көп кылымдык көркөм-эстетикалык тажрыйбасында анын чыгармачыл өкүлдөрү тарабынан нечендеген көөнөргүс көркөм дөөлөттөр жаратылып, кийинки муундарга өлбөс-өчпөс таберик катары калтырылган. Аларды аксиологиялык өңүттө изилдеп, дөөлөттүк табиятын, маани-мазмунун ачуу азыркы адабият таануунун алдында турган кечиктирилгис милдеттерден болуп саналат. Биздин оюбузча, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятына карата мына ушул ыңгайда адабият таануучулук изилдөө жүргүзүүгө болот.

**1.2. Аксиологиянын түптөлүү жана өнүгүү таржымалы.** Биз жогоруда кеп кылган илимий тармактын башаттарына көз салсак, «аксиология» терминин илимий колдонууга биринчи болуп француз философу Поль Лапи 1902-жылы киргизген. Ал эми немец философу Эдуард фон Гартман аталган терминди философиялык дисциплиналардын тутумундагы эң негизги түшүнүктөрдүн бирине айландырган. Дөөлөттүк проблема жана аны философиялык аңдоонун тарыхы шарттуу түрдө бир нече мезгилге ажыратылат. Байыркы антик доорунда, Орто кылымдарда, Кайра жаралуу жана Агартуу доорлорунда эле философтордо дөөлөттөр дүйнөсүнө кызыгуулар башталган, бирок ага көбүнчө контексттик мүнөздө кайрылышкан. Жалпылай келгенде, рухий же көркөм дөөлөттөргө карата ойчулдардын пикирлеринде белгилүү бир үндөштүк орун алган. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени көркөм нарктарга коюлуучу талаптар эзелтен **Акыйкаттыктын, Сулуулуктун, Жакшылыктын** орун алышына негизделип келген.

Өткөн замандарда алгач баалуулук категориясы да, дөөлөттөр дүйнөсү да, дөөлөттүк ой жоруулар да атайын философиялык рефлексиянын[5] предметин түзбөгөн. XIX к. экинчи жарымынан тартып гана баалуулуктар дүйнөсү философияда өзгөчө кызыгуу жарата баштаган. Аксиологиянын тарыхында предклассикалык (1860-80-жж.), классикалык (1890-1920-жж.) жана постклассикалык (1930-ж. тартып) мезгилдер болгону белгиленет [186, с. 63].

Предклассикалык мезгилде Рудольф Герман Лотце (1817-1881-жж.), Альбрехт Ритчль (1822-1889-жж.), Франц Брентано (1838-1917-жж.), Фридрих Вильгельм Ницше (1844-1900-жж.) ж.б. өз эмгектеринде баалуулуктук өңүттөгү ойлорун жарыя кылышкан.

[5] Рефлексия – (лат. reflexio – чагылтуу) артка кайрылуу, кайра аңдоо.

Классикалык мезгилде дөөлөттүк проблематика алдыңкы орунга чыккан да, пайдубалдуу баалуулуктар теориясы түзүлгөн. Бул кезеңде Макс Шелер (1874-1928-жж.), Эдуард фон Гартман (1842-1906-жж.), Гуго Мюнстерберг (1863-1916-жж.), Эдуард Шпрангер (1882-1963-жж.), Вильям Штерн (1871-1938-жж.), Христиан Эренфельс (1859-1932-жж.), Герман Коген (1842-1918-жж.), Вильгельм Дильтей (1833-1911-жж.), Алексиус Мейнонг (1853-1920-жж.), Джордж Эдвард Мур (1873-1958-жж.), Эдмунд Гуссерль (1859-1938-жж.) ж.б. көптөгөн ойчулдар аксиологиялык мүнөздөгү эмгектерин жаратып, аларда дөөлөттөр дүйнөсүнө карата пикирлерин ортого салышкан.

Постклассикалык мезгилде Мартин Хайдеггер (1889-1976-жж.), Бертран Рассел (1872-1970-жж.), Джон Дьюи (1859-1952-жж.), Роман Ингарден (1893-1970-жж.), Николай Онуфриевич Лосский (1870-1965-жж.), Николай Александрович Бердяев (1874-1948-жж.), Михаил Михайлович Бахтин (1895-1973-жж.), Питирим Александрович Сорокин (1889-1968-жж.) ж.б. нечендеген окумуштуулар дөөлөттөр дүйнөсү, дөөлөттөрдүн табияты тууралуу кызыктуу ойлорун айтып өтүшкөн.

Предклассикалык мезгилдеги ойчулдардын пикирлерине токтолсок, немец ойчулу Р. Г. Лотце философиянын лексикалык коруна эстетикалык, моралдык, диний дөөлөттөр түшүнүктөрүн кийирет. Эстетикалык дөөлөттөрдүн курамына көркөм-адабий туундулар кире турганы бүгүн эч талашсыз. Ал эми А. Ритчль болсо затты же ишмердүүлүктү сезим гана баалуу кыла турганын айтат. Муну адабиятка байланыштыра карасак, адамдын сезим-туюмдары кеңири катышкан, кенен чагылган көркөм чыгармалар гана дөөлөттүк табиятка ээ боло алат дешке болот. Ф. Брентано адамдын жан дүйнө толгонуулары анын канааттануу же канааттанбоо сезимдери үчүн жооптуу болорун белгилейт. Биз көркөм чыгармаларды окуп жатканда дал ушул жагдай башкы орунга чыгары күмөнсүз. Ф. Ницше болсо өзүнүн атактуу «бардык баалуулуктарды кайра баалоо» афоризми менен белгилүү болгон. Азыркы тапта көркөм өнөр менен маданият тармагында дал ушул ишти жигердүү колго алуу өтө зарыл болуп турат.

Классикалык мезгилдеги ойчулдарга кайрылсак, М. Шелердин ою боюнча, оң баалуулуктар гана жашоого тийиш, ал эми терс баалуулуктар жашоого укуксуз. Бул жобо көркөм-адабий туундулардын дөөлөттүк табиятын иликтөөдө толук өлчөмдө колдонула алат. Э. фон Гартман баалуулуктардын төмөнкүдөй: ыракат – максатка ылайыктуулук – сулуулук – адептүүлүк – динчилдик турпатындагы ыраатын сунуштайт. Ал атаган дөөлөттөрдүн айрымдары азыр да маанисин жогото элек, тескерисинче коомдогу орду менен ролу күчөп жатат. Г. Мюнстерберг дөөлөттөрдү кеңири сыпаттап, башкысы турмуштук жана маданий дөө-

лөттөрдү ажыратып берген. Ал эми Г. Когендин ою боюнча, дөөлөттөрдү бир гана таза эрк өндүрүүгө тийиш, ошондо гана алар артыкча касиет-сапаттарга ээ болушат. Б.а. акыл-ою, сезим-туюму таза инсан тарабынан түзүлгөн көркөм туунду көркөм дөөлөткө айланат.

Постклассикалык мезгилдин өкүлдөрүнө келсек, М. Хайдеггер дөөлөттөр түшүнүгү өзү таянычка ээ эмес, алар жалган түшүнүктөр дейт. Б. Рассел болсо дөөлөттөр табит аймагына жатарын, дөөлөттөрдөгү айырмалар табитке байланыштуу экенин белгилейт. Дж. Дьюи дөөлөттүк мамилени дөөлөттөр өздөрү да, түрткүлөр менен каалоолор да жаратарын айтат. Анын ою боюнча бардык дөөлөттүк ой жоруулар – тажрыйбанын ой жоруулары, андыктан алар да экспериментте текшерүүгө муктаж. Р. Ингарден аксиологиялык контексттен эстетикалык жана теориялык толгонууларды ажыратат да, эстетикалык толгонуу көркөм өнөр чыгармасына карата өзгөчө ыракаттуу байланышка кирүү менен ишке ашарын көрсөтөт. Орус ойчулу Н. О. Лосский теисттик мүнөздөгү дөөлөттүк моделди курууга аракеттенип, Кудайды бийик дөөлөт катары карайт. Ал эми М. М. Бахтин индивиддердин көп түрдүүлүгүнөн көптөгөн «кайталангыс баалуу жеке дүйнөлөрдү» көрөт. Ушул инсан «дөөлөт» категориясын адабият таануунун терминологиясына кийирет да, аны тарыхый-адабий кубулуштарды талдоодо кеңири пайдаланат. П. А. Сорокин болсо коомдук турмушта маданий өнүгүү кандай жүрөрүнө, анда кандай дөөлөттөр алдыңкы планга чыгарына көңүл toktotot. Анын ою боюнча адамзаттын тарыхында бири бирин мезгили менен алмаштырып турган үч супертутум – идеационалдык, идеалисттик жана сезимдик – жашап турат. Идеационалдык типтеги маданиятта акыреттик, сезимден артыкча ар тараптуу дөөлөттөр орун алат. Сезимдик типтеги маданиятта материалдык жана материалисттик дөөлөттөр басымдуу келет. Идеалисттик типтеги маданиятта эки башка типтеги маданияттардын дөөлөттөрү жуурулушат. Муну менен катар идеационалдык, идеалисттик, сезимдик типтеги дөөлөттөр табигый байланыш түзбөй, бирок катарлаш жашаган маданияттын тиби да болот. П. А. Сорокин маданияттын бул тибин ылдыйлоо, начарлоо дооруна мүнөздүү дейт. Анын ою боюнча маданияттын бири бирин алмаштырган типтеринин ар бири өзүнүн өнүгүү мыйзамдарына жана өсүү чектерине ээ болушат. Аталган окумуштуунун идеялары адамзат маданиятынын, анын ичинде көркөм адабияттын азыркы абалын таасын чагылтат.

Биздин кыскача экскурстан көрүнүп тургандай, аксиология философиянын тутумунда татаал эволюциялык өнүгүүнү баштан кечирип, дөөлөттөр дүйнөсүнө карата илимпоздордун, ойчулдардын көз караштары карама-каршылыктуулугу, ар тараптуулугу, көп түрдүүлүгү менен айырмаланган. Антсе да мурда топтолгон философиялык-эстетикалык

тажрыйба азыркы социалдык-гуманитардык илимдерде, анын ичинде искусство таануу менен адабият таанууда дөөлөттүк мүнөздөгү изилдөөлөр жасоо үчүн бекем таяныч болуп берет.

**1.3. Аксиологиянын илимий-теориялык өбөлгөлөрү.** Оюбузду конкреттүү мисалдар менен тереңдете кетсек, байыркы индиялык «Дхаммапада» буддисттик трактаты маанилүү дөөлөттөр катары төрт дхамманы: **өмүрдү, сулуулукту, бакытты** жана **күчтү** аныктайт, бирок заттардын акыйкаттуу табиятын билүү, бейгамдык жана бейкумардык өлчөөсүз жогору бааланат: «Биз абдан бактылуу жашайбыз, зарыккандардын арасындагы зарыкпагандар... Биз бактылуу жашайбыз, эч нерсебиз жок болсо да... Кумардан чоң от жок; жек көрүүдөн чоң кырсык жок; денеден чоң бактысыздык жок; тынчтыкка теңдеш бакыт жок» [26, с. 444]. Индиялык классикалык адабиятта – Упанишадаларда жана Махабхаратада дөөлөттөр деп **жакшылык, акылмандык, сүйүү, сулуулук, өмүр** ырасталат, бул карапайым дүйнө көрүмдө «тышкы» материалдык жана «ички» руханий дөөлөттөр кыйла тыгыз байланышта болушарын жана чырмалышып кетишерин күбөлөндүрөт.

Байыркы кытайлык аксиология эки башкы салттын – даосизмдин жана конфуцийчиликтин өнүгүүсү менен байланышкан, алардын ар бири адам менен дүйнөнүн бүтүндүктүү гармониялуу болмушунун баалуулугун өз бетинче негиздеген. Даонун сонундугу анын чектелбегенинде, карама-каршылыксыздыгында. Эмне карама-каршылыкка ээ болсо, ал алсыздыгын жана шарттуулугун байкатат. Бул адептик сапаттарга да, материалдык жана эстетикалык дөөлөттөргө да тийиштүү: «Улуу Жол – Дао зыян тартты да, гумандуулук менен адилеттик чыга келди, акылмандык улуу жалган барда байкалат» [46, с. 228]. Ошондуктан даос салтында бакытты издөө «адашуу» жана куру убара катары бааланат. Дөөлөттөр салыштырмалуу, анткени өз карама-каршылыктарын жаратышат, ошондуктан өтө акылмандардын жолу болмуш катары чектелбегендин чегине сүңгүү менен байланышкан.

Европалык жана мусулмандык аксиологияга көбүрөөк даражада чукул келген конфуцийчилик аксиология да өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Конфуций жана анын жолун жолдоочулар адамдардын коом ичинде гармониялуу биригүүсүн орнотууга чакырылган адептик дөөлөттөрдү, сапаттарды иштеп чыгуу жана негиздөө менен алектенишкен. «Тарых китебинде» («Шу цзин») жана «Ой толгоолор менен маектерде» («Лунь юй») узак өмүр, ден соолук, рухтун тынчтыгы, «пакизалыкты сүйүү», «тынч өлүү» өңдүү бакыттын көрүнүштөрү белгиленет. Бакыттын ушундай вариантына жетүүгө «асылзаада адам» (цюань-цзы) ээ болууга тийиш болгон негизги сапаттар: **адамды сүйүү (жэнь), урматтоо (сяо), адилеттүүлүк (и), тартипке, каадага баш ийүү (ли), тарбия-**

**луулук (вэнь), окумалдык, даанышмандык (чжи)** көмөктөшүүгө чакырылган. Асылдык бул жерде сонундук катары бааланат да, жүрүм-турумдун этикалык ченемдери эстетикалык боёкко ээ болот.

Антик дүйнөсүндө да таза баалуулуктар теориясы түзүлгөн эмес, Хайдеггердин сөзү менен айтканда, «гректер баалоо тууралуу түшүнүккө ээ болушпаган жана баалуулук түшүнүгүн билишпеген» [114, с. 41]. Бирок грек ойчулдарына Жакшылык түшүнүгүн жашоонун маңызы менен жуурулуштуруу мүнөздүү болгон.

Классикалык грек философиясында, алсак, Платондо, реалдуу жана идеалдуу болмушту чектөө жүрөт, анда баалуулук **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** идеяларынын бийик жүзөгө ашуусу катары идеалдуу объективдүү реалдуулук болуп саналат. «Филеб» диалогунда Платон «бийик жакшылыкты» – «адамдар менен кудайларда эмне кымбат баалуу» [80, с. 83] болсо ошону түзгөн баалуулуктардын биринчи классификациясын жаратат. Дөөлөттөр иерархиясынын баскычтары төмөнкүлөр болушат: жакшылык; «сонундук»; «акыл, акыл-эстүүлүк»; жандын өзүнүн касиеттери – билимдер, көркөм өнөрлөр, «туура пикирлер»; билимдерди жана туюмдарды коштогон «жандын ыракаттануулары»; «ыр түзүлүшү». Коодуктун маңызын Платон «Үлпөттө» баян кылып, аны Сулуулук идеясынын түбөлүктүү, өзгөрүлгүс берилиши катары аныктайт.

Ага Аристотель макул болбойт да, болмуш менен жакшылыктын, болмуш менен кооздуктун теңдештиги зарылдыгын ырастайт. Бирок, акыйкаттыкты жана ал тууралуу пикирди айырмалап, Аристотель кооз болуп көрүнгөндүн жана чын эле кооздун чектерин ажыратат. Сократты ээрчип, Аристотель кооздукту максатка ылайыктуу катары негиздөө позициясынан чыгат: «Кооздукка жана серттикке карата аракеттер өздөрү эмес, алардын түпкү максаты кандай экени жана алар эмненин урматына жасалгандыгы менен айырмаланышат» [9, с. 616]. Ошентип, Аристотель Сулуулук Жакшылыктын же Жыргалчылыктын урматына түзүлөрүн алгачкылардан болуп белгилейт.

Орто кылымдар бир жагынан классикалык антик дөөлөттөрүн кайра баалоону, экинчи жагынан – ченемдик баалуулуктар катары Жараткан идеясында **Акыйкаттык, Жакшылык** жана **Сулуулук** дөөлөттөрүн жуурулуштурган диний аң-сезимдин дөөлөттөрүн орнотууну жүзөгө ашырды. Ушуга байланыштуу **Уятка, Ишенимге, Сүйүүгө, Үмүткө** – антик дүйнө таанымына бейтааныш дөөлөттөргө толгон адамдын ички дүйнөсүнүн баалуулугу өлчөөсүз өсөт. Августин Жаратkandын сулуулугу жөнүндө ички, түбөлүктүү, жүрөк менен таанылуучу сулуулук катары кеп кылат [3, с. 152]. Августин Жараткан идеясын адептик гана эмес, эстетикалык да сонундукка каныктырат: «Жараткан, Менин асемим, ... чебер колдор жандан сулуу жөнүндө билишет, ал эми анын ба-

шаты жандан өөдө турган Сулуулук... усталар жана көркөм буюмдарды сүйүүчүлөр андан заттарды баалоо үчүн чен алышты...» [3, с. 171]. Августин үчүн дөөлөттөр дүйнөсү акыл менен эмес, адамдын эрки жана сүйүүсү менен таанылат.

Кайра жаралуу доорунда реалдуу жана идеалдуу болмуштун дөөлөттөрүн бириктирүү кайрадан жүрөт: тиричиликтик пантеизмдин контекстинде бийик баалуулукка каныктырылат, аны менен бирге пайдалуулук позициясынан баалуу катары каралат. Лоренцо Валла «Акыйкаттык жана жалган жакшылык жөнүндө» диалогунда «Өзүндө чоң пайданы камтыган чоң жакшылыктар кичине жакшылыктардан артык көрүлөт» [122, с. 98] деп көрсөтөт.

Агартуу доорундагы романтизм, тескерисинче аксиологиялык түшүнүктөрдүн этикалык жана эстетикалык угулушун күчөткөн. Агартуу **Акыйкаттык** идеясынын жүзөгө ашуусу катары, эстетикалык тарбиялоо **Сулуулук** идеясынын жүзөгө ашуусу катары агартуучулар тарабынан жеке инсанды жакшыртуу жана жалпы коомду гармониялаштыруу үчүн чакырылган. Мисалы, Антони Эшли Купер Шефстбери үчүн жакшылыктын баалуулугу сулуулук түшүнүгү менен ажырагыс байланышта жана адамдын бактысына кызмат өтөөгө тийиш: «Жакшылыктан башка чыныгы ыракаттануу жок», анан: «сулуулук биздин улуу жакшылыкты түзөт» [120, с. 224-226].

Баалуулук түшүнүгүнүн андан ары өнүгүүсү немец классикалык философиясы менен байланышкан. Алсак, «баалуулук» түшүнүгүн Иммануил Кант тарыхтын философиясынын контекстинде маданият түшүнүгү менен тыгыз байланыштырат, ал «өзү адамдын коомдук баалуулугунда жатат» [58, с. 11]. Кант «ар кандай мүмкүн болчу максаттар үчүн өзүнүн табигый (руханий, жан дүйнө жана дене) күчтөрүн өнүктүрүү (cultura) адамдын өзүнүн алдындагы парзы» [58, с. 384] деп болжойт.

Кийинки доордо Вильгельм Виндельбанд эгер биз **акыйкаттык, жакшылык, сулуулук** – жөн салды сөздөр эмес экенин таанысак, эгер биз биздин билимибиз акыйкаттуу, жосундарыбыз – жакшы, ал эми көркөм өнөрдүн чыгармалары – сонун болууга тийиш экенине макул болсок, анда биз муну менен логикалык, этикалык жана эстетикалык дөөлөттөрдү таанырыбызды баса белгилейт [33, с. 201].

**1.4. Орус илиминдеги аксиологиялык көз караштар.** Орус философиясында аксиологиялык идеялар материалист-демократтардын (В. Белинский, Н. Чернышевский, Н. Добролюбов, Д. Писарев) жана идеалисттердин (Ф. Достоевский, Л. Толстой, Н. Федоров, Н. Бердяев, С. Франк, Н. Лосский, М. Бахтин, П. Сорокин) эмгектеринде өнүктүрүлгөн.

Дөөлөттөрдү теориялык аңдаштыруу Россияда XIX кылымда немец классикалык философиясынын таасири астында болуп өтөт. Кылымдын

ортосундагы орус демократтары эстетикалык баалуулук, баалоо, табит, чыгармачылык, сын, эстетикалык жана сынчыл ишмердүүлүк проблемаларына жогору кызыгуу көрсөтүшөт да, ушул теориялык проблемалардын тереңдетилишине маанилүү салым кошушат. В. Г. Белинский баалуулук деп жашоо менен көркөм өнөрдүн кубулуштарынын «кадыр-баркын», «маанисин» түшүнөт, анын синтетикалык адептик-эстетикалык жана коомдук-тарыхый маанисин баса белгилейт: «Сулуулук адептик артыкчылыктарды көкөлөтөт; бирок аларсыз сулуулук биздин күндө жүрөк менен жан үчүн эмес, көздөр үчүн гана жашайт» [22, с. 163], «жандуу турмуш чындыгында сонундук көп, же, бардык сонундар жандуу турмуш чындыгында гана жатат деп айтканыбыз жакшы» [22, с. 489]. Н. Г. Чернышевский бул ойду өнүктүрүп, аны жөн гана жашоо эмес, «жакшы жашоо», «кандай болууга тийиш болсо ошондой жашоо» [118, с. 59] сонун деп тактайт. Анын пикири боюнча, жашоо менен көркөм өнөрдүн маанилүүлүгү алар адамга жана адамзатка эмне апкелишкени менен байланышта аныкталат. Д. И. Писарев «баалуулуктарды кайра баалоону» жактап, баарыдан мурда эстетикалык дөөлөттөрдү сындоого аракет кылат, мында адам, эркиндик, жаңылык дөөлөттөрүнүн таламын талашат, бирок жалпысынан анын ойлору утилитардык мүнөзгө ээ болот.

Адам, эркин тандоо, чыгармачылык, сүрөткер дөөлөттөрү кийинки орус философиялык оюнда Ф. М. Достоевскийден П. А. Сорокинге чейин аксиологиялык проблемаларды талкуулоодогу башкы маселелер болуп калышат.

Сулуулук дөөлөт катары Ф. М. Достоевскийдин чыгармачылыгында борбордук темалардын бирине айланат. Достоевскийдин ою боюнча бийик сулуулук «жакшы сулуулук», «оң сонундук» [50, с. 251] болуп саналат. Ал сулуулукту адамзатка бийик кубанычка батуу жана сүйүү аркылуу кутулуу үчүн берилген кудайлык эрктин чыныгы жаралгасы деп түшүнөт.

Н. А. Бердяев минтип жазат: «Баалуулук жөнүндө сөздөр менен эч нерсе айтууга болбойт, баалуулук жөнүндө окуу болушу мүмкүн эмес, анткени баалуулук пикирден мурда болууга, пикирге көз каранды болбоого, аны аныктоого тийиш» [23, с. 85]. Ал дөөлөттөрдүн турмуштук табиятка ээ экенин айтат: «Таза онтологизм дөөлөттү болмушка багынтат. Башкача айтканда, болмушту дөөлөттүн, акыйкаттыктын, жакшылыктын, сулуулуктун чен-өлчөмү деп эсептөөгө аргасызмын. Болмуш, болмуштуулук акыйкаттык, жакшылык, сулуулуктун өзү. **Акыйкаттыктын, жакшылыктын, сулуулуктун** жападан жалгыз маңызы, ал – болмуш экенинде» [25, с. 452-453.]. Чыгармачылыкты Бердяев адамзатты өркүндөтүүнүн жетектөөчү багыттары – **акыйкаттык, жакшылык, сулуулук, эркиндик, сүйүү** менен бир дөөлөттүк баскычка чыгарат.

Н. О. Лосскийдин философиялык изденүүлөрүн аксиологиялык багытталгандык айырмалап турат. Ал орус диний философиясынын салтын улантат да, бийик дөөлөт деп **Кудайдагы Акыйкаттыктын, Жакшылыктын жана Сулуулуктун үчтүгүнүн жүзөгө ашырылуусу** катары болмуштун абсолюттук толуктугун бекемдейт. Абсолюттук дөөлөт деп ал «өзү өзүндө шексиз акталган» [70, с. 287] баалуулукту атайт.

П. А. Сорокин болсо көркөм дөөлөттөрдү социалдык, б.а. коомдук дөөлөттөр катары карайт. Анын пикиринде, «...статуя Венеры Милосской суть явление социальной категории не потому, что мрамор принял определенную форму, картина Рафаэля становится художественной ценностью не благодаря соединению холста и красок – все они суть "социальные ценности" лишь благодаря тому, что объективируют собой субъективную психику: определенные чувства, мысли, переживания, настроения и т.д.» [94, с. 39.]. Коомдук-маданий турмуштун бардык маанилик дөөлөттөрүнүн ичинен П. А. Сорокин бийик интегралдуу дөөлөттү – **Акыйкаттыктын, Жакшылыктын жана Сулуулуктун** көзгө көрүнбөс биримдигин бөлүп көрсөтөт (албетте, ал бул пикирин айтууда орус диний-философиялык акыл оюна, анын ичинде жогоруда сөз болгон Н. Бердяевге, Н. Лосскийге таянат). Биз дал ушул биримдикти XX кылымдагы кыргыз адабиятынын үлгүлөрүн дөөлөттүк аспектиде баалоодо, изилдөөдө омоктуу негиз, өрнөк катары алууну сунуштайбыз.

Кийинки окумуштууларга келсек, Л. Н. Столович «баалуулук» түшүнүгүнүн негизин **акыйкаттык, сулуулук жана жакшылык** түзөөрүн айтат да, «жакшылык бул – адептик баалуулук, сулуулук – эстетикалык баалуулук, акыйкаттык – таанымдык баалуулук» [97, с. 6] болорун баса көрсөтөт. Г. П. Выжлецов «Аксиология культуры» аттуу китебинде маданиятты дөөлөттүк аңдап-түшүнүү концепциясын астыга коёт. Ал «баалуулук адамдардын ортосундагы субъект-субъектилик мамилелердин көрүнүшү жана ишке ашуусу» [37, с. 62] деп эсептейт. В. П. Большаков «Эстетикалык (көркөмдүк дагы) дөөлөттөр өтө өзүнчөлүктүү жана алар маданияттын башка баалуулуктары менен байланышкан» [27, с. 44] деген оюн айтат. В. А. Коваленко «Дүйнөдөгү азыркы руханий кырдаал адамдын чыгармачылык умтулуулары менен жетишкендиктеринин маанилүүлүгү (баалуулугу) проблемасына өзгөчө курчуган кызыгуу менен белгиленген» [60, с. 4] дейт. Ал эми Е. В. Попова «Бүгүнкү күндө философиялык баалуулук теориясына таянып, **адабий чыгармачылыкты изилдөөдөгү баалуулуктук мамилени теориялык негиздөө** абадай зарыл» [81, с. 5] деген тыянакка келет. Ошентип, азыр адабият таанууда адамдын чыгармачыл ишмердүүлүгүндөгү баалуулук же дөөлөт проблемасын изилдөө актуалдуу экени шексиз.

Айкын болгондой, аксиология илимий тармак катары XX кылымда гана чындап түптөлсө да, адам баласы эзелтен бери эле өз колунан бүткөн көркөм чыгармаларга дөөлөттүк мамиле жасап келген. Мына ушул фактыны билүү учурда кыргыз адабият таануусунда аксиологиялык пландагы изилдөөлөрдү жүргүзүү абадай зарыл экендигин тастыктайт.

Жогорудагы кыскача талдоо көркөм дөөлөттөр проблемасын изилдөөгө карата биз карманган баалуулуктук мамилени колдонуунун адилеттүүлүгү жана негиздүүлүгү жөнүндө тыянак жасоого мүмкүндүк берет. Ушуга байланыштуу көркөм дөөлөттөрдү, б.а. көркөм өнөрдө түзүлгөн баалуулуктарды же көркөм өнөрдүн чыгармаларын, анын ичинде XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы, аксиологиялык иликтөө учур талабы болуп турганын баамдоо анчалык деле кыйынчылык туудурбайт. Албетте, бул параграфта философиялык ой жорууларга ашыкча кызыгуу орун алгандай көрүнөт. Бирок бул бизге илимдеги дөөлөттөр проблемасынын төркүнүн кеңири чагылтуу үчүн керек болду.

# 2. ДӨӨЛӨТ ЖАНА КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТ ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**2.1. Дөөлөт же баалуулук түшүнүгүнүн илимий-теориялык негизи.** Кыргыз адабият таануусунда XX кылымдын 80-жж. тарта көркөмдүк-эстетикалык сапаты жогору адабий туундуларга карата **дөөлөт, нарк, кенч, байлык, баалуулук, мурас, дүйнө** деген сөздөр катарлаш колдонулуп келатат. Социалдык-гуманитардык илимдерде болсо көбүнчө баалуулук (ценность) сөзү басымдуу урунулат.

Маалыматтамалык мүнөздөгү эмгектерден баалуулуктун негизги үч аныктамасын бөлүп көрсөтүүгө болот:

**1. Баалуулук** – бул адамдардын сезимдери баарынан жогору туруучу жана ага умтулууга, абай салууга, сыйлап, таанып, урматтап мамиле кылууга болуучу нерсе [109, с. 507];

**2. Баалуулук** – адам, социалдык топ жана жалпысынан алганда коом үчүн айлана-чөйрөдөгү объектинин (жаратылыш, коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жакшылык жана кара санатайлык, сылыктык жана оройлук, сулуулук жана көрксүздүк ж.б.) оң жана терс мааниси [66, 663-б.];

**3. БААЛУУЛУК** – инсандын бүткүл интенциялык түзүмүнүн көбүрөөк түпкүрлүк катмарынын вербалдашпаган, «атомардуу» түзүүчүлөрүн эң жалпы түрдө – анын умтулууларынын предметтеринин (келер чак аспекти), өзгөчө толгонуунун-ээ болуунун (учур чак аспекти) жана өз «энчисин» жүрөктүн капкасында сактоонун (өткөн чак аспекти) биримдигинде туюнтуучу философиянын негизги түшүнүктүк универсалийлеринин бири, – алар анын ички дүйнөсүн «уникалдуу-субъективдүү барлык» катары конституциялашат» [79, с. 320-321].

Аныктамалардан байкалгандай, дөөлөттөрдү адам баалайт жана ажырымдайт. Ошентип, «баалуулук» түшүнүгү учкан куштай учкул мезгилдин бардык кырларын кучагына алат, «баалуулук» келер чакта да, учур чакта да, өткөн чакта да орун алат жана жашоо кечирет.

Чынында көркөм чыгармаларда деле каармандардын тиричилигинде, жан дүйнөсүндө ушул аталган үч чак терең байланышкан учурлар арбын кездешет. Анан калса адамзаттын тарыхында жаратылган дээрлик бардык көркөм-адабий чыгармаларда сөзсүз түрдө ар кыл дөөлөттөр камтылып, дөөлөттүк мазмундагы ой толгоолор жасалат. Бул байыркы антик дүйнөсүндө, Орто кылымдарда, Кайра жаралуу жана Агартуу доорлорунда, XVII-XX кылымдарда түзүлгөн, керек болсо азыркы XXI кылымда түзүлүп жаткан көркөм-эстетикалык туундуларга бирдей мүнөздүү. Кайсыл гана мезгилдин болбосун көркөм-адабий чы-

гармасында ошол өз доорунун руханий-материалдык, моралдык-этикалык дөөлөттөрү чагылтылат.

Баалуулуктар теориясы философиялык билимдин өзүнчө бир тармагы катары XIX кылымдын экинчи жарымында түптөлгөн деген пикир калыптанган. Анткени «чынында да ошол мезгилде «баалуулуктар философиясы» деп аталган, кийин «аксиология» (ἀξία – баалуулук жана λογοζ – сөз, окуу грек сөздөрүнөн алынган) деп аталып калган кубулуш пайда болгон» [97, с. 8]. Бирок адамзаттын көркөм дөөлөттөргө карата дөөлөттүк мамилеси жана аны теориялык аңдап-түшүнүү аракети, б.а. иликтөө, изилдөө процесстери бул кылымдан алда канча мурда эле жаралганын белгилей кеткенибиз орундуу. Эбактан бери эле кандай гана элдин тилинде болбосун «баалуулук» же «дөөлөт» түшүнүгүн мүнөздөгөн сөздөр жашап келген. Себеби, адам өз турмушунда ар бир кубулушка, затка, окуяга, ишке баа берүүнү илгертен адатка айландырган. Бул көркөм адабияттын туундуларына да тиешелүү. Чынында да алардын ар биринин өз баасы, наркы, куну бар. Ошол себептен, социалдык-гуманитардык илимдерде «баалуулук» категориясына карата ондогон, жүздөгөн өтө ар кыл аныктамалар берилет. Биз ар кыл окумуштуулар тарабынан «баалуулук» категориясына берилген бир катар аныктамаларды ишибиздин соңунда өзүнчө тиркеме түрүндө берүүнү чечтик **(1-ТИРКЕМЕ)**. Ал тиркемеде Н. Г. Багдасарьяндын [64, с. 123], В. П. Большаковдун [101, с. 32], Ю. Б. Боревдин [29, с. 35], А. А. Брудныйдын [30, с. 168], В. А. Василенконун [85, с. 45], Д. фон Гильдебранддын [40, с. 45], В. Н. Гончаровдун [41, с. 13-19], А. В. Гулыганын [43, с. 63], П. С. Гуревичтин [44, с. 231], И. И. Докучаевдин [49, с. 21], О. Г. Дробницкийдин [85, с. 33], Д. Жюлианын [52, с. 495], А. А. Ивиндин [56, с. 329], А. И. Кравченконун [62, с. 105], Н. О. Лосскийдин [69, с. 5], Я. Мукаржовскийдин [74, с. 176], Н. С. Розовдун [86, с. 95], В. П. Тугариновдун [104, с. 10], Ю. М. Федоровдун [108, с. 146], В. Франклдын [111, с. 288], Б. А. Чагиндин [85, с. 7] баалуулук категориясына берген аныктамалары камтылды.

Ошентип, биз аталган тиркемеде баалуулук же дөөлөт түшүнүгүнүн бир канча аныктамаларын келтирдик. Мындан көрүнүп тургандай, баалуулукка карата окумуштуулардын мамилеси өзгөчө айкын көп түрдүүлүгү, карама-каршылыктуулугу менен айырмаланат. Ага көптөгөн изилдөөчүлөр көңүл бурушкан. Кээ бир илимпоздор баалуулук категориясына конкреттүү, так, аягына чыгаруучу аныктама дегеле беришпейт. Бул баалуулуктун же дөөлөттүн өтө татаал, көп учурда карама-каршылыктуу табияты менен шартталган. Кандай болгон күнү да баалуулук коомдо мааниге ээ болуп турат. Ошол себептен, жалпылаштыра «маанинин жогору деңгээли – баалуулук» [30, с. 150] деп белгилешет.

Дөөлөттөрдүн табиятына тийиштүү дагы бир өзгөчөлүк – алар коомдун же жеке адамдын кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн канааттандырууга кызмат кылышат. Муну адабият таанууга байланыштырсак, кайсы гана мезгилдин болбосун адабий-көркөм туундулары өз боюнда ошол өзү тийиштүү болгон доордун таанымдык, адептик жана эстетикалык дөөлөттөрүн камтышары ачык-айкын. Артыкча көркөм адабиятта адамзатка тийиштүү баалуулуктар ар кыл аспекттерде чагылтылган. Окумуштуулардын айтымында, «Текст маданияттын баалуулуктарын адамдан адамга жана муундан муунга өткөрүүгө жөндөмдүү» [30, с. 150]. Бул жерде көркөм текст, же көркөм адабий чыгарма эске алынып жатат. Демек, көркөм адабияттагы адам баалуулуктарынын тутумун изилдөө, же көркөм адабияттын дөөлөттүк маңызын ачуу азыр адабият таануунун астында турган орчун милдеттердин бири.

**2.2. Көркөм дөөлөт түшүнүгүнүн илимий-теориялык негизи.** Дөөлөттөрдүн эң жөнөкөй классификациясы аларды шарттуу түрдө материалдык жана руханий дөөлөттөр деп ажыратат. Руханий дөөлөттөр маданияттын баалуулуктары, б.а. «чыгармачылык туудурган баалуулуктар» [24, с. 164] болушат. Ал эми чыгармачылык туудурган дөөлөттөрдүн курамында көркөм-адабий чыгармалар да турушат. Ошентип, «баалуулук» категориясы адабий процессти, андагы көркөм-адабий жаралгаларды, анын ичинде кыргыз элиникин дагы, аксиологиялык өңүттө изилдөөнүн өзүнчөлүктүү жана маанилүү өбөлгөсү болуп саналат.

Адабий кубулуштарды иликтөөнүн башка бир мындан кем эмес маанилүү аспекти – бул көркөм сөз өнөрүнүн туундуларынын көркөмдүк баалуулугун, же көркөм дөөлөттүк табиятын аныктоо. Бул милдетти жүзөгө ашыруу изилдөөчүлөрдөн зарыл теориялык-методологиялык даярдыкты талап кылат. Нукура көркөм дөөлөттү аныктоо үчүн изилдөөчүгө адабият теориясы, культурология, психология, социология, философия, эстетика, этика ж.б. өңдүү бир катар илимий дисциплиналар боюнча ар тараптуу, терең билимдер менен билгичтиктер керектелет. Мунун өзү адабият таануучулук изилдөөнүн илимдин түрдүү тармактарынын методологиясын жуурулуштура колдонуусун шарттайт.

Оюбуз ачык көрүнсүн үчүн көркөм дөөлөт түшүнүгүнүн илимий аныктамасына токтололу. «**КӨРКӨМ БААЛУУЛУК** – көркөм өнөрдүн арналышын мүнөздөөчү жана кийинки он жылдыктарда гуманитардык илимдер менен философиянын аксиологияга (грек. axios – баалуулук жана logos – сөз, түшүнүк) активдүү жана максатка умтулган кайрылуусунун аркасында жогору кызыгуу туудуруучу түшүнүк. …Көркөм өнөр чыгармасына карата аксиологиялык мамиле салттуу кароодо көлөкөдө калуучу же болбосо такыр эле көңүлгө алынбоочу ага таандык белгилер менен касиеттерди айкындайт: формасы, гармониялуу тең өлчөмдүүлүгү,

бүткөндүгү менен эстетикалык канааттануу сезимин жаратуу жөндөмдүүлүгү. Көркөм жаралгалар ошол эле убакта эстетикалыктан тыш феномендерге таандык жана керек болсо баш ийген болот. …Көркөм өнөрдүн маңызы – көркөмдүүнү таанымдык, адептик, философиялык, диний баалуулуктар менен коштоодо» [68, с. 1183]. Башка бир илимий булакта ал туурасында минтип айтылат: «Ценность культуры – особая объективная положительная значимость чего-либо (кого-либо) в духовной жизни конкретного человека, социальной группы, общества, воплощаемая в разнообразных носителях значимостей и выражаемая в знаках и знаковых системах данной культуры» [101, с. 362]. Б.а. маданияттын баалуулугу адам турмушунда оң мааниге ээ болот. Ошентип, көркөм дөөлөт формасы, мазмуну боюнча кынтыксыз курулуусу, ага кайрылган инсанга эстетикалык ыракат тартуулоосу абзел. Анын мазмуну сөзсүз түрдө таанымдык, адептик, эстетикалык ж.б. дөөлөттөргө ширелүүсү кажет. Анан ал милдеттүү түрдө өзү жаратылган маданияттын белгилери жана белгилик тутумдары аркылуу берилиши шарт. Ар бир көркөм дөөлөт сөзсүз кайсы бир өзүнчөлүктүү маданиятка таандык. Демек, кыргыз адабиятынын көркөм туундулары узун тарыхка ээ кыргыз маданиятынын бир бөлүгү болуп саналат.

Ойчулдардын пикирлерине кайрылсак, алар деле негизинен көркөм дөөлөттөрдү «руханий дөөлөт» жана «эстетикалык дөөлөт» катары таанышат. Алсак, Н. Гартман төмөнкүчө ой жүгүртөт: «Что, собственно, мы называем "духовной ценностью"? Очевидно, она не означает, что только нечто духовное может иметь эстетическую ценность; это относится лишь к произведениям искусства, поскольку они являются "объективированным духом"; все остальное прекрасное, существующее на земле, сюда не относится» [38, с. 445]. Анын ою боюнча, көркөм өнөр чыгармалары гана көркөм дөөлөттүк касиет-сапатка ээ боло алышат. Окумуштуу аларга карата «руханий дөөлөт» аталышын колдонгону менен, биз ал өз оюнда көркөм дөөлөттү эске алганын сопсонун түшүнүп турабыз.

Башка бир окумуштуу, Я. Мукаржовский, көркөм дөөлөткө карата момундай пикирин билдирет: «Эстетическая ценность, таким образом, предстает перед нами как процесс, определяемый, с одной стороны, имманентным развитием самой художественной структуры (ср. актуальную традицию, на фоне которой оценивается каждое произведение), с другой – движением и сдвигами в структуре общественного бытия» [74, с. 95]. Демек, көркөм дөөлөттүн жаралуусуна коомдо жүргөн тарыхый-маданий, социалдык-саясий ж.б. өзгөрүүлөр, коомдогу чайпалуулар, б.а. коомдук өнүгүүнүн объективдүү мүнөзү өзү өбөлгө түзөт. Ошонун натыйжасында көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер адабий туундулар түзүлөт.

Орус адабиятчысы Л. Ю. Фуксондун пикиринде: «понятие «ценность» может употребляться по отношению к литературному произведению в следующих смыслах: 1) оценка **образа** жизни, ценность творчества (точка зрения критика); 2) оценка **жизни** (изнутри самой жизни) – точка зрения персонажа; 3) **образ жизни как её оценка**, ценность творения (точка зрения автора либо читателя)» [113, с. 155-156]. Муну чечмелей кетсек, чыныгы көркөм дөөлөткө карата баа бардык тараптардыкы өз ара алака-катышта, бири бирин маанилик толуктоодо жүзөгө ашуусу кажет. Б.а., автор, кейипкер жана окурман (сынчы кошо) чыгармада тартылган турмуш чындыгына – **жашоого**, **жашоо мүнөзүнө** жана **анын бааланышына** карата бир пикирде болуусу керек. Дал ушундай пикирлер биримдигин туудурган адабий чыгарма гана көркөм дөөлөт боло алат.

Белгилүү адабият теоретиги В. Е. Хализевдин айтымында: «Көркөм чыгармалар аларда чагылтылган реалдуулук тууралуу, ошондой эле ага таандык көз караштары жана туюмдары, адептик касиеттери, адашуулары жана чектелгендиги, ыраатсыздыгы жана олку-солкулуктары ж.б.у.с. менен индивид катары автор тууралуу күбөлүктөр экени менен баалуу» [115, с. 100]. Окумуштуунун түпкү оюу айдан ачык, өзгөчө дөөлөттүк касиет-сапатка эгедер болушкан көркөм-адабий туундуларда, сөзсүз түрдө өз доорунун турмуш чындыгынын, ошондой эле өз алдынча индивид катары чыгарманын авторунун акыл маанайларынын, көз караштарынын өзгөчөлүктөрү чагылтылууга тийиш. Ошондо гана алар көркөм дөөлөттүк сапатка жете алышат. Дагы бир орус окумуштуусу А. Г. Харчев төмөнкүчө ой жоруусун ортого салат: «Эгер көркөм өнөрдүн чыгармалары эстетикалык баалуулукка ээ болушпаса, анда алар эч кандай башка баалуулукка ээ болушпайт» [85, с. 97]. Аныгы дал ушундай – көркөм чыгармалар эстетикалык дөөлөт катары нарккунарга, сапаттарга ээ болуусу абзел. Ансыз аларды көркөм туунду катары эсептөөгө дегеле болбойт. «Руханий дөөлөттөр – бул коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн руханий чөйрөсүнүн объектилери жана натыйжалары катары чыгышуучу ушундай бир дөөлөттөр», [42, с. 2336-2339] - дешет В. Н. Гончаров менен Н. А. Попова. Ооба, бул айтылганга толугу менен кошулууга болот – руханий же эстетикалык дөөлөттөр коомдук ишмердүүлүктүн маданий тармагында гана жаратылат, мейли ал көркөм-адабий туунду болобу, же көркөм сүрөт өнөрүнүн жаралгасы болобу?! Алар кабыл алуучуларда милдеттүү түрдө кандайдыр бир сезим-туюмдарды, таасирлерди туудурушат. Бул жагдай болсо көркөм дөөлөттөрдө психологиялык өңүттөгү да белгилер камтылганын күбөлөндүрөт. Атактуу психолог Л. С. Выготскийдин айтымында: «Ар кандай көркөм чыгарма – тамсил, новелла, трагедия – сөзсүз өзүндө аффективдүү карама-каршылыкты камтыйт, өз ара карама-каршы сезим-

дер катарын жаратат да, алардын чукул туюкталуусуна жана жок кылынуусуна алып келет. Мына ушуну көркөм чыгарманын чыныгы майнабы деп атоого болот» [36, с. 274]. Туура, көркөм дөөлөттү – ал көркөм өнөрдүн кайсы түрүнө, кайсы жанрына таандык болсо да – ар бир реципиент өз бетинче кабыл алат. Алардын кабыл алуусунда карама-каршылыктар сөзсүз жашайт. Ошондой эле кандай гана адабий чыгарма болбосун, окурманда карама-каршы сезимдерди пайда кылат. Антпесе анын көркөм туунду болгону кайсы?

Ошентип, **көркөм же маданий, же эстетикалык дөөлөт** – аны кандай гана атабайлык, кайдыгерликтен, кокустуктан, ыраатсыздыктан алыс туруп, жылаңач факт катары каралбастан, белгилүү бир баалоо баскычтарынан өтүп, жогоруга, бийиктикке чыгууга умтулат. Белгилүү француз адабиятчы-окумуштуусу А. Компаньондун пикиринде: «Мезгил сыноосунан өткөн чыгарма, узак жашоого татыктуу да, анын келечеги камсыздалган. Биз жеңил ийгилик үчүн публикага көшөкөрлөнгөн (Яусс көңүл ачуучу-керектөөчү деп атаган) чыгармалардын баасын түшүрүүчү, жана тескерисинче, алгачкы учурда публиканы өзүнүн оордугу менен оолак түртүүчү чыгарманы жогору баалоочу жана ыйыктантуучу мезгилге ишене алабыз» [61, с. 292]. Чыныгы көркөм дөөлөттүн нукура баркы-баасы мезгил сынынан тайгылбай өтүү аркылуу гана аныкталат. Кыргыз адабиятчысы, филология илимдеринин доктору, профессор А. Садыков дагы ушул ойду бекемдеп өтөт: «Мурас деген эмне? Ал – бир коомдук формациядан экинчиге өтүп, өзүнүн маанисин жоготпогон баалуулуктар («ценность»). Биз турмуштун бардык тарабынан өткөн мезгилден жаңы доорго көчүп, өзүнүн жашоосун улантып келе жаткан жалпысынан «мурас» деп аталган баалуулуктар менен кездешпей койбойбуз. Ошонун бирөө рухий сфера, б.а. көркөм дөөлөттөр» [89, 14-б.]. Анан да мындай чыгармаларда адам «эстетикалык көрүүнүн дөөлөттүк чордону» [20, с. 56] болууга тийиш.

Биздин оюбузча, «көркөм дөөлөт» деп көркөм өнөрдүн, анын ичинде көркөм адабияттын, мезгил сыноосунан татыктуу өтө алган, түбөлүк болбосо да, салыштырмалуу узак жашоо кечире алган чыгармаларын атоо илимде кабыл алынып калган. Анан калса, адабий чыгармалардын көркөм дөөлөттүк табиятын аныктоо – татаал жана оор жумуш. Ал реципиенттердин, биздин учурда окурмандардын (анын ичинде – адабиятчылардын) табитинин өзгөрмөлүүлүгүнөн улам да оорлошуп кетет. Бирок баары бир дөөлөттүк негизде адабият таануучулук изилдөө жүргүзүүгө аракет жасоо жана аны ишке ашыруу зарыл.

Жыйынтыктай келип, бүгүн кыргыз адабият таануусуна аксиологиялык өңүттөгү изилдөөлөр зарыл, анткени адабий процессти дөөлөттүк негизде иликтөөнүн жардамы менен биз XX кылымдагы адабий

мурасыбызга жаңыча көз жүгүртө, жаңыча талдай, жаңыча баалай алабыз деп айтууга болот. Бул үчүн бардык өбөлгөлөр колдо бар, ала турган болсок, баалуулуктар теориясы, аксиология илимий тармактары иштелип чыккан, аксиологиялык негизде көп сандаган социалдык-гуманитардык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Көңүл бурууга арзуучу маанилүү жагдай, кыргыздын илимге талаптанган жаштарынын ичинен азырынча эч ким бул ишти колго ала элек, – XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын туундуларын дөөлөттүк чагылтууну баштай элек. Бул жаатта жол баштоочу болуп калууга толук мүмкүнчүлүк бар.

## 3. НЕГИЗГИ АДАБИЯТ ТААНУУЧУЛУК ТҮШҮНҮКТӨРДҮН АКСИОЛОГИЯЛЫК МААНИ-МАЗМУНУ

Албетте, адабият таануучулук түшүнүктөрдүн аксиологиялык маанисин чечмелеп алмайынча көркөм чыгармалардын дөөлөттүк касиет-сапаттары туурасында олуттуу сөз кыла албайбыз. Көркөм адабият (музыка, сүрөт өнөрү ж.б. менен катар) көркөм өнөрдүн бир түрү. «Көркөм өнөр» («искусство») сөзү көп маанилүү, биз анын көркөм ишмердүүлүк катары маанисин жана анын натыйжасын (көркөм чыгарманы) эске алып жатабыз. Көркөм өнөр көркөм чыгармачылык катары кеңири маанидеги өнөрдөн (билгичтик, чеберчилик, усталык өңдүү) чеги ажыралып турат. Муну ойчулдар XVIII–XIX кк. эле ишке ашырышкан. Алсак, Георг Вильгельм Фридрих Гегель «чебер жасалган буюмдар» менен «көркөм өнөрдүн чыгармаларынын» ортосунда принциптүү айырма барын белгилеген [39, с. 51].

Чыгармачылыктын көркөмдүүлүгүн илимий аныктоо олуттуу кыйынчылыктарга ээ. Ал тууралуу жыйынтыктоочу пикирлер баарын камтыган толуктукка ээ эмес. Көркөм өнөрдүн теориясында бир жактуу ачык-айкындыкка караганда талаштуунун көптүгү, адамзат көркөм ишмердүүлүктү кандай түшүнүү керектиги боюнча «келише албаганы» тууралуу нечен айтылган. Көркөм өнөр көп учурда кандайдыр бир жалгыз белгиси боюнча аныкталат (эстетикалык кубулуш; таанымдык ишмердүүлүк; автордун туруму менен дүйнөгө мамилесинин ишке ашырылышы; инсан аралык баарлашуу; оюндун өзгөчө формасы; образдарды түзүү; белгилерди колдонуу, б.а. семиотикалык феномен). Башка учурларда ал көп пландуу, полифункциялуу, касиеттер менен белгилердин комплексине ээ кубулуш катары мүнөздөлөт. Акырында, көркөм өнөрдү илимий аныктоонун бирдиктүү теориясы болушу түпкүлүгүндө мүмкүн эмес, анткени көркөм чыгармачылык тарыхый жактан ар башка сапаттуу жана аны түшүнүү [31; 83; 115; 116] ошол өлкө менен ошол доордун өкүлдөрү катары окумуштуулардын табиттери менен кызыгууларынан көз каранды [45; 107] деген да түшүнүк жашайт.

Муну менен бирге көркөм өнөрдүн теориясында талашсыз учурлар – өзүнчө бүткөн бир аксиомалар да бар. Баарынан мурда, көркөм өнөр чыгармачылык (жаратуучулук) мүнөзгө ээ. Чыгармачылык – бул адамдардын жана алардын топторунун колдо бар **дөөлөттөрдү** (маданий жана табигый) сактоонун жана чыңдоонун, эң башкысы – аларды байытуунун урматына демилгеленген, рухандаштырылган ишмердүүлүгү. Чыгармачылыктын дүйнөсү бай жана көп пландуу. Көркөм өнөрдү көркөм чыгармачылык деп атоо кокусунан болгон эмес. Көркөм өнөрдө, анын ичинде көркөм адабиятта жаратылган туундулар шексиз баа-

луулук касиетине ээ болушат. Андыктан көркөм адабияттын үлгүлөрү дөөлөттүк мамиледен туруп талданылууга тийиш.

Классикалык эстетикага жана азыркы көркөм өнөр теоретиктеринин аксиологиялык багыттагы эмгектерине таянып, биз көркөм чыгармачылыктын үч эң маанилүү жана табигый өз ара байланышкан аспектилерин бөлүп көрсөтөбүз: эстетикалык, таанымдык жана дүйнөгө байкоо жүргүзүүчүлүк (тагыраагы – автордук субъективдүүлүк аспектиси). Эстетикалык аспектиден алып карасак, көркөм өнөр эстетикалык дөөлөттөрдү түзүү катары чыгат. Адабиятчы В. Е. Хализевдин ою боюнча «Көркөм өнөр – бул баарыдан мурда эстетикалык кубулуш. Анын аймагы – адамдын чыгармачыл күч-аракетинен жаратылган, эстетикалык кабыл алууга арналган чыгармалар» [115, с. 16]. Ошентип, эстетикалык дөөлөттөр (көркөм чыгармалар) түзүлгөн соң, демек, алар аксиологиялык аспекттен, б.а. дөөлөттүк мазмуну ачылып каралып-талданууга тийиш. Бул учурда маанилүү адабият таануучулук түшүнүктөр, мисалы, **автор, чыгарма, персонаж, окурман, идеал, катарсис, эстетикалык, көркөмдүк, кооздук (сонундук), бийиктик, пастык, трагедиялуулук, комедиялуулук, сулуулук, серттик** өңдүү категориялар, сөз-сүз, баалоочулук касиетке ээ болгондуктан, аксиологиялык мааниси ачылып чыга келет.

Байыркы грек акылманы Аристотелдин адабият таануу илиминин башаты катары эсептелген «Об искусстве поэзии» («Поэтика»)[6] аттуу эмгегинде мындай делет: «Поэзия, смотря по личным особенностям характера [поэтов], распалась на разные отделы: именно поэты более серьезные воспроизводили прекрасные деяния, притом подобных им же людей, а более легкомысленные изображали действия людей негодных, сочиняя сперва насмешливые песни, как другие сочиняли гимны и хвалебные песни» [8, с. 49-50]. Мында көркөм чыгармачылыктын мүнөзүн баалоо аракети берилген. Залкар ойчулдун пикиринде олуттуу чыгармачыл инсандар мыкты иш-аракеттерди, ал эми болумсуз адамдар болор-болбос жорук-жосундарды чыгармачылыктын бутасына айлантышат. Бул жерде бизге айкын болгон нерсе – автор жашоодо тутунган дөөлөттөр кандай болсо, анын чыгармасынын мазмуну да ошондой болот деген түшүнүк. Б.а., ою терең, адамгерчилиги бийик сүрөткерлер түбөлүктүү темалардын тегерегинде ой калчап, чыгарма жаратышат, ал эми акыл көрөңгөсү тайыз, адамгерчилиги да бөксө калемгерлер күнүмдүк темалардын тегерегинде гана иштешет. Ошентип, эң биринчи иретте **көркөм чыгармачылыктын** өзү терең аксиологиялык мазмунга ээ.

[6] Аристотелдин 1957-жылы Москвада басылган эмгеги «Об искусстве поэзии» деп аталат, «Поэтика» болсо кошумча аталышы.

XVII кылымда жашап өткөн француз классицизминин теоретиги Никола Буало-Депрео өзүнүн «Поэтическое искусство» аттуу ыр менен жазылган теориялык трактатында мындай деп жар салат:

Пускай ваш труд хранит печать души прекрасной,
Порочным помыслам и грязи непричастной:
Сурового суда заслуживает тот,
Кто нравственность и честь постыдно предает,
Рисуя нам разврат заманчивым и милым [31, с. 100].

Бул текстте жалпы көркөм өнөр ишмерлерине, калемгерлерге баалуулуктук позицияда осуят айтылат. Ал чыгармаңар бузукулук менен ыпластыктан оолак болсун, сонундукту бийик жар салсын деген пикирин билдирип жатат. Адеп менен ар-намыстан куру калгандар, бузукулукту жар салууга кызыккандар катуу айыпталарын эскертет. Демек, кайсы гана заманда болбосун, кандай гана чыгармада болбосун, алдыңкы орунда адам баласына таандык оң дөөлөттөр туруусу кажет. Ошондо гана көркөм адабияттын туундусу түбөлүктүү жашоого багыт алып, ал **көркөм дөөлөткө** айланат.

**3.1. Автор түшүнүгүнүн аксиологиялык мааниси.** Автор – көркөм чыгарманын жаратуучусу. Бул түшүнүк «Литературный энциклопедический словарда» мындайча аныкталат: «**Автор** (лат. auctor – себепкер, негиздөөчү, чыгаруучу) филологиялык категория катары – адабий чыгарманын дүйнөсүнө өзүнүн персоналдуу мөөрүн басуучу анын түзүүчүсү» [67, с. 13]. Көрүнүп тургандай, автор чыгармага өз мөөрүн басат. Анын мөөрү – бул ал тутунган баалуулуктар. Кандай гана көркөм чыгармада болбосун, анын авторунун аң-сезими, жан дүйнөсү, толгонуулары чагылат. Кай бирлер тирүүсүндө атак-даңкка ээ болууга умтулат. Башкалар болсо өз чыгармасынын түбөлүгү түз болушуна кам көрүшөт. Кыргыздын залкар окумуштуулары К. Асаналиев жана Р. Кыдырбаева көркөм чыгармачылыктагы бул кубулуш тууралуу мындай дешет: «Жазуучу өзүнүн жеке турмушунда коомдук-социалдык турмуштан сырткары турушу мүмкүн, бирок ал кандай болсо да өзүнүн чыгармачылыгы менен адам тагдырына, демек коомдун тагдырына, түздөн-түз кийлигишпей койбойт. Мына ушул жагдайдан алып караганда эле автордун искусство алдындагы жоопкерчилиги адам алдындагы, коом алдындагы жоопкерчиликке түздөн-түз барып такалат» [65, 37-б.]. Демек, автор категориясы терең аксиологиялык мазмунга ээ. Белгилей кетүүчү маанилүү жагдай – автор өз чыгармасында турмуш чындыгын чагылтып эле койбой, аны жан дүйнөсүнөн өткөрүп баалаганы. Турмушту жана анын кубулуштарын баалоо ар бир автордун дараметине, интеллектине, тажрыйбасына жараша ишке ашат. Натыйжада чыгармада анын инсандык жүзү ачылат, б.а. автопортрети тартылат десек да болот.

XX кылымдын экинчи жарымында автор категориясына карата кескин өкүм чыгарылган. Алсак, француз окумуштуусу Ролан Барт автордун өлүмү тууралуу жарыялаган. Анын пикиринде көркөм текст субъекттен тыш, б.а. автордон тыш түзүм. Тексттин тескөөчүсү – бул окурман. Ушул жүйөөнү карманып Р. Барт минтип айтат: «…окурмандын туулушун Автордун өлүмү менен төлөөгө туура келет» [18, с. 391]. Бул пикир боюнча автор чыгарманы жарык дүйнөгө алып келген соң анын ээси болуудан калат. Эми көз жарган чыгарма окурман менен киндиктеш. Чыгарманын тагдыры окурмандын колунда. Бирок буга баары эле макул боло бербейт. Мисалы, Р. Барттын шакирти Антуан Компаньон өз жүйөөсүн айтып, кандай гана тексттин болбосун сөзсүз автору барлыгын билдирип, ага каршы чыгат. Анын ою боюнча текстке же Сервантес, же Пьер Менар автор болууга тийиш [61, с. 62]. Б.а., ар бир тексттин жаманбы, жакшыбы сөзсүз автору болот. Ошентип, автор түшүнүгү көп учурда баалуулуктук өңүттөгү талаштарды жаратып келет. Кандай болгондо да көркөм өнөр дүйнөсүндө бардык чыгармалардын өзүнө гана таандык автору болору аксиома болуп калды.

**3.2. Окурман түшүнүгүнүн аксиологиялык мааниси.** Окурман деген ким? Адабият таанууда окурман – бир эле мезгилде адабияттын таасир кылуу объектиси жана адабий процесстин субъектиси, сөз өнөрүнүн түрткү берүүчү башталмасы катары каралат. Туура, ар бир калемгер өз чыгармасын кайсы бир окурмандар чөйрөсүнө багыштайт, мына ошолорго жеткиликтүү болушуна аракет кылат. Антпесе, бүгүн жарык көргөн көркөм туундуну эртең ким окуйт да, ким баалайт?! Б.а., ар кандай адабий чыгарманы жаратууга окурман кыйыр түрдө катышат. Бул – кыялдагы же көмүскөдөгү окурман. Ал эми чыгарма басылып чыккан соң ал реалдуу окурмандын колуна түшөт. Эми чыгарма жашап кетеби, коомчулукка алынабы, таанылабы, мына ошого көз каранды. Француз социологу Робер Эскарпинин эсептөөлөрү боюнча көркөм чыгармачылык процессинде «кийинки жылы адабий өнүмдүн 80%ын жана ар бир жыйырма жылдыкта 99%ын Лет дайрасына чөгүүгө мажбурлоочу туруктуу тарыхый ылгоо, элөө жашап келет» [121, с. 33]. Көрүнүп тургандай, адабий процессте окурмандын өз орду, өз ролу бар. Ал – көркөм туундунун түздөн-түз керектөөчүсү, ал гана эмес баалоочусу. Демек, окурман түшүнүгү да дөөлөттүк маани-маңызга ээ.

Окурман журтунун табити ар башка. Жазуучулар өз чыгармачылыгында мына ушуну эске алышат. Кээ бир авторлор интеллектуалдар үчүн, башкалары болсо караламан калк үчүн жазышат. Көркөм адабияттын элиталык жана массалык адабиятка жиктелүүсү ушундан улам келип чыгат. Окумуштуу-адабиятчылар – булар интеллектуалдуу окурмандар. Көпчүлүк учурда мына ошолор жаңы көркөм туундунун касиет-

сапаттарын ачыкташат, маани-мазмунун түшүндүрүшөт. Чыңгыз Айтматов кайсы бир жыйналышта тамашага салып, «мен өзүм эмне жөнүндө жазганымды адабиятчы-сынчылар түшүндүрүп бергенден кийин араң билбедимби» деп бекеринен айткан эместир. Бирок жалаң адабиятчылардын айткан-дегендерине таянып көркөм дөөлөттөрдү аныктоо бир жактуу болуп калат. Ошентип, А. Компаньондун пикиринде «Адабият, автор жана тышкы дүйнө өңдүү адабияттык элементтердин аркасынан эң көжөлө кароонун предмети окурман болуп чыгат» [61, с. 164].

Адабият таануу илиминде чыгармалардын окурмандар чөйрөсүндөгү тагдыры – кай бирлеринин ызы-чуулуу, бирок кыска мөөнөттүү ийгилиги, башкаларынын туруктуу абройго ээ болуусу, бир эле чыгармага карата калктын түрдүү чөйрөлөрүндө түрдүүчө кызыгуунун болушу эмне менен түшүндүрүлөт? Ал – окурмандардын кабыл алуу деңгээлине байланыштуу. Мисал келтирели. Кээ бир окурмандар терең мазмундуу, философиялуу чыгармаларды окууга ыкташат, башкалары болсо – окуялуу китептерди жактырышат. Терең ой жүгүртүүнү талап кылган китептерди биздин экинчи окурманыбыз түшүнбөйт. Ал аны аң-сезиминде кабыл албайт. Биринчи окурман болсо окуялуу чыгармаларды барактап гана тим болот, анткени алардан өзүнө керектүү маалымат таппайт. Ошентип, окурмандардын көркөм туундуларды кабыл алуусу ар башка деңгээлде турары белгилүү. Бул окурмандын аң-сезиминен орун алган дөөлөттөр тутумуна байланыштуу. Ар бир окурман өз дөөлөттөрүнө ылайык келген чыгарманы окуйт жана кабыл алат.

**3.3. Чыгарма түшүнүгүнүн аксиологиялык мааниси.** Адабий чыгарма термини адабият таануунун өзөгүн түзүп турат. Бул жааттагы бардык илимий изилдөөлөр чыгарманын тегерегинде жүрөт. Бирок, адабиятчылардын айтымында, «ага так аныктама берүү жеңил эмес» [115, с. 145]. В. Е. Хализев сөздүктөрдө чыгарма түшүнүгүнүн бир канча маанилери бардыгын белгилеп, ал **чыгармачыл күч-аракеттин катышуусунда түзүлгөн предмет** [115, с. 146] деген тыянак жасайт. М. Е. Крошнева аны колдоого алат [63, с. 26]. Ю. Б. Борев көркөм текст – концепциялык жүгү бар жана баалуулуктук багыт алган маалыматтын алып жүрүүчүсү экенин эскертет [29, с. 124]. Ошентип, чыгарманы жаратууга күч жумшалат, анда маанилүү маалымат камтылат, ошол маалымат дөөлөттүк багытталышка ээ болот.

Адабиятчылар текст жана чыгарма сөздөрү синоним эместигин айтышат. Алардын оюу боюнча текст качан окулганда гана чыгармага айланат. Ал эми окуу процесси окурмандын аң-сезимден өткөрүү, түшүнүү, аңдоо, баалоо аракеттери менен коштолот. Көрүнүп тургандай, ар кандай чыгарма сөзсүз баалуулук катары каралат. Өтө маанилүү чыгармаларга карата **шедевр** түшүнүгү колдонулат.

«Шедевр» термини орто кылымдарда француз кол өнөрчүлөрүнүн цехтери менен устаканаларында жаралган. Башында ал кол өнөрчү чебер наамын алуу үчүн жасап көрсөтүүгө тийиш болгон үлгүлүү буюмду туюнткан. Кийин бул аталыш көркөм өнөр жана адабият дүйнөсүнө ооган да, чыгармачыл эмгектин эң бийик натыйжасынын көрсөткүчү болуп калган. Б.а. **мыкты адабий чыгармаларды шедевр** деп атай баштакан.

Илимде шедеврге карата төмөнкүчө аныктамалар берилет:

**1. ШЕДЕВР** – искусствонун, адабияттын, деги эле чыгармачылыктын эң мыкты ийгилиги болуп саналган, өтө жогорку деңгээлде жеткире иштелген чыгарма, эмгек. Мис., Л. Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтык», М. Шолоховдун «Тынч Дон» романдарын шедевр чыгармалар катары эсептеп жүрөбүз [76, 179-б.];

**2.** Шедевр-чыгарма сейрек касиетке ээ, ал мезгилдин өтүшү менен жоголбойт, окурмандардын жаңы муундары үчүн замандаштарынын көз карашы камтый албаган өзүнүн жаңы кырларын ачып, аны менен бирге өсөт [73, с. 152].

Демек, шедевр биринчиден ийине жеткире жогорку көркөмдүктө иштелүүгө, экинчиден көркөм чыгармачылыктын ийгилиги катары бааланууга тийиш. Биз бул жерден кайра эле баалоо иш-аракети менен кездешип жатабыз. Андыктан көркөм-адабий чыгарманын дөөлөттүк мазмунга ээ боло тургандыгы айныксыз чындык.

Адабият жөнүндө илим, же адабият таануу шедеврдин белгилерин, же чен-өлчөмдөрүн атоосу керек, чыгарманы ким көркөм дөөлөт макамына ээ кыларын айтуусу абзел. Тилекке каршы, адабият таанууда көркөм дөөлөттүн чен-өлчөмдөрү тууралуу так кабыл алынган бирдиктүү көз караштар жок.

**3.4. Персонаж түшүнүгүнүн аксиологиялык мааниси.** Персонаж термини адабият таануудагы мүнөз, каарман, образ түшүнүктөрүн жалпылап туруучу касиетке ээ. «Литературный энциклопедический словарда» ага төмөнкүдөй аныктама берилет: «**ПЕРСОНАЖ** (франц. personnage, лат. persona – жүз, беткап дегенден), адатта адабий каармандын эле өзү» [67, с. 277]. Ал жөнүндө «көркөм образдын түрү, чыгармадагы иш-аракеттин, толгонуунун, айтымдын субъектиси» [117, с. 216] деген да пикир айтылат. Адабий чыгармада чагылтылган адамдарды жалпылай келип персонаж түшүнүгү менен бергенибиз орундуу. Анткени, биз азыр кеңири колдонуп жүргөн «каарман» дегенибиз «герой» (гр. heros – жарым кудай, кудайлантылган адам) сөзүнөн келип чыккан. Мунун өтмө мааниси баатыр дегенди туюнтат. Бирок чыгармадагы бардык эле катышуучулар баатырлык сапаттарга эгедер эмес. Ар бир катышуучунун өзүнө таандык белги-бетеси, мүнөз-сапаты бар. Дал

ушуну туура түшүнүп, белдүү окумуштуулар К. Асаналиев жана Р. Кыдырбаева: «Мүнөз», «каарман» деген түшүнүктөр «персонаж» деген терминдин толук маанисин бербейт» [65, 374-б.], - дешет. Орус адабиятчысы Б. В. Томашевскийдин пикиринде: «Көбүрөөк курч жана ачык эмоциялык ыраңга ээ болгон персонаж герой деп аталат» [103, с. 252]. Көрүнүп тургандай, бардык эле персонаждарга карата «каарман» («герой») дефинициясын колдонуу анчейин ылайыксыз.

Көбүнчө адабий персонаж – бул адам. Ал эми ар бир адамдын турмушта өзү бек тутунган, көкүрөгүндө аздектеген дөөлөттөрү бар. Э. Фроммдун ою боюнча дөөлөттүк багыты болбогон эч бир маданият жок, андай багыт алуу ар бир жеке адамга да тийиштүү [112, с. 200]. Дөөлөттүк багыт же ориентир – бул адамдын дүйнөгө болгон мамилесин жана анын ишмердүүлүгүнүн мотивдерин жөнгө салган руханий кубулуш. Көркөм чыгармада персонаждар мына ошол өз баалуулуктарына жараша түзүлөт жана ачылат. Ошондой эле ар бир адамдын өзүнө тийиштүү мүнөздөрү, сапаттары болот. Бир адам ылгый жаман мүнөздөргө, ал эми башкасы жалаң жакшы мүнөздөргө ээ болбойт. Кандай гана адамда болбосун жакшы-жаман касиет-сапаттар аралаша жашайт. Чыгаан калемгерлер дал ушуну туура аңдап, өз персонаждарын түрдүү, карама-каршы сапаттарга эгедер кылышат. Бул айтылгандар персонаж түшүнүгү олуттуу аксиологиялык мазмунга ээ экенин кабарлап турат.

Чындыгында да ар бир адамдын турмуштагы дөөлөттүк багыт алуусу ар башка. Жөнөкөй мисал келтирсек, бирөөлөр – байлыкты, бийликти карай умтулат, башкалар – карапайым жашоо кечирет. Айрымдар табиятынан боорукер, кээ бирөө болсо таш боор. Так ушул адамдын дөөлөттүк багыт алуусу адабий чыгармада да сөзсүз чагылат. Ошол себептен көркөм чыгармаларда бири бирине карама-каршы персонаждар дамамат кездешет. Мисалы, Эдигей-Сабитжан, Бекназар-Абил, Арыков-Алим ж.б.

**3.5. Түбөлүк темалар, алардын дөөлөттүк табияты.** Көркөм адабияттын адамдын руханий турмушунан орун алганына нечен кылым болду. Бирок анда дамамат чагылтылуучу түбөлүк темалар алиге чейин жашап келет. Мисалы, кайсы гана кылымдын, кайсы гана доордун, кайсы гана элдин адабиятын албайлы, мыкты делген чыгармаларына кайрылбайлы, алардан сөзсүз **өмүр-өлүм, сүйүү-жек көрүү, жакшылык-жамандык, ак-кара** ж.б. өңдүү онтологиялык темаларды кездештиребиз. Онтология дегенибиз «...болмуш жөнүндө, анын курулуу принциптери, мыйзамдары менен формалары жөнүндө окуу» [92, с. 344]. Демек, жогоруда аталгандар адам болмушунун маселелерине байланыштуу көркөм чыгармачылыктын темалары. Адам болмушу болсо кылымдан кылымга сапар арытып улана берет. Аны түрдүү доорлордун калемгерлери өз чыгармаларында тартып

беришет. Ар бир чыгарма конкреттүү бир темага, же темалар комплексине байланат. Адам болмушу маанилүү өзгөрбөгөнүнө байланыштуу чыгармачылыктагы темалар да анчейин өзгөрбөйт. Ушул себептен көркөм чыгармачылыкта түбөлүк темалар түшүнүгү орун алат.

Маанилүү бир жагдай – түбөлүк темаларда жазылган көпчүлүк чыгармалар шедеврлик, же көркөм дөөлөттүк касиетке ээ болушат. Алар өз мезгилинен, өз доорунан алыска чыга узак өмүр сүрүшөт. Бирок чыныгы көркөм дөөлөттүн жаралуусу үчүн узак мезгил керек. Буга байланыштуу орустун көрүнүктүү адабиятчысы М. М. Бахтин төмөнкү оюн ортого салат: «Адабияттын улуу чыгармалары кылымдар бою даярдалат, аларды жаратуу доорунда болсо жетилүүнүн узак жана татаал процессинин бышкан мөмөлөрү гана алынат. Чыгарманы анын доорунун шарттарынан гана, жакынкы мезгилдин шарттарынан гана түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө аракеттенип, биз анын маанилик тереңдигине эч качан чөмүлө албайбыз. ...Чыгармалар өз мезгилинин чектерин бузушат, кылымдарда, б.а. чоң мезгилде, анан калса көбүнчө (улуу чыгармалар болсо – дайыма) өз заманындагыдан кыйла интенсивдүү жана толук өмүр сүрүшөт» [19, с. 350].

Ошентип, түбөлүк темалар нукура көркөм дөөлөттөрдүн жаралуусун шарттаган негизги фактор катары чыгат.

**3.6. Идеал түшүнүгүнүн аксиологиялык мааниси.** Көркөм адабий процессте сүрөткерлер дамамат өз чыгармаларында бардыгы идеалдуу болуусуна, б.а. эң бийик даражада, сапатта ишке ашуусуна аракет кылышат. Мына ошол иш-аракеттер автордун өзү тутунган дөөлөттөрүн өз адабий туундусунда чагылтуусуна апкелет. Ушул жагдайга карасак, идеал түшүнүгү өз боюнда аксиологиялык маани-маңыз алып жүрөт. Анда сөзсүз баалоочулук иш-аракет камтылат. Муну идеал туурасында илимий булактарда айтылган маалыматтар менен да бекемдей алабыз. Идеал – грек сөзү, ал эң жогорку үлгү дегенди туюнтат. Демек, идеал көркөм чыгармада берилген бийик эстетикалык сапат. Көркөм адабияттагы идеал тарыхый коомдук кырдаалдарга ылайык болуп, доордун мүнөзүнө карата өзгөрүп турат [76, 58-б.]. Көрүнүп тургандай, көркөм адабияттагы идеал, же эстетикалык идеал коомдун өзгөрүүсүнө жараша, анда үстөмдүк кылган баалуулуктарга жараша алмашылат. Эстетикалык идеалды турмушка ашырууда адамдын чыгармачыл ишмердүүлүгүндө эркиндиктин болушу абзел [67, с. 113]. Бул жерде баамга урунган нерсе – **эркиндик**. Ал болсо адам турмушундагы эң жогорку дөөлөттөрдүн бири. Андыктан идеал термини аксиологиялык мазмунга ээ экенин элес албай коюуга жарабайт.

Адабиятчы окумуштуулардын идеалга байланыштуу ой-пикирлеринде да дөөлөттүк мазмун камтылып кетет. Алсак, Р. З. Кыдырбаева менен

К. Асаналиев аталган терминдин тегерегинде ой жүгүртүшүп, мындай пикир айтышат: «Белгилүү бир нерсе жөнүндөгү адамдын ойлогон оюнун, самаган тилегинин жеткен жерин идеал дешет» [65, 181-б.]. Демек, адам өз акыл-оюнда турмуштагы кандайдыр бир заттарга, көрүнүштөргө карата баалоочулук психикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүп, мына ошолордун эң бир бийик үлгүлөрүнө жетишүүнү каалайт. Ал ушунусу менен жашоодогу өзүнө таандык дөөлөттөрдү аныктайт да, аларга умтулат. Адабиятчы М. Борбугуловдун пикири да мына ушул биз айткан ойду бекемдейт. Анын пикиринде, «Жазуучу өзүнүн чыгармасында ал же бул материалды, фактыны, көрүнүштү пайдалануудан мурда, албетте, иргейт, ылгайт, тандоо жүргүзөт, өзүнүн чыгармачылык оюна, идеясына жооп берет, кызмат кылат дегендерин алат» [28, 181-б.]. Дал ушундай, кайсы гана калемгер болбосун өзүнүн болочоктогу чыгармасынын материалын, фактыларын сөзсүз түрдө баалоо процессинен өткөрөт. М. Борбугуловдун оюн уланта окусак, ал «Сүрөткердин эстетикалык идеалы адабият чыгармасында анын түзгөн образдары аркылуу көрүнөт», [28, 181-б.] - дейт. Анан оюн минтип жыйынтыктайт: «Эстетикалык идеал – асылдык жөнүндөгү көз караштардын жыйындысы» [28, 182-б.]. Асылдык категориясы теориялык эмгектерде кооздук, сонундук, сулуулук деп да айтылып келет. Ал эми **сулуулук** маанилүү философиялык, эстетикалык дөөлөт болуп саналат. Андыктан идеал түшүнүгү терең аксиологиялык маани-мазмунду көтөрүп турарынан күмөн саноого эч бир негиз, эч кандай шылтоо жок.

**3.7. Катарсис түшүнүгүнүн аксиологиялык маңызы.** Социалдык-гуманитардык илимдерде, алсак, философияда, эстетикада жана адабият таанууда катарсис түшүнүгү да орчундуу мааниге ээ болот. Ага «Литературный энциклопедический словарда» төмөнкүдөй аныктама берилет: «**КАТАРСИС** (грек. katharsis – тазалануу), антик философиясында, медицинасында, эстетикасында колдонулган жана өзүнүн полифункциялуулугунан улам көп сандаган жана карама-каршылыктуу чечмелөөлөрдү алган (Кайра жаралуудан жаңы мезгилге чейин) түшүнүк: рационалисттик (интеллекттин таасири астында жан дүйнөнү кумарлардан тазалоо), этикалык (боор тартууга жөндөмдүүлүктү тарбиялоо), медициналык (психотерапиялык жеңилденүүгө жетишүү) ж.б.» [67, с. 152]. Чын-чынына келсек, көркөм адабияттын шедеврлик сапатка ээ үлгүлөрү адамдын жан-тенин, дили-куюн тазартуучу, адам пейилин аруулантуучу катарсистик касиетке ээ келишет. Дал ушул тазалоочу, аруулоочу психологиялык таасирдин өзүндө терең баалуулуктук мазмун камтылып жатат.

Катарсис Аристотелдин мезгилинен, антик доорунан бери эле колдонулуп келаткан термин. Демек, аталган терминдин баскан жолу узак мезгилди ичине алат. Ал жөнүндө Аристотелдин айткан сөзү төмөнкү:

«...кошо азап тартуу жана коркуу жолу менен мындай аффекттерден тазалануу» [8, с. 56]. Анын дал ушул катарсис, же тазалануу деген сөзү көркөм өнөр ишмерлери үчүн чоң мааниге ээ болуп, алар «тазалык» эстетикалык категориясын астыга коюшкан. Өз чыгармаларында **адамдын моралдык тазалыгын** башкы орунга чыгарышкан. Бул жобо көркөм адабиятта өзгөчө чоң таасирге ээ болгон. Ал кейипкердин жан дүйнөсүн ачуучу жана баалоочу өзгөчө психологиялык сапаты менен айырмаланып, аксиологиялык мүнөз күткөн. Ошол себептен Л. С. Выготский «...эстетикалык реакциянын негизи биз тараптан бүткүл реалдуулугу жана күчү менен баштан кечирилүүчү, бирок бизден ар бир жолу искусствону кабыл алууну талап кылуучу фантазиянын ошол ишмердүүлүгүнөн өзүнө жеңилденүү табуучу искусство чакыруучу аффекттер болуп саналат», [36, с. 276] - деп айткан. Анын ою боюнча көркөм өнөр чыгармасы реципиентте кандайдыр бир аффекттерди чакырып, натыйжада ал адам ой-кыялынан жаратылган көркөм туундуну өтө зор этикалык-эстетикалык таасирленүү менен өз жан дүйнөсүнөн өткөрүп, чыгармага карата эстетикалык реакция жасайт. Мындай эстетикалык реакцияда эрктүүбү же эрксизби, милдеттүү түрдө баалоо иш-аракети дагы орун алат.

Биз карап жаткан түшүнүк кыйла тереңдетилип, бүгүн көркөм чыгармачылыкка байланыштуу маанилүү терминге айланды. Алсак, катарсис, биринчиден, драмага, өзгөчө трагедияга мүнөздүү, окурмандын-көрөрмандын каарман менен анын кыйроосу учурундагы эмоциялык байланышы, экинчиден, сөздүк чыгармачылыктын каалаган чыгармасына мүнөздүү, чыгарманын маанилик чек арасын жана анын эстетикалык «бүткөндүгүн» түзүүчү окурман менен каармандын, окурман менен автордун аң-сезимдеринин «кездешүүсү» [84, с. 93] катары каралат. Көрүнүп тургандай, катарсис түшүнүгү өз боюнда окурманды, каарманды жана авторду тыгыз байланыштырат, алардын дөөлөттүк багыт алууларын камтыйт. Андыктан бул терминде терең аксиологиялык маани бардыгы эч күмөнсүз.

Эстетикалык окууда «Так очищение оказывается далеким от всякого чисто эстетического удовлетворения, не впадая, однако, в излишний морализм. Трагическое очищение есть очищение в уме, а не эстетическое, но ум – выше чувства и энергии», [57, с. 200] - деп белгиленет. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын, асыресе, кыргыз прозасы менен поэзиясынын элге кеңири белгилүү үлгүлөрүнө дал ушундай адам жан дүйнөсүн тазартуучу касиет-сапат таандык. А. Токомбаевдин, А. Осмоновдун, С. Эралиевдин, Т. Кожомбердиевдин, О. Султановдун ж.б. көптөгөн акындарыбыздын таасирлүү поэтикалык туундулары, Т. Сыдыкбековдун, К. Баялиновдун, Ч. Айтматовдун, М. Гапаровдун, К. Жусубалиевдин ж.б. көптөгөн жазуучуларыбыздын маанилүү прозалык

жаралгалары, окурманды ичтен бир силкинтип, анын жан дүйнөсүн аруулантып, моралдык-этикалык тазаланууга түртүүчү күчкө, же катарсистик касиетке эгедер. Аларда сүрөттөлгөн жеке адам трагедиясы жалпы дүйнөлүк адамзаттык трагедиянын көбүрөөк көрсөтмөлүү мисалы болот.

Кыскача жыйынтыктай турган болсок, дээрлик бардык адабият таануучулук түшүнүктөр дөөлөттүк мазмунга ээ болушат. Ошентип, **адабият таануунун өзүндө, анын терминологиялык арсеналында көркөм чыгармаларды аксиологиялык изилдөөнүн негиздери салынган**. Ошондуктан кыргыз же ар кандай башка адабият таанууда аксиологиялык мазмундагы изилдөөлөрдүн пайда болуусу мыйзам ченемдүү жана эбак бышып жетилген процесс болуп саналат.

Изилдөөчү О. Ибраимов кыргыз адабият таануусу мезгил талаптарынан өтө артта калганын, ал күмөнсүз түрдө жаңылануута муктаж экенин, көптөгөн катып калган аныктамалар менен жоболор кайра каралышы зарылдыгын белгилейт [55, с. 315]. Ал биздин адабият таануу илимибиздин диссертациялык бөлүгү майда темаларга басылып калганын, «Адабият таанууга киришүү», «Адабият теориясы» дисциплиналары боюнча кыргыз тилиндеги мазмуну терең теориялык, жалпылоочу эмгектер жок болуп жатканын да айтат. Биз муну айкындоо үчүн кыргыз окумуштуулары ушул предметтер боюнча даярдашкан эмгектердин айрымдарына көз жүгүрттүк. Алсак, «Адабият таанууга киришүү» боюнча К. Артыкбаевдин, С. Бегалиевдин окуу куралдары бар [10; 21]. Ал эми «Адабият теориясы» боюнча окуу куралдарын Д. Асакеева, М. Борбугулов, А. Садыков, Ж. Шериев менен А. Муратов жазышкан [11; 28; 88; 119]. Ушул окуу куралдарынын бардыгында тең көркөм адабияттын аксиологиялык табияты, көркөм дөөлөт түшүнүгү, автордун, персонаждын, окурмандын дөөлөттүк багыт алуусу, алардын дөөлөттөр тутуму жөнүндө, б.а. адабият таануунун түйүндүү аксиологиялык проблемалары жөнүндө комплекстүү, тутумдуу сөз болбойт.

Ал эми орус адабиятчылары, мисалы, В. Е. Хализев өзүнүн адабият теориясы боюнча окуу куралында сөздү баштаганда эле көркөм өнөрдү эстетикалык дөөлөттөрдү түзүү аймагы катары карайт да, көркөм дөөлөт, персонаж жана анын дөөлөттүк ориентациясы маселелерине өзгөчө көңүл бурат [115]. Арийне, кыргыз окумуштууларынын адабият таануучулук изилдөөлөрүндө ар кыл авторлордун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө учкай, чачкын, системага салынбаган ойлор айтылат. Бирок алар комплекстүүлүккө, системалуулукка талаптана албайт. Көрүнүп тургандай, дөөлөттүк аспекттеги изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн теориялык-методологиялык чоң муктаждыктар бар. Кыргыз адабиятчыларынын жаш жана жаңы мууну мына ушул белгиленген багыттарда эмгектенүүнүн зор мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

# 4. КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТТҮ АНЫКТОО ЖАНА БААЛОО ПРОБЛЕМАЛАРЫ, КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТТҮН ЧЕН-ӨЛЧӨМДӨРҮ

**4.1. Көркөм дөөлөттү аныктоо жана баалоо.** Көркөм дөөлөт түшүнүгүнүн башаты – баалуулук. Баалуулук менен баалоону, көркөм дөөлөт менен башка дөөлөттөрдү айырмалоо кажет. Окумуштуулар баалуулукту көбүнчө турмуш чындыгынын белгилүү бир кубулуштарынын социалдык жана маданий маанисин көрсөтүү үчүн колдонулуучу термин дешет. Жалпылай айтканда, баалуулуктар – бул адам менен коомдун турмушундагы өзгөчө, маңыздуу, оң маанилүү нерселер. Мындай кеңири түшүнүүдө ден соолук, үй-бүлө, балдар, мүлк, түрдүү буюмдар баалуулуктар болушат. Бирок ошол эле маалда баалуулуктар – **Ата Мекен, акыйкаттык, жакшылык, сулуулук, чынчылдык**, акырында, **адам** өзү дагы.

Дегеле дөөлөт, нарк, баалуулук түшүнүктөрү боюнда эмне жүк, эмне мазмун көтөрүп турушат? Мына ушул суроону тактап алуу андан аркы ой жорумдар үчүн өтө маанилүү болмокчу. Жалпы маданияттык мааниде алганда «баалуулуктар дегенибиз – социалдык жактырууга ээ жана адамдардын көпчүлүк катмары колдогон **жакшылык, адилеттик, мекенчилдик, романтикалык сүйүү, достук** ж.б.у.с. түшүнүктөр. Баалуулуктар бардык адамдар үчүн эталон жана идеал катары кызмат өтөшөт» [62, с. 105]. Карасак, дөөлөттөр, нарк-баалуулуктар жалпы коомго тийиштүү. Ал эми турмушта ар ким ар башка дөөлөткө таянат. Кээси – акчаны, башкасы – адепти, үчүнчүсү – саясий мансапты бийик дөөлөт катары карайт. Бул айтылгандар адам коомундагы этикалык баалуулуктар маселеси тууралуу.

Көркөм дөөлөттөрдү, же адабият менен көркөм өнөрдөгү асыл нарктарды деле жогоркуга үндөш түшүндүрүүгө болот. Биздин оюбузча, көркөм дөөлөттөр дегенибиз – мезгил менен мейкиндикке баш ийбеген, ар дайым баалуулугун жоготпой сактаган көркөм өнөр чыгармалары. Коомдук нарктардай эле көркөм өнөр дөөлөттөрүнө да ар бир инсан өз бетинче мамиле жасай алат, б.а. ар ким ар башка адабий чыгарманы көркөм дөөлөт катары карай алат. Ошентип, «**Акыйкаттык, Сулуулук** жана **Жакшылык** – коомдун руханий чөйрөсү таянып турган үч кит» [62, с. 185] болуп саналат.

**Көркөм дөөлөт** – бул конкреттүү адамдын, социалдык тайпанын, коомдун руханий турмушундагы түрдүү ыңгайда (сөздө, музыкада, айкелде, сүрөттө ж.б.) турмушка ашырылуучу жана ошол маданияттын белгилери менен берилүүчү нерсенин өзгөчө объективдүү оң маанилүүлүгү. Бирок көркөм дөөлөттү аныктоо өтө татаал. Элестетели, кайсы бир коомдо абдан көп маданий туундулар, анын ичинде адабий чыгарма-

лар жаратылган. Алардын баарын эле көркөм дөөлөт дей албайбыз да?! Ошол адабий жаралгалардын миңден, он миңден, жүз миңден бири гана нукура көркөм дөөлөт касиетине ээ болушу ыктымал. Ошентип, көркөм дөөлөт жаралары менен дароо эле аныктала калбайт, аны баалоо үчүн мезгил керек, ал мезгил сынынан тайгылбай өтүүсү абзел. Кудурети күчтүү Мезгил көркөм жаралгаларды иргейт. Убакыттын өтүшү менен адам баласын өтө кызыктырган, маани-мазмуну эч кемибестен улам артыла берген көркөм чыгармалар гана жашоосун улантат. Көпчүлүгү Лет дайрасына чөгүп жок болот, б.а. окурмандардын эстутумунан өчөт.

Адабият теориясында көркөм туундуларды мезгил сынынан өтүүсүнө жана көркөм-эстетикалык табиятына карап үч деңгээлге ажыратышат. Алар төмөнкүлөр: **1) классика; 2) беллетристика; 3) массалык адабият** [115, с. 122-137].

Адабий чыгармалардын мындай иерархиялык бөлүштүрүлүшү көркөм дөөлөттү аныктоо аракети болуп саналат. Окумуштуулардын пикиринде **шедеврлер же чыныгы көркөм дөөлөттөр – бул классиканын үлгүлөрү**. Бирок суроо туулат: шедевр же көркөм дөөлөт кандай жолдор менен аныкталат?

Азыр адабият таанууда көркөм-адабий чыгармалардын дөөлөттүк табияты тууралуу айтуу, алардын баалуулуктук касиет-сапаттарын изилдөөнү башкы орунга чыгаруу зарыл болуп турат. Бул үчүн көркөм туундулардын баалуулугуна терең ички ишеним керек, анткени көркөм өнөрдө предметти же көрүнүштү анын акыркы абалында же келечек дүйнөнүн жарыгында сүрөттөө көркөм чыгарманы берет [93, с. 83].

XX кылымдагы кыргыз классикасынын көркөм чыгармаларынын этикалык жана эстетикалык жетишкендиктери авторлордун аң-сезимдүү ынанымдары менен да, алардын жан дүйнөсүнүн өз элинин көп кылымдык маданиятынан тамыр алып өнгөндүгү менен да аныкталат.

Азыркы изилдөөлөрдө көркөм өнөрдүн абалы, анын өнүгүү жолдору маселелери өтө зор мааниге ээ. Мындагы эң башкы суроо – эзелки гамлеттик суроо «болуу же болбоо» (өмүр же өлүм). Ал азыркы дүйнөнүн көп түрдүү өң-түскө ээ болгону менен шартталган. Анын үстүнө коомдун руханий-адептик дөөлөттөрү көөнөрүп, эскирип, жышылып, көркөм адабият чөйрөсүндө түрдүү проблемалар жаралып жатат. В. В. Бычковдун эстетика боюнча эмгегинде көркөмдүккө талаптанган чыгармачыл туундулардын баары эле көркөм өнөр боло албасы белгиленген [32, с. 248]. Бул ой көркөм өнөр деген эмне, көркөм дөөлөт деген эмне? деген суроого жооп издөө, аларды аныктоо аракетинен келип чыккан. Азыр чыныгы көркөм дөөлөттөрдүн руханий мазмунун аныктоо зарыл болуп турат. К. Юнг көркөмдүктүн өзгөчө маанисин белгилеп, бул чагылуу «өзүндө азыркы… руханий атмосфера эмнеге баары-

нан көп муктаж болсо ошону алып жүрөт» [123, с. 119] деп айтат. Демек, көркөм дөөлөттөр адам чыгармачылыгынын натыйжасы катары анын эстетикалык жана дүйнө таанымдык дөөлөттөрү менен тыгыз байланышат.

Дүйнөнү көркөм чагылтуунун өзү да эстетикалык кабыл алуу жана аңдоо менен карым-катышта турат. Муну окумуштуу А. Л. Андреев «предметтер менен кубулуштарга эстетикалык баа берүү, аларга карата эстетикалык мамилени калыптоо жана алардын эстетикалык касиеттери жөнүндө ой жоруу руханий жөндөмдүүлүгү» [7, с. 83] катары карайт.

Көркөм өнөр эстеликтеринин тарыхый көрүнүүсү же жашоосу аркылуу биз эмне сонун же көтөрүңкү экени, эмне көркөм жана сулуу экени жөнүндө дөөлөттүк элестетүүлөрдү түптөйбүз, көркөм дөөлөттөрдүн касиет-сапаттарын аныктайбыз. Дал ошондуктан курчап турган турмуш чындыгына карата адамдын эстетикалык мамилеси дөөлөттүк мамиле катары каралат. Көркөм дөөлөттү мындайча аныктоодо эстетикалык баа дүйнө таанымдык жана социомаданий дөөлөттөр менен карым-катышка кирет. В. И. Волков өзүнүн изилдөөсүндө мына ушуну ырастайт: «Көркөм өнөргө карата аксиологиялык мамиле анын социалдык, эстетикалык, таанымдык маңызы менен толук ыкташат, анткени көркөм өнөр турмуш чындыгын көркөмдүү-элестүү чагылтуу жана баалоо аркылуу коомдук эстетикалык идеалды бекемдейт» [34, с. 93-98].

Көркөм дөөлөттү аныктоодо анда **акыйкаттыктын** берилиши башкы орунда турат, анткени ал көркөм туундуну кабыл алууну курчутуп, анын руханий-адептик маңызын актуалдаштырат. Ошентип, көркөм дөөлөт руханий-эстетикалык маңызга ээ болуу менен, өзүндө «көркөм өнөр чыгармасында ишке ашкан дүйнөгө байкоо салуу менен көркөм таланттын биримдигин» [77, с. 117] турмушка ашырат.

Көркөм дөөлөттү аныктоодо жана баалоодо сүрөткердин инсаны, анын дүйнө тааным маданияты да жардамга келет. Анткени калемгер реалдуулуктун көрүнүштөрүнө өз эстетикалык дөөлөттөрүнүн призмасы аркылуу баа берип, турмуштун фактылары менен окуяларын өз көз карашына жана концепциясына ылайык чагылтат.

Жалпы коомдук контексттен алсак, көркөм дөөлөттү аныктоого карата мамиле анын идеалдуу же идеалдарга ылайыксыз экенине карай ишке ашат. Маселен, көркөм өнөр чыгармасы коомдо адам үчүн баалуулукка анын коомдук керектөөлөрүнө, максаттарына, эстетикалык идеал жөнүндө элестетүүлөрүнө жооп бергени менен ээ болот [34, с. 93-98]. Ушунун негизинде дүйнөнүн автор тарткан көркөм сүрөтү социалдык аныкталган көркөм табитти жана эстетикалык бааны берет.

Жалпысынан көркөм дөөлөттү аныктоо, ага эстетикалык мамиле кылуу көркөм-адабий туундуну көркөм кабыл алуу проблемасы менен тыгыз

байланышкан. Изилдөөчүлөр реалисттик көркөм өнөр окурманга же реципиентке ачык жана ага дүйнөгө карата дөөлөттүк мамилени жеткирүүгө умтулат деп эсептешет. Алсак, М. Б. Храпченко өзүнүн эмгегинде көркөм туундуларды кабыл алуудагы жана баалоодогу маанилүү аспектти ачып берет. Ал майдачыл-тарыхый жана эмпирикалык-комментатордук түрдөгү көп сандаган изилдөөлөр пайда болгонун белгилеп, алар «адабиятты таза социалдык-генетикалык иликтөөсү менен канааттанбоо» [116, с. 229] сезимин жаратышарын айтат. Анан ал реципиентке, анын баалоочулук мамилесине көркөмдүк-эстетикалык таасир кылуу талабын көтөрүп, көркөм чыгармалардын социомаданий мейкиндикте «жандуу кызмат кылуусун кеңири иликтөө зарылдыгын» [116, с. 243] белгилейт. Окумуштуу ошондой терең көркөм жалпылоолор зор тарыхый жана эстетикалык баалуулукка [116, с. 246] ээ болушарын эскертип, көркөм дөөлөттү аныктоодо изилдөөчүлөр көңүл буруучу жагдайларды айкындап өтөт.

Ошентип, көркөм дөөлөттү аныктоо жана баалоо проблемасы өтө татаал адабият таануучулук-эстетикалык маселе болуп саналат.

**4.2. Көркөм дөөлөттү аныктоонун жолдору жана чен-өлчөмдөрү.** Самарканддык окумуштуу Б. М. Михайличенко шедеврди аныктоонун беш жолу барын айтып, аларга сыпаттама берет. Биринчи, шедевр салттуу адабият таануунун баасы менен аныкталат, экинчи, шедевр интуиция аркылуу аныкталат, үчүнчү, шедеврди тарых менен мезгил аныктайт, төртүнчү, шедеврди жазуучу өзү баалайт, бешинчи, шедеврди ачууда адабиятчылар менен котормочулар роль ойношот [73, с. 152-153]. Бирок адабият таанууда бир жактуу баалоо жашабайт: бүгүн жогору бааланган чыгармалар, мезгилдин өтүүсү менен баштапкы баасын жоготушу ыктымал; интуицияга, элдин мактоосуна таянуу менен баалоо да эч качан так болбойт; жазуучунун өз чыгармасын өзү баалоосу болсо такыр эле объективдүү боло албайт.

Ошентип, көркөм дөөлөттү аныктоодо жана баалоодо белгилүү бир чен-өлчөмдөр же критерийлер зарыл. Дал ошол чен-өлчөмдөрдүн негизинде биз көркөм өнөрдүн ал же бул чыгармасын көркөм дөөлөт деп атай алабыз. Окумуштуулар буга карата эң ар кыл божомолдорду айтышат. Биз түрдүү авторлордун пикирлерин талдап чыгып, конкреттүү бир тыянак жасап көрөлү.

Атактуу адабиятчы К. Асаналиев кыргыз окумуштууларынын ичинен биринчи болуп көркөмдүктүн критерийлери жөнүндө сөз козгогон. Анын бул жааттагы макаласы «Кыргыз романы. Көркөмдүк критерийлер» [12] деп аталат. Ал XX кылымдын 60-70-жж. кыргыз романдары, атап айтсак, «Жашагым келет» (М. Абдукаримов), «Боордоштор» (К. Баялинов), «Зайыптар» (Т. Сыдыкбеков), «Түпкүрдөгү нур» (С. Сасыкбаев), «Күндөр» (Ш. Садыбакасов), «Бороондуу күндөр» (С. Өмүрбаев), «Тарых эстелиги»

(Н. Байтемиров) жөнүндө сөз кылып, негизги критерий катары төмөнкүнү атайт: «Азыркы талап – улуттук чындыктын социалдык маңызын искусствонун бийик үлгүлөрү менен ачуу» [12, 145-б.]. Окумуштуу адабияттагы көлөмдүүлүккө каршы эместигин, андагы борпоңдукка, көпшөктүккө каршы экенин билдирет. Кыргыз романындагы негизги көркөмдүк үзгүлтүк бүт баарын камтуу делебесине байланыштуу экенин белгилейт. Роман жанрында жаңы сапаттык секирик жасалбай жатканына кейийт. Кыргыз жазуучуларын классикадан, Л. Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтыгынан», М. Шолоховдун «Тынч Донунан» үлгү алууга, «бийик искусствонун үлгүлөрүнө жетүүгө» чакырат. Албетте, залкар адабиятчынын кыргыз романдарына жасаган талдоосу абдан аргументтүү, жүйөөлүү курулган. Бирок ошол эле маалда ал өзү баштаган сөздү аягына чыгарбаган, атап айтканда көркөмдүктүн конкреттүү критерийлерин бүтүндүккө ээ система, комплекс түрүндө сунуштаган эмес.

Кыргыз адабиятчысы, филология илимдеринин доктору К. И. Мамбеталиев, өткөнгө көз чаптырып, мындай дейт: «В период советской власти произведения литературы и искусства оценивались на основе трех критериев – социалистическое содержание, национальная форма, интернациональный характер. При таком подходе традиции мировой классики становились объектом внимания с тем условием, что должны были содержать в себе прогрессивные начала, а сама прогрессивность определялось цензурой» [71, с. 3]. Бул жерде көркөм дөөлөттүн чен-өлчөмдөрү жөнүндө сөз өткөн чакка байланып козголот, ошондой болсо да алар өз учуру үчүн олуттуу мааниге ээ болушкан. Эске салсак, советтик мезгилде азыркы күнү да өз актуалдуулугун жоготпогон көптөгөн көркөм дөөлөттөр жаратылган, ал эми азыр жарык көрүп жаткан адабий туундулардын көбү ал кездеги сапатка чендеп да койбойт.

Биз советтик мезгилде көркөм дөөлөттөрдү аныктоого жана баалоого карата кандай чен-өлчөмдөр колдонулганы жөнүндө авторлор тобу тарабынан жазылган «Введение в литературоведение» аттуу окуу куралынан маалымат таба алабыз. Анда көркөм мазмундун ченөлчөмдөрү катары төмөнкүлөр белгиленген: 1) чыгарманын проблематикасынын тереңдиги жана маанилүүлүгү; 2) идеялык-эмоциялык багытталгандыктын тарыхый чынчылдыгы; 3) адабий чыгарманын реализми; 4) билдирүүнүн бардык элементтеринин идеялык-көркөмдүк максатка ылайыктуулугу; 5) адабияттын кептик курумунун, түзүлүшүнүн сонундугу же кынтыксыздыгы [83, с. 431-438]. Көрүнүп тургандай, советтик мезгилде көркөм дөөлөттү аныктоо жана баалоо толугу менен объективдүү деңгээлде болгон. Азыр бир катар изилдөөчүлөр айтып жүрүшкөндөй, көркөм чыгармачылыкта баары эле ошол учурдагы саясатка байланган эмес.

Азыркы таптагы айрым изилдөөчүлөрдүн көркөм дөөлөттүн ченөлчөмдөрүнө карата пикирлерине кайрылып көрөлү. Ю. В. Мацкевич көркөм дөөлөттүн төмөнкү чен-өлчөмдөрүн санап берет: 1) техникалык сабаттуулук; 2) оригиналдуулук; 3) коомдук маанилүүлүк; 4) элестүүлүк [72, с. 13-16]. О. В. Волобуев менен В. А. Песоцкий адабий чыгармалардын сапатын баалоонун төмөнкү чен-өлчөмдөрүн сунушташат: 1) тарыхый; 2) гносеологиялык; 3) логикалык; 4) дүйнөкөрүмдүк; 5) методологиялык; 6) идеологиялык; 7) моралдык-адептик; 8) эстетикалык; 9) культурологиялык [35, с. 10-20]. Ошентип, азыркы илимде көркөм дөөлөттү аныктоонун жана баалоонун чен-өлчөмдөрүнүн ар кыл вариациялары бар.

Адабият таануу шедеврдин конкреттүү белгилерин, чен-өлчөмдөрүн аныктоого тийиш, анткени жаңы баштаган изилдөөчүлөр көркөм дөөлөт деген эмне экенин, аны үстүрт же начар адабий туундулардан кантип ажыратса болорун билүүсү абзел. Тилекке каршы, жогоруда баяндалгандан көрүнгөндөй, азырынча көркөм дөөлөттүн чен-өлчөмдөрүн аныктоо боюнча бирдиктүү көз караштар жок. Ушул жагдай адабияттын фактыларын алардын көркөмдүк баалуулугун аныктоо өңүтүндө изилдөөдө кээ бир кыйынчылыктарды пайда кылат.

Кайсы гана элдин болбосун руханий маданиятында жаратылган көркөм туундулар тууралуу сөз болгондо алардын мезгил менен болгон байланышына кайрылып өтүүгө туура келет. Бул байланыш абдан кызыктуу мазмунга ээ.

Алсак, ар бир тарыхый доордо ар башка адабий туундулар жарык дүйнөгө келет. Мисалы, антик доорунда Гомердин «Илиада» жана «Одиссея» деген улуу поэмалары жаралган. Алардын мазмуну байыркы грек коомунун турмушу менен тыгыз байланышта. Антсе да кийинки мезгилдерде деле, атап айтканда Кайра жаралуу, Агартуу доорлорунда, ал гана эмес XIX-XXI кылымдарда дагы бул чыгармалар өздөрүнүн көркөмдүк наркын жоготкон жок. Же болбосо байыркы индилердин санскрит тилиндеги “Рамаяна” менен “Махабхарата” эпосторун мисалга тарталы. Санскрит тили азыр колдонуудан калган өлүү тил, ал эми ошол тилде жаратылган жогорку чыгармалар учурдагы тилдерге которулуп, кызыгуу менен окулуп келатат. Бул сыяктуу адабияттык фактыларды санай берсек толтура. Мындай маданий кубулушту эмне менен түшүндүрүүгө болот?

Кыргыз адабиятчысы М. Борбугулов “...кандай гана чыгарманын болбосун каарманы адам болгондуктан, анын психологиясы, руху, ымanына байланышкан нерселер жалпы адамзаттык мааниге ээ” [28, 128-б.] деген негиздүү жыйынтыкка келет.

Ошентип, чыныгы көркөм дөөлөттөр улуттук чектен чыгып, жалпы адамзаттык мазмунга ээ болот экен. Бул болсо алардын мезгил менен мейкиндикке баш ийбей, эркин жана чексиз өмүр сүрүүсүн камсыздайт.

Жогоркуга кандайдыр бир деңгээлде үндөшүп кеткен пикирди залкар окумуштуулар Р. З. Кыдырбаева менен К. Асаналиев дагы айтышат. Алардын айтымында "...искусствонун күчү менен жаралган бийик көркөм үлгүлөр ар дайым жогору бааланат жана алар өзүнүн реалдуу жашоосун, мезгилдин өткөнүнө карабастан, уланта берет" [65, 194-б.]. Ошентип "жалпы адамзаттык мааниге ээ" жана "искусствонун күчү менен жаралган" чыгармалар гана узак өмүргө ээ боло, "бийик көркөм үлгү" же көркөм дөөлөт даражасына жете алышат.

Анткен менен адабият тарыхында көөнөргүс көркөм дөөлөт катары каралган чыгармаларга жана алардын авторлорунун чыгармачылыктарына берилген баалар түрдүү мезгилдерде башка-башка мазмунда болгонуна көптөгөн факты-далилдер бар. Мисалы, англис Ренессансынын көрүнүктүү өкүлү Шекспирдин чыгармачылыгына карата классицизм доорунда терс мамиле жасалып келген. Француз агартуучусу Вольтер ал тууралуу минтип айтканы бар: "Англис трагедиясынын атасы болгон Шекспир анда өкүм сүргөн варварчылыктын да атасы болуп саналат. Анын бийик даанышмандыгы, маданиятсыз жана табитсиз даанышмандыгы чаң-будуң театрды жаратты. Анын пьесалары – түрү суук мунжулар, бирок аларда мүнөздүн шедеврлери болушкан бөлүктөр да жок эмес" [48, с. 328].

Дагы бир мисалга кайрылсак, Стендаль В. Скоттун чыгармачылыгына карата төмөнкүдөй пикир айтыптыр: "Карасаңыздар, канчалаган көп адамдар сэр Вальтер Скотту улуу адам деп жарыялоого кызыкдар. Алардын саны канча көп болсо да, мен XIX кылымда ушунчалык модалуу болгон эки жүздүүлүк беткабын кийбейм; ачык эле айтам: мен шотланддык романчынын даңазасы жарым-жартылай азайышы үчүн он жыл эле жетиштүү болорунан шектенбейм" [96, с. 317]. Стендалдын бул олуялыгы акталган жок. В. Скоттун чыгармалары кыйла узак мезгил сыноосун чым этпей көтөрдү. Алар азыр да зор кызыгуу менен окулуп жана изилденип келатат.

XX кылымдагы орус адабиятынын тарыхынан эле айрым мисалдарды келтирсек, бир кездерде тескери бааланып келген М. Булгаковдун, А. Ахматованын, А. Платоновдун ж.б. чыгармачылыктары ошол кылым акырында маанилүү кайра аңдоону баштан кечирбедиби?!

Кыргыз адабиятынын фактыларына кайрылсак, көркөм дөөлөттөргө карата жогоркудай оң-сол мамилелер биздин улуттук адабият таанууда да орун алып келгенин көрө алабыз. Алсак, улуу жазуучубуз Ч. Айтматов "Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу" [4, 7-13-бб.] деп баалаган "Манас" эпосуна карата бир мезгилдерде өтө эле аша чапкан терс пикирлер айтылган экен. Мисалы, сынчы П. И. Балтин "Против фальсификации устных произведений" (Советская Киргизия, 1952, май) деген макаласында "Манас" эпосун элдик эмес деп жарыялаган. Ө. Жакишев "Манас" эпосунун

негизги варианттары жөнүндө” (Кызыл Кыргызстан, 1952, 18-май) аттуу макаласында анын С. Орозбаковдон жазылып алынган вариантын “хандык-феодалдык” деп белгилейт [87, 43-47-бб.].

Кыргыз профессионал жазма адабиятынын пайдубалын түптөөчүлөрдүн бири болгон К. Тыныстанов башкалар менен биргелешип жараткан “Академия кечелери” пьесалар үчилтиги убагында төмөнкүчө терс баага татыган экен: “Канкор Манасты баш кылып, Шабданды төш кылып, башка феодалдардан бери пролетардык сахнада көрсөтөт. Байлар менен кедейлердин ортосундагы таптык жиктелүүнү жок кылат. Ушунусу менен революцияга, совет бийлигине каршы чыгат” (Токомбаев А. Академия кечеси тууралуу // Ленинчил жаш, 1932, 16-февраль) [87, 35-б.]. А. Токомбаевдин “Кандуу жылдар” аттуу ыр менен жазылган романы, К. Маликовдун “Балбай” поэмасы да бир убактарда саясий айыптар тагылып, колдонуудан алынып салынганы биздин эсибизде.

Ошентип, мезгилдин өтүшү менен көркөм чыгармаларды кабылдоо, аларды баалоо жаатында өзгөрүүлөр жүрөт. Окурмандардын көп мууну классикалык деп эсептеп келген чыгармалар эстетикалык таасир көрсөтүүсүн токтоткон, алардын чыгармачыл дарамети азайган учурлар да болот. Мындай кубулуш дүйнөлүк адабияттын шедеврлеринин жашоосунан да байкалат. Бирок бул алар такыр эле жараксыз болуп калды дегендик эмес. Бир топ мезгилдерден соң алардын мааниси кайра артып чыга келиши да мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр аздыр-көптүр алыскы өтмүшкө (антик дооруна, Кайра жаралуу дооруна, Агартуу дооруна, XIX кылымга, XX кылымга) гана тийиштүү эмес, мындай процесстер глобалдуу мүнөзгө ээ. Б.а. учурдагы адабиятка карата мамилелер да ар кыл болуусу мүмкүн. Келечек эски-жаңы көркөм-адабий туундуларга карата кандай чечим чыгарарын эч ким так айта албайт.

Ошентип, өткөн доорлордон калган көркөм дөөлөттөрдүн заманбап коомдун маданий, руханий турмушу менен байланыш-катышы ар кыл ыңгайда каралышы мүмкүн. Эң негизгиси **Акыйкаттык**, **Сулуулук** жана **Жакшылык** дөөлөттөрүн камтыган көркөм өнөр чыгармалары руханий дөөлөттүк мазмунун жоготпой сакталышаары реалдуу тарыхый-адабий кубулуш деп айтууга болот.

Биз жогоруда ар башка окумуштуулар тарабынан айтылган ойлорду системалаштыра келип, көркөм дөөлөттү баалоодо, анын касиет-сапаттарын аныктоодо негиз катары кызмат кылуучу орток ченөлчөмдөр катары төмөнкүлөрдү колдонууну сунуштайбыз:

1) Көркөм чыгармадагы элестүүлүк (образдуулук) (дүйнөнү сезимдик-элестик өздөштүргөн чыгарма көркөм баалуулукка ээ);

2) Көркөм чыгарманын мазмуну менен формасынын төптүгү (мазмуну менен формасы гармониялуу чыгарма көркөм баалуулукка ээ);

3) Көркөм чыгарманын идеялуулугу жана этикалуулугу (окурманды адеп-ахлактуулукка же жарандуулукка тарбиялаган, **жакшылык** кылууга үндөгөн чыгарма көркөм баалуулукка ээ);

4) Көркөм чыгарманын эстетикалуулугу (окурманга эстетикалык таасир, ыракат берген, анын табитин өстүргөн, **сулуулукту** тааныткан чыгарма көркөм баалуулукка ээ);

5) Көркөм чыгарманын таанып билүүчүлүк мааниси (окурманга оң, туура маалымат берген, **акыйкаттыкты** таанууга, баалоого багыттаган чыгарма көркөм баалуулукка ээ);

6) Автордун таланттуулугу (Таланттуулук чен-өлчөмү эң бир татаалдардан жана көп маанилүүлөрдөн болуп саналат, анткени таланттуулук адатта кандайдыр бир жаңыны ачуу менен байланышкан. Көп учурда аны замандаштары кеч баалай турган болуп чыгат.);

7) Автордун жаңычылдыгы (Көркөм дөөлөттү баалоо, бир жагынан, эмнедир жаңыны ачууну, башка жагынан, ошол жаңыны тиешелүү көркөм тил менен берүүнү, б.а. маданий салт менен байланышты болжойт. Көркөмдүктүн чен-өлчөмү жаңычылдык менен салттын төп келүүсү, гармониясы болуп калат. Мында, көркөм өнөрдүн тарыхында кайталоо байкалат да, абсолюттук жаңычылдык иш жүзүндө эч качан болбойт. Психологдордун пикиринде, адам принцибинде абсолюттуу жаңы эч нерсе жарата албайт; эң акыркы фантазия, кыялдануу – түпкү эсепте мурда барды комбинациялоо. Бул, биринчи кезекте көркөм жаңычылдыкка тийиштүү болот.);

8) Көркөм чыгарманын тили, же тилдик чен-өлчөм (Сөздөр тутуму, лексика, адабий чыгарма – бул сөздөрдүн тутуму, бул текст жана ошондуктан тилдик чен-өлчөм универсалдуу, абсолюттуу болуп калат. Тилдик чен-өлчөм автордун катышуусун көбүрөөк уланмалуу жүзөгө ашырат да, түпкү эсепте стиль чен-өлчөмүн аныктайт.);

9) Көркөм чыгарманын стили, же стиль чен-өлчөмү (Ал эми стиль идеялар системасын да, көркөм ой жүгүртүү тибин да, көркөм багытка таандыктыкты да, тилдин курулушун да кучагына алат. Бюфондун афоризми боюнча – «стиль деген – бул мен».);

10) Көркөм чыгарманын тарыхыйлуулугу (Көркөмдүк чен-өлчөмү тарыхый табиятка ээ, тарыхыйлык принцибине баш ийет, анткени ар бир адабий доор өзүнүн дөөлөттөрүнө ээ болот да, көркөм өнөр чыгармасы ошого ылайык каралууга тийиш. Көркөм өнөр чыгармасы өтпөс баалуулукка ээ болот: жаңы чыгарма мурункусун жокко чыгарбайт, б.а. улам кийинки чыгарма мыкты болууга тийиш. Заманбаптык чен-өлчөмү көркөм өнөрдүн маанилүүлүгүн аныктабайт.).

# 5. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АКСИОЛОГИЯЛЫК ТААНЫМЫ ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТТӨРГӨ КАРАТА КӨЗ КАРАШТАРЫ

**5.1. Кыргыз элинин аксиологиялык таанымы.** Албетте, ар бир элдин, улуттун өзүнө гана тийиштүү дөөлөттөр тутуму бардыгы, ал нечен кылымдар ичиндеги турмуштук тажрыйбадан жаралгандыгы талашсыз. Кыргыз эли да өз менталдуулугун аныктап турган дөөлөттөргө ээ. Ал баалуулуктардын арасында А**кыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** сөзсүз бар, керек болсо алар кашкая бөлүнүп турушат. Муну элдик акылмандыктын чулу үлгүлөрү болгон макал-лакаптардан таасын байкай алабыз. Алсак, **акыйкаттык** тууралуу төмөнкүдөй макалдар бар: «Ак ийилип сынбайт» [82, с.17], «Калк айтса, калп айтпайт» [82, с. 88], «Кеп чынынан бузулбайт» [82, с. 97], «Туура бийде тууган жок, тууганду бийде ыйман жок» [82, с. 153], «Туура сөз тууганга жакпайт» [82, с. 153]. **Жакшылык** момундай макалдарда жар салынат: «Жакшы кеңеш – жарым ырыс» [82, с. 60], «Жакшы сөз – жан семиртет, жаман сөз – жан кейитет» [82, с. 61], «Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт» [82, с. 61], «Жакшыны – сөз өлтүрөт, жаманды – таяк өлтүрөт» [82, с. 62], «Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт» [82, с. 62], «Эрге кылган жакшылык жерге калбайт» [82, с. 177]. **Сулуулуктун** касиет-сапаттары макал-лакаптарда төмөнкүчө берилет: «Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө» [82, с. 22], «Сакалдын көркү чалда бар, сулуунун көркү калда бар» [82, с. 135], «Сулуу – сулуу эмес, сүйгөн сулуу» [82, с. 140], «Сулуулугунан жылуулугу» [82, с. 141], «Сындуу болсо өтүгүң, оорутпасын бутуңду» [82, с. 143], «Чырайды чылап ичпейт» [82, с. 165]. Келтирилген мисалдар элибиз турмуштук көрүнүштөргө, кубулуштарга карата илгертен эле аксиологиялык мамиледе болуп келгенин, ал мамиле көпчүлүк учурда пайдалуулукка (утилитардуулукка) басым жасап турганын, дал ушул жагдай элибиздин көркөм сөз өнөрүндө, эл оозеки чыгармачылыгында көркөм чагылгандыгын айгинелейт. Ушул жагдайды адабиятчы К. Даутов туура баамдап, кыргыз эли материалдык, адеп-ахлактык, маданий көркөм байлыктарга карата мамилесин сөз менен билдирип келгенин, ал мамиле баа берүүчүлүк мүнөздө болгонун белгилейт [47, 19-б.].

Кыргыз философтору да элибиздин аксиологиялык дүйнө таанымы эбакта эле табият койнунда эркин жашоо шарттарынан улам калыптанганын бир ооздон айтышат [51, 88-б.]. Туура, таза табияттын койнунда өмүр кечирген кыргыз баласы табият, турмуш тууралуу ой жорубай, андагы акыйкаттык мыйзамдарын, жакшылык-жамандыктарды, сулуулук-кооздуктарды талдабай коё алмак эмес.

Кайсы гана элдин болбосун элдик оозеки чыгармачылыгында анын көп кылымдык акыл-эстик, эмпирикалык тажрыйбасы, турмуш-тиричилиги, материалдык жана руханий дөөлөттөрү чагылтылганы чындык. Муну биз жогоруда келтирилген макал-лакаптардын мисалында баамдай алдык. Ошентип, кыргыз элинин адамзаттык дөөлөттөргө мамилеси анын каада-салтында, оозеки көркөм сөз өнөрүндө жашоо улап, муундан муунга өтүп келген [75, с. 159].

Элибиздин аксиологиялык дүйнө таанымынын бир маанилүү өзгөчөлүгү, анын дайыма, кай заманда болбосун табият менен ажырагыс карым-катышта өнүккөндүгү болуп саналат. Муну белгилүү ойчул Т. Аскаров мындайча баса белгилейт: «Кыргыз элинин эстетикалык көз караштарынын башатын калкыбыздын атам-замандардан бери келе жаткан айлана-чөйрө менен болгон карым-катышынан, ырым-жырымдарынан, макал-лакаптарынан ж.б. издегенибиз туура» [16, 10-б.]. Ырасында да, **акыйкаттык, жакшылык, сулуулук** ж.б. өңдүү жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн булагы, башаты, жаратуучусу эл эмеспи, дал ушул эл гана улут маданиятын, улуттук дөөлөттөрдү түзүп, сактап, өзүнөн кийинкилерге өткөрүп берүү милдетин нечен кылымдар бою эч буруу-терүүсүз аткарып келген.

«Башканы коюп, «Манасты» айт» деп накыл сөздө айтылгандай, даңазалуу эпосубуз кыргыз элинин дөөлөттүк көз караштарынын, идеяларынын чулу уюткусу болуп саналат. Анда **өмүр-өлүм, чындык-жалган, жакшылык-жамандык, ак-кара, сулуулук-серттик** ж.б. эстетикалык, дөөлөттүк категориялар кеңири орун алган. «Манас» эпосу – турушу менен терең аксиологиялык мазмунга ээ көркөм дөөлөт. «Манас» эпосунда өмүр-өлүм, эмгекчилдик, каармандык, ар-намыс, жупунулук менен токтоолук, даанышмандык менен убадага бектик өңдүү турмуштук дөөлөттөр абдан сонун чагылтылган [6, с. 140-221].

Биздин оюбузча, улуу мурасыбыз болгон «Манас» эпосун баалуулуктук өңүттө кеңири иликтөө, тарыхый-этнографиялык, адабият таануучулук, философиялык, социологиялык жактан комплекстүү изилдөө зарыл. Себеби, «Манас» эпосунда кыргыз элинин кылым карыткан элдик каадалары, аздектеген баалуулуктары таасын чагылган. Муну биз эпостун бардык варианттарынан айкын көрө алабыз.

Азыркы кезде улуу эпосубузду дөөлөттүк өңүттө аңдаштыруу, анын тулкусунда катылып жаткан улуттук дөөлөттөрүбүздүн касиет-сапаттарын ачуу өзгөчө актуалдуу. Бул кыргыз элинин дүйнөлөшүү ургаалдуу күч алып бараткан заманда иденттүүлүгүн сактап калуусуна, өткөнүн унутпай, тарыхый эстутумун жоготпой жашоо улантуусуна да өбөлгө түзөт. Анткени, элибиздин аксиологиялык салттары улуу «Ма-

нас» баштаган элдик эпостордо да кенен чагылтылган. Элдик эпосторду аксиологиялык акыл-ойдун кенчи деп атасак жаңылышпайбыз.

Кыргыз элинин аксиологиялык көз караштары кийин акындар чыгармачылыгында ар тараптуу тереңдетилип, бийик деңгээлге чыгарыла өнүктүрүлгөн. Бул жааттагы изилдөөлөр абдан эле арбын. Окумуштуулар аларда кыргыздын төкмө жана жазгыч акындарынын дүйнө таанымы аксиологиялык мүнөздө болгонун баса белгилешет. Легендарлуу ырчылар Асан кайгы, Толубай сынчы жана Санчы сынчынын мурастары эмне деген байлык, эмне деген баа жеткис мурас?!

М. Абдылдаев кезегинде «Мурас» аттуу акындардын чыгармалар жыйнагын түзүп, ага жазган баш сөзүндө бир катар маанилүү ойлорду айткан: «Албетте, эл акындарынын поэзиясынан бүткөн бир философиялык ыраатты таба албайбыз. Ошондой болсо да, биз алардын чыгармаларынан аалам, дүйнөнү таанып-билүү, жаратылыштагы ар түрдүү кубулуштар жөнүндөгү түшүнүктөрүн, сулуулук, көркөмдүүлүк ойлорун арбын кезиктиребиз» [2, 5-б.].

Кыргыз акындарынын чыгармачылыгынан дөөлөттүк мүнөздөгү ойлорду арбын эле табууга болот. Бирин-экин мисалдар келтирсек, Арстанбек Буйлаш уулунун терме, санат, керээз ырларында мааниси бийик, наркы жогору, кундуу асыл ойлор арбын. Ал эми Токтогул Сатылгановдун «Насыяттарында» жалпы адамзатка таандык зор баалуулукту – **эмгек** баалуулугун даңазалоо күчтүү берилген. Кыргыздын төкмө жана жазгыч акындары элибиздин жан дүйнөсүндө уялаган этикалык-эстетикалык дөөлөттөрдү абдан көрөсөндүү кылып ачып беришет. Филология илимдеринин доктору А. Турдуговдун пикиринде, акындар чыгармачылыгында руханий жана материалдык дөөлөттөрдүн гармониясы түзүлөт [105, с. 165].

Аталган окумуштуу «Аксиологические парадигмы акынской поэзии: к вопросу о структуре, поэтике, форме и содержании» деген аталыштагы көлөмдүү макаласын жарыялаган. Бул макала тууралуу талдоо жасай келип, ф.и.д. К. Абакиров анда акындык поэзия өнөрүнүн «...руханий баалуулук катары ички мүнөзүн ачкан» [1, 722-б.] деген ой айтат. Туура, макаланын темасы абдан маанилүү, керек болсо диссертациялык жүк көтөрүп турат. Бирок анда акындар поэзиясынын орчундуу аксиологиялык маселелери такыр эле сыртта, көмүскөдө калган.

Ушул жерден кыргыз илиминде аксиологиялык маселелерди кимдер козгошконун атай кетели. Бул социалдык-гуманитардык илимдерде азыр актуалдуу болуп жаткан салаанын биздеги аянычтуу абалын даана көрсөтөт. Адегенде эле Б. Темишовдун «Аксиологическое измерение исламской культуры в условиях глобализации» (2008) деген диссертациясын атай алабыз [100]. Ал философия илимдери боюнча жазылган.

Мындан тышкары педагогика илимдеринин кандидаты Г. У. Соронкулов «Кыргызы и лейтмотив «Восток-Запад» в художественной аксиологии Пушкина» (2012) аттуу адабият таануучулук мүнөздөгү китебин жарыялаган. Анда орустун улуу акыны А. С. Пушкиндин чыгармачылыгында автордук дөөлөттөр тутумунун көрүнүүсү өзгөчө дыкат талдоого алынат [95]. Бирок бул китеп кыргыз адабият таануусуна кыйыр гана түрдө байланышат. Ошентип, кыргыз илиминде аксиологиялык изилдөөлөр али терең тамыр жайып кете элек.

Биз, албетте, акын-ырчылардын чыгармаларынан үзүндүлөрдү алып, сөзүбүздү узарткыбыз келген жок, анткени алар окурмандар журтчулугуна жакшы тааныш. Кыргыз элинин дүйнө таанымы илгертеден эле баалоочулук мүнөздө болгону, ар бир затка, кубулушка, көрүнүшкө карата өзүнүн аксиологиялык мамилесин билдирип келгени белгилүү. Мына ушул **ыйык башат – кыргыз элинин аксиологиялык таанымы** кийин XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынан кенен орун-очок алган. Натыйжада кыргыз адабияты бир кылымга жетпеген убакыттын ичинде руханий-адептик мааниси эң бай көркөм дөөлөттөрдү жаратууга жетишти.

XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятында философиялык мазмунга тунган, акыйкаттык менен жалгандык, жакшылык менен жамандык, сулуулук менен көрксүздүк маселелери кеңири чагылган, **Акыйкаттыкты** туу тутуп, **Сулуулукту** даңазалап, **Жакшылыкка** кызмат өтөгөн чыгармалар абдан арбын болду. Алардын айрымдарын атай кетсек, А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар», М. Элебаевдин «Узак жол», К. Жантөшевдин «Каныбек», Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба», Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», К. Жусубалиевдин «Муздак дубалдар», К. Акматовдун «Мезгил», М. Мураталиевдин «Сары кар» романдары өз тулкуна баалуу аксиологиялык ой-туюмун сиңирип турат. Ошентип, **улутубузга таандык байыркы жана азыркы материалдык-руханий маданияттын бай мурасы сөздүн тике маанисинде өлбөс-өчпөс көркөм дөөлөттөр болуп саналат**.

**5.2. А. Токомбаевдин дөөлөттүк мазмундагы ойлору.** Биздин керемет өлкөбүз Кыргызстанда XXI кылымдын башы көркөм өнөр туундуларына кызыгуу абдан азайганы менен эсте калчудай. Азыр жаш муундар XX кылымда кыргыз көркөм өнөрүндө, анын ичинде кыргыз профессионал жазма адабиятында жаратылган асыл нарктарды билишер болду бекен деп суроо таштасаңыз, аягында «кап, сурабай эле койбой» деп өкүнөрүңүз бышык. Ошентип, көркөм дөөлөттөргө карата мамиле жаңы кылым башында абдан олуттуу өзгөрүүгө дуушарланды.

Анткени менен мындай абал кантсе да жакшылыктан үмүт үздүрбөйт. Учур талабына ылайык кыргыз көркөм сөз өнөрүндө токсон-жүз

жыл ичинде жаратылган чыгармалардын көркөм дөөлөттүк нарк-насилин кайра баалап алууга шарт түзүлүп отурат. Эми кыргыз адабиятындагы миң сандаган чыгармалардын жакшы-жаманын ылгап алуу менен маданий көчтө сапары узакка кете тургандарын аныктайбыз. Нукура көркөм дөөлөттүк касиет-сапатка ээ жаралгаларга анык баасын беребиз. Мындай татаал талдоочулук ишинде биз чыгармалардын тулкусунда **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** дөөлөттөрү орун алганына басым коюу менен оң натыйжага жете алабыз. Адамзаттын орошон ойчулдары Платон, Аристотель, Буало, Лессинг, Дидро, Гельвеций, Сент-Бёв, Гегель, Маркс, Энгельс, Белинский, Чернышевский, Добролюбов, Плеханов ж.б. өңдүү көптөгөн инсандардын көркөм өнөр чыгармаларына берген бааларында шарттуу аталган үч түшүнүктүн болушу же болбошу ал же бул даражада дайыма эске алынып келген.

Албетте, адабий-эстетикалык ойдун алптарынын айткан орчундуу ой-пикирлерине таянуу менен бирге биз өзүбүздүн залкар калемгерлерибиздин көркөм дөөлөткө карата мамилесин да кыйгап өтө албайбыз. Кыргыз профессионал жазма адабиятынын улуу муундагы өкүлдөрү кезегинде көркөм чыгармачылыкка, көркөм дөөлөттөрдү түзүү ишмердүүлүгүнө карата маанилүү ойлорун билдиришкен. Алардын сап башында Аалы Токомбаев тураары белгилүү. Ал чыгармачылык ишмердүүлүккө карата мамилесин «Өмүр баяным» деген эссесинде таасын көрсөткөн.

А. Токомбаевдин терең ишениминде көркөм адабияттын негизи адам турмушунда жатат: «Турмушта эмнелер гана жок! Кубаныч менен өкүнүч. Күлкү менен ый, шаттык менен кайгы, жалкоо менен ишмер, сүйүү менен күйүү, караңгы менен жарык, акыл менен акмак, жеңилүү менен жеңүү, жек көрүү менен жан тартуу – дагы-дагылар толуп жатат, бул чындык» [102, 681-б.]. Мына ушул текст бизге калемгер жашоонун өтө татаалдыгын, анда түрдүү дөөлөттөр бири бирине эриш-аркак орун алганын, карама-каршылыктардын ушул зор түйдөгүнөн **Акыйкаттыкты** табуу кыйындыгын жаземдебей байкаганынан кабар берет. Жазуучунун ою боюнча «Турмуш – деңиз, андан канал алуу оңойлук менен келе койбойт» [102, 679-б.]. Сүрөткерлер үчүн турмуш чындыгын жогору көркөмдүктө жана акыйкаттуу берүү чынында да машакаттуу. Чебер калемгерлер гана ушундай деңгээлге жете алышат.

Турмуш чындыгын чыгармада чагылтууга карата А. Токомбаевдин көз карашы төмөнкүчө: «Көркөм чыгарма окуянын гана эсебин бербестен, сезим аркылуу көркөмдүк менен элестүү түрдө жеткирүүгө тийиш» [102, 681-б.]. Албетте, кандай гана калемгердин болбосун, жазган адабий туундусунда көркөмдүк, сонундук, же **Сулуулук** сөзсүз орун алуусу абзел. Анан ошол сулуулук сезимди ойготор кудуретке ээ болуусу кажет. Ушул жагдайды залкар сүрөткер мындайча туюнтат:

«...окуган адам андагы каармандарга кайдигер калса, аны көркөм чыгарма дешке болбойт» [102, 681-б.]. Демек, чыныгы көркөм дөөлөт, анын кейипкерлери окурмандын жан дүйнөсүнө терең орноп, анда карама-каршылыктуу сезим-туйгуларды пайда кылуусу шарт.

Залкар сүрөткер өзү жаңы калем кармаган кезде үйрөнүү маселесин тескери түшүнүп, жазуучу эч кимден үйрөнбөшү керек, үйрөнүп жазгандар жазуучу эмес деген ката ойдо жүргөнүн айтат. Кийин болсо, адабий үйрөнүү – бул көп окуп, көптү билүү деген тыянакка келет. Анын ою мындай: «...жаш жазуучу канчалык көп окуса, канчалык көп билсе, канчалык турмушка кана түшсө, анын үйрөнгөнү ошол. Жазуучунун негизги окутуучусу – көп кырдуу, көп сырдуу турмуштун өзү...» [102, 676-б.].

А. Токомбаевдин пикиринде сабаттуу кишилердин бардыгы чыгарма жаза алат, бирок «өмүрдүү, чебер, көркөм искусство түзүшкө «дүрмөтү» жетпейт» [102, 678-б.]. Узак өмүргө ээ көркөм дөөлөттү жаратуу чыныгы таланттын гана колунан келет. Ошол эле учурда, талантты кароосуз таштап койсо, «...эмгексиз, билимсиз жана турмуштун көп кырдуу сырларынан четте калса, анын ишенген таланты өзүнөн-өзү жоголот» [102, 678-б.]. Демек, көркөм чыгармачылык ишинде талант менен билим айкалышып туруусу кажет. Калемгердин бул кеңеши бүгүнкү күнү да актуалдуулугун жогото элек. Талант да, билим да чыгармачыл иш үчүн мааниси зор баалуулуктар.

Залкар калемгер адабий чыгарманын өзөгү турмуш чындыгынан алынарын белгилөө менен катар, турмуштук окуяларга тандамал мамиле кылуу зарылдыгын да эскертет. Анын ою боюнча окуяны, көрүнүштү ошол турпатында, көзгө кандай көрүнсө ошондой жазган туура эмес, анын артында эмне жатканын, анын эртеңи, келечеги кандай болорун, б.а. окурмандар кандай кабыл аларын көрө билүү керек. Чебер калемгер реалдуулукту фантазия менен айкалыштыра алуусу, өз чыгармасында прогрессивдүү романтиканы камтуусу зарыл, антпесе ал жараткан адабий туунду «...мезгил көрүнүшүнүн регистратору катарында калат» [102, 681-б.]. Кыргыз адабиятынын өнүгүү жолун иликтей келгенде, өз мезгилинин көрүнүштөрүн гана каттап-чоттогон, келечекте да окурмандын жан дүйнөсүн бүлүккө салууга анчейин жарабаган туундулар арбын экенин көрөбүз. Мунун себеби, бардык эле калемгерлер өз чыгармачылыгына бийик талап коюшпаганында жатат.

Жогорку талдоодон көрүнүп тургандай, Аалы Токомбаев адабий чыгармачылыкка абдан олуттуу мамиле жасап, көркөм туунду жаратууга өтө бийик талаптарды койгон. Муну анын чыгармалары – эң ириде «Кандуу жылдар» романы айгинелейт. Сүрөткердин көркөмдүк ишмердүүлүктүн табияты тууралуу ой-пикирлери адабий-теориялык мааниге, руханий-дөөлөттүк мазмунга ширелгени менен өзгөчөлөнөт.

**5.3. Т. Сыдыкбековдун көркөм дөөлөттөргө мамилеси.** Кыргыз профессионал жазма адабиятынын дагы бир аксакалы Түгөлбай Сыдыкбеков да көркөм-адабий туунду жаратуу ишмердүүлүгүнө олуттуу мамиле жасап, макалаларында, маектеринде бул жааттагы тажрыйбасын жаш калемгерлерге өткөрүп берип жүргөн. Анын көркөм дөөлөттөрдүн табияты, маани-мазмуну, чыгармачылык чеберчиликтин сырлары туурасында айткан ой-пикирлери бүгүн дагы теориялык жактан зор кызыгуу туудурат.

Ушуга байланыштуу залкар сүрөткерибиз Т. Сыдыкбековдун көркөм дөөлөткө мамилеси кандай болгонуна баам салып көрөлү.

Түгөлбай Сыдыкбековдун «Мен миң жыл жашадым» аттуу жыйнагын барактап отуруп «Тунгуч романдын тегерегинде» деп аталган маекке көңүл бургубуз келди. Белгилүү журналист Тенти Орокчиев Т. Сыдыкбековго «Тоо арасында» романында турмушта болбогон кейипкер, окуя барбы?» деген собол таштаганда ал: «Жок. Менимче жазуучуну баарыдан мурда турмуш чындыгы кызыктырууга тийиш», - [99, 279-б.] деген жооп узатат. Андан залкар калемгерибиз да нечен кылым мурда жашап өтүшкөн, же өзү менен замандаш көркөм сөз чеберлери сындуу эле чыгармачылыкта турмуш чындыгын, б.а. **Акыйкаттыкты** туу тутаарын баамдадык.

Т. Сыдыкбеков жогорку оюн чечмелеп мындай дейт: «Жазуучу, сөзсүз турмуштагы чындыкты сүрөттөйт. Бул көзгө көрүнгөндү катары менен ала берүү деген сөз эмес, мүнөздүү иштерди көрүү. Мүнөздүү иштерден мүнөздүү окуяны жаратуу. Эмгектеги жөнөкөй кишилерден жөнөкөй каармандын татаал дүнүйөсүн ачуу… Демек, каарман жаратуу – адамдын бай жана татаал дүнүйөсүн ачуу, жөнөкөй жана сырдуу, кызыктуу кебетесин сүрөттөө» [98, 116-б.]. Энгельстин «типтүү мүнөздөрдү типтүү кырдаалдарда ачуу керек» деген реализмге берген аныктамасы менен үндөшүп турат. Демек, ал турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландыра билүүнүн устаты. Муну анын «Тоо арасында», «Биздин замандын кишилери» ж.б. романдарынан айкын байкай алабыз.

Т. Сыдыкбеков: «Адабияттын асыл дарагына кубат берген булак – элдин улуу турмушу», - [98, 134-б.] дейт. Буга «Кең-Суу» (кийин оңдолуп «Тоо арасында» аталган) романынын мисалынан улам ынана алабыз. «Көк асаба» романын жаратууда да автор так ушул эл турмушун, чындыгын берүүгө умтулган деп түшүнсөк болот. Жазуучу «Көк асабанын» жазылышы туурасында төмөнкүчө ой бөлүшөт: «Эми «Көк асаба» тууралуу сөз козгоп кеттиң. Бул көп иштелди. Муну жазууда үч нерсеге негиздендим; биринчи – тарыхый маалымат. Экинчи – «Манас» баштаган оозеки чыгармачылык, санжыра. Үчүнчү – элдин руханий дүйнөсү. Ушул үчөөнү салыштырып караганда бирине-бири өрүлүш-

көн алтын аркан сыяктанып көрүндү маа. «Тоо арасында» менен «Биздин замандын кишилерин» кандай ишенип жазсам, мында да ошенттим. Тарыхый кырдаал менин дилиме ушунчалык сиңди» [99, 272-б.].

Жазуучу кызыктуу окуя кубалап чыгарма жаратууга каршы болуп, турмуштун, турмуш чындыгынын, же Акыйкаттыктын абдан кызык, өтө сонун экенин белгилейт. Мисалы, ал минтет: «Ал тургай: «Китеп болсо кызык болсун. Кызыгы жок китеп да китеппи!» дешип бардык касиетти жылаңач окуядан тааныгандар жазуучуларда да жок эмес. Менимче, «кызык» дегендин түшүнүгү бир топ кең. Ал жеке эле чиелешкен окуялар менен чектелбейт, орунсуз жалган окуя кайра китептин кызыкчылыгын жоёт. Кызык деп биз нак турмуштун өзүн айтабыз. Турмуштан кызык, дүнүйөдө эч нерсе жок. Кеп турмуштун кызык жагын тааный билиште!» [98, 405-б.]. Эгер Т. Сыдыкбековдун оюна терең үңүлө карасак, ал үчүн **Жакшылык да, Сулуулук да турмуш чындыгында, б.а. Акыйкаттыкта жатат**.

Түгөлбай Сыдыкбеков көркөм адабиятты жогору баалап, аны Жакшылыкка жол ачкан мааниси зор курал катары карайт. Төмөнкү пикирин окусаңыз дал ошону баамдайсыз: «Албетте, көркөм адабият – ал адамдын өмүрүн, ишин баяндаган, ички дүнүйөсүн, мүнөзүн, кыял-жоругун ачкан, кебете-кешпирин элестеткен, айтор, бардык жагынан адамдын адамдык касиеттерин эң кылдат, чебер, эң таасын сүрөттөө менен кайра адамдын өзүнө тарбия таалим берүүчү, адамдын өзүн эмгекке шыктандырып, алдыңкы жарык өмүрдө күрдөөлдүү, туура жашап өтүүгө кызыктырып, ыплас, терс, жаман иштерден сактантып, жакшы, асыл иштерге шыктандырып, ага шексиз жетүүгө чоң үмүткөр кылып, ошону менен адамдын ой-сезимин ойготуп, аны мемиретип, жыргатып, анын көңүлүн көтөрүп, ага акыл, ой кошуп, дайым жакшылыкка баштап жүрүүчү кеменгердиктин милдетин аткарган асыл курал!» [98, 117-118-бб.]. Бул сөздөр улуу жазуучу А. М. Горькийдин «адабият адам таануу илими» деген оюн коштоп турат.

Атактуу сүрөткер көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер чыгарма жаратуу түйшүктүү, машакаттуу иш экенин моюнга алат. Аны төмөнкүчө туюндурат: «Эмесе, мазмунга бай, максаты кең, башкага үлгү болгудай турмуштук сонун окуялардын көркөм элестерин туура чагылтып, ага көркөмдүк боёк жагып, жарык идея берип, бүгүнкүгө – үлгү, эртеңкиге – мурас болуп калгыдай ынак чыгармаларды жаратыш адабият менен көркөм өнөр ишмерлерине да арзанга турбайт» [98, 197-б.]. Бул тексттен биз баамдаган ой – чыныгы көркөмдүктү, же көркөм дөөлөттү жаратуу үчүн талыкпай, тажабай эмгектенүү керектиги. Ырасында эле эч убакта чыныгы көркөмдүк, же сонундук, асылдык оңой-олтоң жарала

калбайт. Көркөм дөөлөттү жаратуунун түмөн түйшүгү, машакаты бар экендигин тастыктаган ой-пикирлер ого эле көп.

Дагы мындай дейт: «Жазуучунун күчү жардамды четтен күтүп олтурбастан, өз кемчилигин өзү табышта. Чебер жыгаччы көркөм буюм жасап жатып, ал алда нече ирет ылгап, текшерип, бир сүрүп, бир карап кылдат иштеген сыңары, жазуучу да өз чыгармасын зерикпей баса олтуруп, ашыкпай, негиздүү иштеп улантышы керек. Чыгармачылык азабын сезбей жеңил иштегендик, ал жазуучунун күчтүүлүгү тургай, желип-жортуп ишине жеңил карагандыгы. Ким ат үстүнөн жеңил иштесе, анын каламынан чыккан роман, повесть көлөм жагынан бараандуу болсо да мааниси, көркөмдүгү көпшөк, дүмбүл калары талашсыз» [98, 103-б.]. Тилекке каршы мурун да, азыр деле чыгармачылыкта «ат үстүнөн» жеңил мамиле кылган, ошону менен **Акыйкаттыкты, Жакшылыкты, Сулуулукту** тебелеп-тепсеген мисалдар көңүлдү иренжитет.

Кыскача жыйынтыктай турган болсок, кыргыз элинин залкар таланты Түгөлбай Сыдыкбековдун көркөм чыгармачылыкка, анын мыйзамдарына карата өзүнчөлүктүү жеке оюу бар. Ал нукура көркөм дөөлөттүк касиетке ээ адабий чыгармаларды жаратуунун күйөрманы.

**5.4. Ч. Айтматов көркөм дөөлөттөр тууралуу.** Көркөм дөөлөттөр проблемасына карата адабий-теориялык ойлордун өнүгүшү жаатында биз бир нече макала-баяндамаларыбызда сөз кылганбыз. Анан мындай бир жыйынтыкка келген элек. Көркөм дөөлөттөрдү баалоо өтө татаал иш, ал жазуучунун чеберчилиги, чыгармада коюлган маселелердин олуттуулугу, көркөм элестердин так, даана түзүлүшү ж.б. өңдүү көптөгөн чыгармачылыкка байланыштуу чен-өлчөмдөргө таянылып жасалат. Мында негизги акцент көркөм өнөрдөгү **Акыйкаттыктын**, **Жакшылыктын** жана **Сулуулуктун** орун алышына коюлат.

Ошентип, көркөм дөөлөт түшүнүгүн аныктоонун өзү да татаал жумуш. Биз жогоруда атын атаган көптөгөн ойчулдардын пикирлеринде тигил же бул деңгээлде көркөм өнөр чыгармасында сөзсүз Акыйкаттыктын, Жакшылыктын, Сулуулуктун орун алышы белгиленген. Бул салттуу үчилтик көркөм дөөлөттөрдү кабыл алуудагы жана баалоодогу негизги таянычтар катары эсептелет. Демек, көркөм дөөлөт түшүнүгүн аныктоонун, көркөм дөөлөттү кабыл алуу менен баалоонун өзү дагы чыгармачылык татаал процесс.

Чыңгыз Айтматов 1963-жылы жаш жазуучулардын республикалык кеңешмесинде баяндама жасап, анда жаш калемгерлерге бир топ олуттуу насааттарын айткан. Бул мезгилде Ч. Айтматовдун бүткүл союздук алкакта аты чыгып, дүйнөгө таанылып калган болчу. Ошол сөзүндө залкар жазуучубуз өзү да бир кезекте көркөм өнөргө, көркөм адабиятка жана анда жаратылган көркөм туундуларга карата баёолук мамиле кы-

лып, бардык китептер жакшы деген ойдо жүргөндүгүн эскерген: «Эгерде азыр менин ишимде аздыр-көптүр ийгиликтер болсо, - дейт ал, - ошол ийгиликтер мен окуган китептеримди жаман-жакшыга ылгай баштаганымдан тартып башталды. Бир кездерде мен үчүн дегеле начар китеп деген болгон эмес. Китеп да начар болчу беле деген ойдо жүргөм. Кийин өзүм жаза баштаганымда да, сынчылардын талаш-тартыштарына көп түшүнө берген эмесмин. Качан гана адабияттын ички курулуш маселелерин, образдуу көркөм сөздүн жана куру кооз, жугуму жок сөздүн, чыгармада сүрөттөлгөн чыныгы сулуулукту жана жасалма сулуулукту таанып, сын көз менен карай баштагандан тартып, өз ишиме да башкача карай баштадым. Адабиятты тааный билүү адамга дароо эле келе койбойт. Аны үчүн адам көп окуп, көп иштеп, дүйнөлүк искусстводон бир катар кабардар болуу зарыл» [5, 19-20-бб.].

Айтматов өзүнүн ушул баяндамасында кыргыз адабиятынын кээ бир өкүлдөрүнүн табият берген шык-жөндөмүн өркүндөтүүгө, аны адабий-теориялык билимдер менен бекемдөөгө умтулушпаганына абдан зээни кейигенин маалымдайт. Алсак, Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаев өңдүү жердигинен таланттуу адамдар өз чыгармачылыктарын теория жагынан байытышса, көркөм өнөрдүн ар кайсы тармагында болуп жаткан турмуш менен байланыштырышса, дүйнөлүк атакка ээ болууга мүмкүнчүлүктөрү барлыгына ишенимин билдирет. С. Каралаев кийинчерээк төрөлүп, мыкты билимге каныкканда, анын поэтикалык деминен албан ийгиликтер жаралмак, ал Гёте менен Дантенин катарынан орун алмак дейт. Бул ойлордо кашкайган чындык бар. Азыркы учурда деле адабий-эстетикалык терең билимге каныгуу муктаждыгы көпчүлүк кыргыз калемгерлерине тийиштүү кемчилик бойдон калууда. Демек, улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун мындан туура элүү тогуз жыл мурда адабияттын жаш талапкерлерине кайрылып сүйлөгөн сөзүндөгү ойлор азыр деле актуалдуулугун жогото элек. Жыйынтыгында ал жаш калемгерлерге мындайча каалоо-тилек айтат: «Азыркы адамдын жүрөгүн, сезимин бийлейбиз десеңер, ага чоң-чоң философиялык ойлорго толгон, чыныгы поэзияга сугарылган, адамдардын копиясы эмес, тирүү, элестүү, ой-санаасы жакшылыкка умтулган образдары бар чыгармаларды берүүгө бел байлагыла. Балким ал граждандык поэма, балким ал трагедия, балким ал үй-бүлөлүк драма же новелла болор. Айтор, формасын кийин изилдеп аларбыз. Негизгиси – таланттуу жазылган, азыркы окуучуну толкундатуучу күчтүү чыгарма болушу керек» [5, 17-б.]. Ал эми мыкты чыгармаларды жаратуу үчүн мыкты билимге ээ болуу зарыл экени чындык эмеспи. Ошондуктан Ч. Айтматов жаштарга дүйнөлүк искусстводо эмне болуп жатса, ошонун баарын билгенге аракеттенгиле

дейт. Бул чыгармачылык изденүүнүн түйшүгүн нечен ирет башынан өткөргөн, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон адамдын айтар сөзү.

Чыңгыз Айтматов өз өмүрүндө далай маектерге катышып, интервьюларды берип, көптөгөн чыгармачыл инсандар менен пикирлешип, көркөм адабият, көркөм дөөлөт маселелери туурасында ойлорун ортого салып келген. Залкар таланттын мына ушундай ой корутундулары:

«Адабият эзелки өнөр, андыктан анын эзелки темалары да болот. Балким алардын эң башкысы, азыркы кездердеги романда да, эски жомокто да бирдей өнүккөн сюжет – адилеттүүлүк жана адилетсиздик адамдын тагдырында өзгөчө мааниге ээ болот» [5, 120-б.]. «Эгер китептер калп сүйлөсө, же андан да жаманы – жек көрүүнүн жана зомбулуктун үрөнүн сепсе, анда алардын авторлору этикалык оор кылмыш үчүн күнөөкөр болушат» [5, 120-б.]. «Эгер китеп өзүн окуп жаткан окуучунун акыл-эсин, уятын, намысын козгоп, анын жүрөгүн турмуштагы эң эле адам жийиркенерлик булганч, ыплас нерселерди көрсөтүү менен, же тескерисинче, тазалыктын, сулуулуктун жана улуулуктун картиналары менен титиретип, аны өзүнө жана өзүн курчап турган айлана-чөйрөгө тереңирээк кароого аргасыздантып, биротоло өзүнүн таасирине багындырып алса, биз муну искусствонун күчү дейбиз» [5, 137-б.].

Бул сөздөрдөн улам адабияттын эң башкы чен-өлчөмдөрү катары адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, жакшы менен жамандын, ак менен каранын, тазалык менен ыпластыктын, сулуулук менен ажарсыздыктын карама-каршылыктуулугу жөнүндөгү тыянак чыгат. Дүйнөлүк адабияттын тарыхында аты калган далай калемгерлер өз чыгармаларында мына ушулар тууралуу кеп кылышкан, чыныгы көркөм дөөлөттүн нарк-кунарын аныктоо аракетин жасашкан ойчулдар да мына ушуларга басым жасашкан. Демек, залкар жазуучубуз Ч. Айтматовдун көркөм дөөлөткө карата көз карашы да ушул маанайда болгону табигый нерсе. Бул илгертеден бери эстетикалык таанымда орун алып келе жаткан салттуу түшүнүктөр.

Бирок кантсе да кандай гана улуу калемгер болбосун, анын көркөм чыгармачылыкка, көркөм өнөр туундуларына карата мамилесинде, аларды кабыл алуусунда жана баалоосунда мезгилдин өтүшү менен сөзсүз өзгөрүүлөр жүрөт. Чыныгы калемгер дайыма изденүүдө болуп, нукура көркөм өнөр чыгармасын, б.а. көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ чыгарманы жаратуу үчүн тынымсыз аракеттене берет. Ал өзүнүн мындай ишмерлик процессинде чыгармасы түбөлүк жашоого укук алышын купуя каалайт. Ошондуктан өзүнүн жан дүйнөсүнөн агып чыккан төлдүн төрт тарабы төп болушуна күч үрөйт. Бул көркөм чыгармачылыктын түбөлүктүү мыйзамы.

Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов бул тууралында да абдан ачыктык менен өз пикирин ортого салган. Ал «Огонёк» журналынын атайын кабарчысы Феликс Кузнецовдун «Көркөм чыгарма канчалык узак жашай алат деп ойлойсуз?» деген суроосуна төмөнкүчө жооп айтыптыр: «Бул өзү эң бир татаал маселе. Кайсыл чыгарма канча жашаарын, кимиси өчүп, кимиси калаарын эч ким көзү ачыктык кылып, алдын ала айта албас деп ойлойм. Жазуучунун тагдыры сыңары эле ар бир чыгарманын өз тагдыры бар. Ошондой эле искусство, адабият, маданияттын баарына тегиз мыйзамдары да бар. Тигил же бул тарыхый формациянын талаптары да болот. Адабиятты жаңыча баалоонун негиздүү далалаты ушул биздин советтик доордо пайда болду. Жазылган чыгармалардын бардыгы биз социалисттик реализм деп атаган нерсенин методу менен өлчөндү. Мен албетте, бул терминге каршы эмесмин, кеп терминде эмес, кеп анын маңызында. Социалисттик реализм, сынчыл реализм, магиялык реализм, же дагы бир башкача реализм деп каалагандай атай берсек болот. Эң негизи – төрт тарабы төп көркөм чыгарма болсун. Бирок, тиги же бу роман, поэма, драма кандайча жаралып, анын болочок тагдыры кандай болооруна эч ким көзү ачыктык кыла албайт» [5, 351-б.].

Мына ушул суроо-жоопту талдап келип, көрүнүктүү кыргыз адабиятчысы Л. Үкүбаева айтат: «Төрт тарабы төп келген» чыгарма гана мезгил сынынан кебелбей өтүп, улам кийинки урпактарга рухий күлазык болуп, түбөлүк жашары чындык» [106, 112-б.]. Ушул бир сүйлөмдө көркөм дөөлөттүк табиятка ээ көркөм өнөр чыгармасынын бейнеси камтылган деп айтабыз.

Сөз соңунда айтарыбыз, кыргыздын атын дүйнөгө биринчи болуп тааныткан улут сыймыгы Ч. Айтматовдун өз чыгармачылыгында жараткан көркөм туундуларынын бардыгында **Акыйкаттык** чагылдырылып, **Сулуулук** даңазаланып, **Жакшылык** моралдык жеңишке ээ болуп турат. Демек, ал өзүнүн адабий ишмердүүлүгүндө чыныгы көркөм дөөлөт, чыныгы көркөм өнөр чыгармасы үч дөөлөткө – таанып билүүчүлүк дөөлөткө, эстетикалык дөөлөткө, адеп-аклактык дөөлөткө ээ болууга тийиш экендигин далилдей алган.

Ошентип, кыргыз адабиятынын аксакалдары А. Токомбаевдин, Т. Сыдыкбековдун жана залкар калемгерибиз Ч. Айтматовдун көркөм дөөлөт маселесине карата айткан ойлору абдан кызыктуу жана теориялык жактан баалуу. Ал тууралуу сөздү өз кезегинде дагы улантабыз.

# 6. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЧЫЛАРЫНЫН ДӨӨЛӨТ ЖАНА КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТ МАСЕЛЕЛЕРИНЕ КАРАТА ПИКИРЛЕРИ

Кыргыз адабият таануусунда иштелип чыккан теориялык эмгектерде дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелери өзүнчө объект, термин, түшүнүк катары каралбайт. Ал чыгарманын спецификалуу сапаты, көркөм өнөрдөгү сулуулуктун формасы, эстетиканын жогорку көрүнүшү деп гана белгиленет. Бул аныктама көркөм дөөлөттүн маанисин толук камтый албайт, анын бир өңүрүнүн гана чет-чеберин ачат. Андыктан, келечекте окумуштууларыбыздын алдында бул проблеманы ар тараптан тереңдетип изилдөө күтүп турат.

Азырынча кыргыз адабиятчылары дөөлөт жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнө карата өз көз караштарын ар кыл эмгектерде учкай болсо да билдирип келатышат.

Дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелери боюнча ой-пикирлер айтылган эмгектерди карап чыксак, адегенде эле кыргыз окумуштуусу Калык Ибраимовдун 1982-жылы чыккан “Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө” [53] аттуу адабий-сын макалалар жыйнагы колго урунат. Бул окумуштуу аталган жыйнагынан соң, 1986-жылы “Адабият, адам жана дүйнө” [54] деген дагы бир адабий-сын макалалар жыйнагын жарыялаган. Мына ушул эмгектерде алгачкы ирет дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелери учкай болсо да каралып өткөн. Адабиятчы К. Ибраимов дүйнө (көркөм дүйнө [53, 15-б.]), дөөлөт (баа жеткис рухий дөөлөт [53, 48-б.]), мурас (рухий мурас [53, 49-б.]), кенч (рухий кенч [53, 45-б.]) аныктамаларын көркөм-адабий жаралгаларга карата колдонот. Анын эмгегинде, арийне, көркөм дөөлөт түшүнүгүнүн так аныктамасы, анын чен-өлчөмдөрү тууралуу кеңири сөз жүрбөсө да, мифтер, мифология тууралуу кеп кылып жатып, “...дүйнөгө алды менен этикалык-аксиологиялык мамиле этүү жана жалпы коллективдин мүдөөлөрүн биринчи планга коюу...” [53, 35-36-бб.] бөтөнчөлүгүн белгилейт. Арийне, этикалык-аксиологиялык мамиле кылуу мифологияда эле эмес, азыркы профессионал жазма адабиятта да терең орун алган. Анын пикири боюнча “...азыркы адабият менен искусство чыгармаларында табиятты сулуулуктун, адилдиктин жана жакшылыктын жаркын идеалы, б.а., эстетикалык, этикалык, социалдык маани-мазмунга карк категория катары карап аңдоо алдыңкы планга чыгып, ага аяр-этиет мамиле кылуу кажат экенин эскерткен экологиялык-имандык мотивдердин доошу улам барган сайын күчөп угулууда” [54, 21-б.]. Ошентип, кыргыз адабият таануусуна **көркөм дөөлөт, көркөм нарк** түшүнүктөрү илимий колдонууга кире баштаган.

Дөөлөт жана көркөм дөөлөт категорияларынын кыргыз адабият таануусунда андан ары жайылышына келсек, К. Ибраимовго удаа эле, же

1988-жылы Кеңешбек Асаналиев “Көркөм нарк” [13] аттуу адабий-сын макалалар топтомун жарыкка чыгарган. Залкар адабиятчы К. Асаналиев жогоруда аталган эмгегинде дөөлөт (наркын жоготпос дөөлөт [13, 8-б.]), мурас (өлбөс-өчпөс улуу мурас [13, 9-б.]), асылдык (руханий асылдык [13, 13-б.]), байлык (руханий байлык [13, 22-б.]), нарк (көркөм нарк [13, 232-б.]) түшүнүктөрүн колдонуп, кыргыз фольклорунун, акындар поэзиясынын жана профессионал жазма адабиятынын үлгүлөрүнө дөөлөттүк негизде мүнөздөмө берет. Ал жалпысынан XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын өнүгүү процессин, багытын аныктайт. Ушул кылымда кыргыз эпосунун жаңы доору башталганын, аны түптөгөн Чыңгыз Айтматов болгондугун [13, 180-б.], так ушул залкар калемгерибиздин иш-аракети менен жаңы көркөмдүк мыйзамдар; жаңы өлчөм-ченемдер, критерийлер жаралып, байыркы эпос өзүнүн эстетикалык жаңы дооруна өткөнүн, реализм болсо өзүнүн мурда өнүкпөгөн, тымызын, дымып жаткан сапаттарын күчүнө келтиргенин [13, 170-б.] айтат. Залкар адабиятчынын көркөм дөөлөттөргө баа берүүдөгү негизги чен-өлчөмү алардын “эң биринчиден, искусство болуп жаралуусу...” [13, 128-б.] эсептелет. Бирок биздин оюбузча, искусство туундуларынын баары эле көркөм дөөлөт болбойт. Алардын көркөм дөөлөттүк табиятын аныктаган белгилүү бир көрсөткүчтөр, параметрлер болуусу шарт. Изилдөөнүн илимийлүүлүгү принциби дал мына ушуну талап кылат. Ошентип, К. Асаналиев аталган жыйнагында көркөм дөөлөттүн конкреттүү чен-өлчөмдөрүн сунуштабайт. Эгер маселенин ушул жагын кеңири чечмелеп берген болсо, анда жалпы эле көркөм-адабий туундулардын көркөм дөөлөттүк нарк-насилин аныктоо ишине чоң тактык киргизмек. Муну менен XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятында түзүлгөн көркөм-адабий туундуларды дөөлөттүк аспектиден талдоо, баалоо жумушуна зор жеңилдик келтирмек.

Адабиятчы-эстетик Теңдик Аскаров көркөм шарттуулуктун табиятына арналган эмгегинде көркөм дөөлөткө байланыштуу бир катар маанилүү ойлорду көтөргөн. Анын пикирлери да көркөм дөөлөттүн табиятын аңдап-түшүнүү процессине методологиялык жактан көмөктөшө алат. Т. Аскаров көркөм өнөрдүн дээрлик бардык түрлөрүндө эмгектенген чыгармачыл инсандар үчүн, мейли ал сүрөтчү, же бедизчи, же музыкант, же жазуучу болсун, нукура көркөм дөөлөттү жаратуу процессинде бирдей мыйзам иштей турганын белгилейт. Көркөм өнөр ишмерлеринин чыгармачылыкта кармана турган бир гана жолу барын айтат. Ал жол кайсыл экенин мындайча көрсөтөт: “...У них только один путь – путь художественной правды и жизненности” [14, с. 82]. Окумуштуунун көркөм чындык жана турмуштуулук катары белгилеген адабий-теориялык, көркөм-эстетикалык категорияларынын негизинде

**акыйкаттык** жата турганы айдан ачык. Демек, анын пикиринде чыныгы көркөм нарктар мазмунунда акыйкаттыкты камтып туруусу шарт.

Теңдик Аскаровдун ою боюнча, көркөм өнөр ишмерлери өз чыгармачылыктарында улуттук тарыхтын ар кыл мурастарына, дөөлөттөрүнө астейдил мамиле жасап, аларды аңдаштыра жана өз чыгармачылыктарына кыйыштыра билишкенде гана чыгармачылык, идеялык жактан жетилүү тилкесине кире алышат. Окумуштуу өткөндөн калган кенчтин баары эле кийинки тарыхый доорго өтүү касиетине ээ боло албасын таасын түшүнөт: “Известно, что не все материальные и духовные реликвии прошлого сохраняли до наших дней значимость, многие из них давно исчезли из жизни, перестали быть предметом поклонения и почитания” [14, с. 149-150]. Ошентип, мурунку тарыхый доордо жаралган көркөм туундулардын баары эле урмат-сыйдын үстүндө кала бербейт. Ар бир мезгил үзүмүндө руханий мурасты баалоо жана ылгоо болуп өтөт. Адам коомунда түзүлгөн материалдык жана руханий кенчтин ичинен прогрессивдүү мааниге ээ болгондору гана жашоосун улантып, алар жаңы улуттук маданияттын баалуулуктарына айланат.

Коомдук өнүгүүдө тарыхый уланмалуулук сөзсүз жашай турганын туура түшүнгөн кыраакы окумуштуу катары Т. Аскаров өткөндөн калган көркөм дөөлөттөргө карата бир беткей мамиле кылуудан абайлоо керектигин эскертет. Анын ою боюнча, азыр айрым гуманитарий-окумуштуулар советтик мезгилде түзүлгөн жана дүйнөлүк маданияттын казынасын толуктаган көркөм дөөлөттөрдү жерип, аларды таштандыга ыргытуу аракетин кылып жатышат. Ал бул жосунду чылапчында наристени жуунтуп бүткөн соң, калган кир суу менен кошо баланы да төгүп таштоого элестүү салыштырат. Окумуштуунун пикиринде, өткөндөгү көркөм дөөлөттөрдү туташ жарамсызга чыгарып, чийип таштоо түпкүлүгүндө мүмкүн эмес. Ал төмөнкүдөй суроо коёт: “Разве не составляют, например, повести и романы Ч. Айтматова вершинные страницы, явления мировой художественной словесности? Он стал выдающимся писателем современной эпохи, XX века благодаря правдивому изображению жизни киргизского народа, протекавшей в условиях социалистического развития” [15, 100-б.]. Чынында да, жеке эле Ч. Айтматовдун чыгармалары эмес, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы көркөм дөөлөттүк наамга татыктуу адабий туундулардын баары совет мезгилинде жазылган. Аларды чийип таштоо бүткүл кыргыз профессионал жазма адабиятын жокко чыгаруу менен барабар.

Көрүнүктүү кыргыз адабиятчысы, филология илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти Абдыкадыр Садыков дагы өз эмгектеринде дөөлөт (алтын казынага кирген рухий дөөлөт [90, 150-б.], кылымдардан бери жашап келаткан көркөм дөөлөт [91, 274-б.]),

кенч (дүйнөлүк маданий кенч [91, 191-б.]), байлык (дүйнөлүк рухий байлык [91, 191-б.]), баалуулук (дүйнөлүк баалуулук [91, 192-б.]) түшүнүктөрүн колдонуп, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын көптөгөн туундуларына өздүк баасын берет. Анын пикири боюнча "Көркөм дүйнө казып бүткүс алтын казына сыяктуу" [91, 274-б.]. Ошол эле учурда ал көркөм дөөлөттөрдү баалоо ишинде субъективизм сөзсүз жашаарын да белгилейт: "Бирөөгө жаккан экинчиге жакпайт, бирөөгө оң көрүнгөн нерсе башкаларга бөлөк таасир кылат" [91, 184-б.]. Анткен менен коомдук-маданий турмушта жалпы адамзаттык баалуулуктар орун ала турганын танбайт, алар "...бүткүл калайык-калкка тең орток идеялар, моралдык-этикалык нормалар, принциптер, эстетикалык табылгалар ж.б.у.с." [91, 184-б.] экендигин айтат. Окумуштуунун ушул өңдүү ой-пикирлеринен дөөлөт, көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнүн уңгусун көрүүгө болот. А. Садыков көркөм дөөлөттү жалпы жонунан "...бир формациядан экинчиге өтүп, өзүнүн маанисин жогопогон баалуулук" [89, 14-б.] деп түшүнөт. Анын бул көз карашы, түшүнүгү азыркы адабият таануудагы, культурологиядагы. философиядагы, эстетикадагы көркөм дөөлөткө карата айтылган жүздөгөн аныктамалар менен маани-мазмуну жагынан терең үндөшүп турат.

Белгилүү адабиятчы Советбек Байгазиев дөөлөт жана көркөм дөөлөт проблемасына карата дөөлөт (рухий-ыймандык дөөлөт [17, 5-б.]), кенч (гуманисттик кенч [17, 5-б.]), асылнарк (адептик-ыймандык асылнарк [17, 46-б.]) түшүнүктөрүн колдонот. Албетте, окумуштуу өзүнүн изилдөөлөрүндө көбүнчө улуу "Манас" эпосунда улуттук уңгулуу дөөлөттөрдүн камтылышын ачууга күч үрөйт, дөөлөт түшүнүгүн мына ушул теңдешсиз элдик көркөм туундунун маани-мазмунун, ичине каткан жашырын сырларын терең ачуу үчүн колдонот. Окумуштуунун дөөлөттүк өңүттөгү ой жоруулары дөөлөт, көркөм дөөлөт түшүнүктөрүнүн этикалык-эстетикалык касиет-сапаттарын айкындоого бизге көмөк боло алат.

Алсак, атактуу манастаануучунун "Манас" эпосунун мазмунундагы кыргыз эли тутунган баалуулуктар катары "калыстык, адилеттүүлүк, эл алдындагы парз, абийир, жоопкерчилик, сөз менен иштин биримдиги, эмгекчилдик" [17, 7-б.] ж.б. атоосу жана аларды ынанымдуу талдап чыгуусу улутубуздун дөөлөттөр тутуму кандай болгонунан, ал көркөм чыгармачылыкта кандайча чагылтылганынан бизге кабар берет. С. Байгазиев Манастын бекем карманган дөөлөттөрүн талдай келип, алардын катарына төмөнкүлөрдү киргизет: эрдик (шердик), мекенчилдик, айкөлдүк, ар-намыстуулук, боорукердик, көтөрүмдүүлүк, кечиримдүүлүк, ыймандуулук [17, 53-84-бб.] ж.б. Бул айтылган этикалык дөөлөттөр XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын көр-

көм-адабий жаралгаларында да түрдүү өңүттө, түрдүү жагдайда камтылган. Биз аларды дөөлөттүк мерчемде изилдөө ишин жүргүзүүдө кадыресе колдоно алабыз.

Кыргыз окумуштууларынын дагы бири Санарбек Карымшаков эстетикалык касиет-сапаты жогору көркөм жаралгаларга карата көркөм нарк [59, 4-б.], көркөм дөөлөт [59, 4-б.], көркөм дүйнө [59, 6-б.] аныктамаларын колдонот. Анын ою боюнча “...сын... көркөм наркка объективдүү баа берүүсү...” [59, 4-б.] абзел. Анан дагы “...сын... окурмандардын эстетикалык сезимин курчутуп, табитин калыптандырып, жан дүйнөсүн тазартып, социалдык активдүүлүгүн арттырчу милдетин эстетикалык ачылгаларды, көркөм нарк, дөөлөттөрдү талдап, баалай алган ойчулдугу аркылуу аткарат” [59, 5-б.]. Автор жеке гана сынга, адабий сынга басым жасап жатканы менен, чынында **адабият таануу бүтүн бойдон объективдүү баалоо принцибин карманса гана нукура көркөм дөөлөттөр айкындалары, алардын наркы-куну ачылары анык**. Таанымал адабиятчы-эстетик С. Карымшаков көркөм дөөлөт канткенде жараларын төмөнкүчө таамай аныктаган: “Сүрөткер өз көз карашына, идеалына, мүдөөсүнө жараша турмуш кубулуштарынан ирген алган “сырье” материалдардан кабыл алуучуда эстетикалык толгонуу, ойтолгоо, сезимдердин түркүн түстүү нурларын жарата алган өзүнчө бир “автономдуу” көркөм дүйнөнү, жаңы, экинчи бир эстетикалык чындыкты жарата алган учурда гана көркөм дөөлөт пайда болору, ал болсо тикенектүү жол баскан чеберчилик аркылуу гана жүзөгө ашары белгилүү” [59, 7-б.]. Ырас эле XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятында түзүлгөн көркөм дөөлөттөрдүн бир кыйласы “тикенектүү” жолду басып өтүштү. Б.а. жаралары менен талаш-тартыштын отун тутантышып, калыс баага жетүүлөрү нечен тоскоолдор аркылуу ишке ашып жатты.

Жогоруда аты аталган окумуштуу-адабиятчыларынын дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелерине карата көз караштары XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын туундуларына дөөлөттүк негизде баа берүүгө, алардын дөөлөттүк мазмун-маңызын, турпат-табиятын ачууга белгилүү салым кошо алат деп ойлойбуз.

# КОРУТУНДУ

Адабият таануучулук аксиологияга байланыштуу маанилүү проблемаларды, анын теориялык-методологиялык өбөлгөлөрүн изилдөөнүн соңунда төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө болот:

1. Аксиология XX кылымдын башында өзүнчө илимий тармак катары түптөлүп, философиянын тарыхында жана тутумунда өзүнүн татыктуу ордун тапты. Азыркы учурда анын категориялары социалдык-гуманитардык илимдерде, анын ичинде адабият таанууда да колдонууга кирди. Демек, кыргыз адабият таануусунда да аксиологиялык аспекттеги изилдөөлөрдү жүргүзүү абзел.

2. Аксиологиянын негизинде жаткан дөөлөт жана көркөм дөөлөт түшүнүктөрү адабият таануу, культурология, социология, психология, философия, эстетика, этика өңдүү илимий тармактарда да кеңири колдонулат. Адабият таанууга келсек, көркөм-адабий чыгармаларда дайыма өз доорунун дөөлөттөрү чагылтылат, калемгерлер көкүрөгүн уялаган руханий-адептик дөөлөттөрдү өз чыгармалары аркылуу окурманга жеткиришет. Мына ушул процесстин майнаптуу ишке ашуусунун натыйжасында көркөм чыгарма көркөм дөөлөттүк касиетке ээ болот. Бул да өзүнчө адабият таануучулук-аксиологиялык интеграциялуу изилдөө предметин түзө алат.

3. Аксиологияны адабият таануу менен интеграциялоого шарт түзө турган олуттуу жагдай – түйүндүү адабият таануучулук түшүнүктөрдүн – автор, окурман, чыгарма, персонаж, түбөлүк темалар, идеал, катарсис ж.б. – терең дөөлөттүк мазмунга ээ экени болуп саналат. Демек, адабият таануунун өзүндө чоң аксиологиялык дарамет бар. Көрсөтүлгөн аспект теориялык-методологиялык өңүттө тереңдетип изилдөөгө муктаж.

4. Культурологияда, адабият таанууда көркөм дөөлөттү аныктоо жана баалоо жаатында ар түрдүү көз караштар жашайт. Ар башка окумуштуулар тарабынан көркөм дөөлөттүн ар түрдүү чен-өлчөмдөрү сунушталат. Аларда жалпылыктар менен катар айырмачылыктар да кездешет. Бул көркөм дөөлөттү баалоо, аныктоо ишмердүүлүгү татаал экенин көрсөтөт. Аталган тема да өзүнчө теориялык изилдөө түрүндө иштеп чыгууга арзыйт.

5. Кыргыз эли эзелтеден жашоо-турмуш көрүнүштөрүнө, материалдык жана руханий маданиятка карата аксиологиялык мамилесин көрсөтүп келген. Буга элдик оозеки чыгармачылыктын, акындар чыгармачылыгынын үлгүлөрү айкын далил болот. Алардан биз Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук тууралуу нукура элдик түшүнүктөрдү арбын учуратабыз. Мунун өзү элдик оозеки чыгармачылыкты, акындар поэзиясын аксиологиялык аспектте изилдөө зарылдыгы бардыгын айкындайт.

6. Биз кыргыз акын-жазуучуларынын көркөм чыгармачылыкка карата көз караштары терең  аксиологиялык мазмунга ээ экенин А. Токомбаевдин, Т. Сыдыкбековдун жана Ч. Айтматовдун адабий-теориялык ойлорун талдоо аркылуу далилдөөгө аракеттендик. Албетте, маанилүү көркөмдүк-эстетикалык маселелерге карата өз пикирин билдирген акын-жазуучуларыбыз арбын. Аталган жазуучулардын ойлорун биз өз концепциябызды бекемдөө үчүн мисал катары гана колдондук. Келечекте кыргыз калемгерлеринин адабий-теориялык ойлорунун аксиологиялык аспекттерин изилдөө үчүн негиздер бар.

7. Кыргыз адабиятчылары да өз эмгектеринде дөөлөттүк мазмундагы көп түрдүү ойлорун билдирип келишет. Бирок ал ойлор түрдүү проблемаларга арналган эмгектерде чачкын берилип, комплекстүүлүктөн, системалуулуктан ажырап турат. Муну биз К. Ибраимовдун, К. Асаналиевдин, Т. Аскаровдун, А. Садыковдун, С. Байгазиевдин, С. Карымшаковдун дөөлөт жана көркөм дөөлөт маселелерине багышталган ойлорун талдоо аркылуу көрсөттүк. Албетте, башка адабиятчылардын эмгектерине да кайрылсак болмок, бирок биз мүнөздүү мисалдар катары жогорку окумуштуулардын пикирлерин алууну туура таптык. Кыргыз адабиятчыларынын аталган проблемаларга байланыштуу пикирлерин өзүнчө системалуу изилдөө зарыл, бул адабият таануу үчүн абдан кызыктуу натыйжаларды берет деп ойлойбуз.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


***1.*** **Абакиров, К.** Турдугулов Али [Текст] / К. Абакиров // **Кыргыз адабиятынын тарыхы** [Текст]: Адабияттаануу. IX том. – Б.: «Кут-Бер» ЖЧК, 2017. – Т.9. – 768 б..

***2.*** **Абдылдаев, М. К.** Түзүүчүдөн [Текст] / М. К. Абдылдаев // Мурас. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 4-19-бб.

***3.*** **Августин Аврелий**. Исповедь [Текст] / Аврелий Августин // Одиссей. Человек в истории. – М.: Наука, 1989. – С. 152-174.

***4.*** **Айтматов, Ч.** Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу [Текст] / Ч. Айтматов // Манас. Эпос. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча, 1-китеп. – Ф.: Кыргызстан, 1979. – 7-13-бб.

***5.*** **Айтматов, Ч.** Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст] / Ч. Айтматов. – Ф.: Кыргызстан, 1988. – 400 б.

***6.*** **Акмолдоева, Ш. Б.** Духовный мир древних кыргызов [Текст] / Ш. Б. Акмолдоева. – Б.: Илим,1998. – 268 с.

***7.*** **Андреев, А. Л.** Место искусства в познании мира [Текст] / А. Л. Андреев. – М.: Политиздат, 1980. – 255 с.

***8.*** **Аристотель.** Об искусстве поэзии [Текст] / Аристотель. – М.: Гослитиздат, 1957. – 184 с.

***9.*** **Аристотель.** Сочинения [Текст]: в 4-х т. / Аристотель. – М.: Мысль, 1976. – Т. 4. – 830 с.

***10.*** **Артыкбаев, К.** Адабият таанууга киришүү [Текст] / К. Артыкбаев. – Б.: Бийиктик, 2009. – 96 б.

***11.*** **Асакеева, Д. Ж.** Адабият теориясы [Текст] / Д. Ж. Асакеева. – Б.: Газета KG, 2013. – 304 б.

***12.*** **Асаналиев, К.** Кыргыз романы. Көркөмдүк критерийлер [Текст] / К. Асаналиев // Ала-Тоо, 1973, №3, 141-160-б.

***13.*** **Асаналиев, К.** Көркөм нарк: Адабий-сын макалалар [Текст] / К. Асаналиев. – Ф.: Кыргызстан, 1988. – 236 б.

***14.*** **Аскаров, Т.** Художественная условность как эстетическое явление в свете ленинской теории отражения [Текст] / Т. Аскаров. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 200 с.

***15.*** **Аскаров, Т.** Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги [Текст] / Т. Аскаров. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2000. – 112 б.

***16.*** **Аскаров, Т.** Кыргыз элинин эстетикалык дүйнө таанымы [Текст] / Т. Аскаров // Кыргыз философиясы (X-XXI кк.). Окуу куралы. – Ош: 2006. – 5-18-бб.

***17.*** **Байгазиев, С.** «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары [Текст] / С. Байгазиев. – Б.: Алтын Тамга, 2014. – 600 б.

***18.*** **Барт, Р.** Избранные работы. Семиотика. Поэтика [Текст] / Р. Барт. – М.: Прогресс, 1989. – 6136 с.

***19.*** **Бахтин, М. М.** Эстетика словесного творчества [Текст] / М. М. Бахтин. – М.: Искусство, 1979. – 424 с.

***20.*** **Бахтин, М. М.** К философии поступка [Текст] / М. М. Бахтин. // Собрание сочинений. Т.1. – М., 2003. – С.56-116.

***21.*** **Бегалиев, С.** Адабият таануу илимине киришүү курсу [Текст] / С. Бегалиев. – К.: Типография ПЛ №3, 2002. – 79 б.

***22.*** **Белинский, В. Г.** Полное собрание сочинений [Текст] / В. Г. Белинский. – М.: Изд-во Акад. наук СССР, 1953. – Т.7. – 738, [1] с., [4] л.ил., портр.; 23 см.

***23.*** **Бердяев, Н. А.** Философия свободы. Смысл творчества [Текст] / Н. А. Бердяев. – М.: Правда, 1989. – 608 с.

***24.*** **Бердяев, Н. А.** Смысл истории [Текст] / Н. А. Бердяев. – М.: Мысль, 1990. – 177 с.

***25.*** **Бердяев, Н. А.** Дух и реальность [Текст] / Н. А. Бердяев. – М.: АСТ; Харьков: Фолио, 2003. – 680 с.

***26.*** **Библиотека всемирной литературы** [Текст]: Т.1. Поэзия и проза Древнего Востока. – М.: Художественная литература,1973. – 645 с.

***27.*** **Большаков, В.П.** Ценности культуры и время [Текст] / В. П. Большаков. – Великий Новгород: НовГу им. Ярослава Мудрого, 2002. – 112 с.

***28.*** **Борбугулов, М.** Адабият теориясы [Текст]: окуу китеби / М. Борбугулов. – Б.: Шам, 1995. – 552 б.

***29.*** **Борев, Ю. Б.** Эстетика [Текст]: учебник / Ю. Б. Борев. – М.: Высшая школа, 2002. – 511 с.

***30.*** **Брудный, А. А.** Пространство возможностей: Введение в исследование реальности [Текст] / А. А. Брудный. – Б.: Илим, 1999. – 388 с.

***31.*** **Буало, Н.** Поэтическое искусство [Текст] / Н. Буало. – М.: Гослитиздат, 1957. – 235 с.

***32.*** **Бычков, В. В.** Эстетика: [Текст]: учебник / В. В. Бычков. – М.: Гардарики, 2004. – 556 с.

***33.*** **Виндельбанд, В.** Прелюдии. Философские речи и статьи [Текст] / В. Виндельбанд. – СПб.: Изд-во Жуковского, 1904. – 374 с.

***34.*** **Волков, В. И.** Ценностный аспект искусства как предмет конкретно – социологического исследования [Текст] / В. И. Волков //

Художественное восприятие. Сборник под. ред. Б. С. Мейлаха. – Л.: Наука, 1971. – С. 93–98.

***35.* Волобуев О. В.** Проблема оценки качества произведения художественной литературы (социально-философский аспект) [Текст] / О.В. Волобуев, В. А. Песоцкий // Вестник МГОУ. Серия «Философские науки». № 1 / 2013. – 10-20 с.

***36.* Выготский, Л. С.** Психология искусства [Текст] / Л. С. Выготский. – Ростов-на-Дону: Феникс, 1998. – 480 с.

***37.* Выжлецов, Г. П.** Аксиология культуры [Текст] / Г. П. Выжлецов. – СПб: Изд-во СПбГУ, 1996. – 152 с.

***38.* Гартман, Н.** Эстетика [Текст] / Н. Гартман. – Киев: «Ника-Центр», 2004. – 640 с.

***39.* Гегель, Г. В. Ф.** Эстетика [Текст]: в 4-х т. / Г. В. Ф. Гегель. – М.: Искусство, 1968. – Т. 1. – 330 с.

***40.* Гильдебранд, Д. фон.** Этика [Текст] / Д. фон Гильдебранд. — СПб.: Алетейя, 2001. – 569 с.

***41.* Гончаров, В. Н.** Социально-философский анализ категорий духовности и нравственности в системе развития российского общества [Текст] / В. Н. Гончаров // Общественные науки. – 2011. – № 4. – С.13-19.

***42.* Гончаров, В. Н.** Духовная культура общества: к проблеме ранних форм отчуждения [Текст] / В. Н. Гончаров, Н. А. Попова // Фундаментальные исследования. – 2014. – № 9-10. – С. 2336-2339.

***43.* Гулыга, А. В.** Эстетика в свете аксиологии. Пятьдесят лет на Волхонке [Текст]: научное издание / А. В. Гулыга. – СПб.: Алетейя, 2000. – 447 с.

***44.* Гуревич, П. С.** Философия культуры [Текст] / П. С. Гуревич. – М.: ИФРАН, 2007. – 300 с.

***45.* Гущина, В. А.** Модернизм и аналитическая эстетика [Текст] / В. А. Гущина // Вопросы философии. 1983. № 3.

***46.* Дао дэ цзин** [Текст] / Перевод Е.А.Торчинова // Даосизм: опыт историко-религиозного описания. – Спб.: Лань, 1998. – 425 с.

***47.* Даутов, К.** Элдик эстетикалык сынчыл ойлор болгонбу? [Текст] / К. Даутов // Классикалык изилдөөлөр: 1-китеп (Адабият таануу). – Б.: «Kirland», 2017. – 445 б.

***48.* Державин, К. Н.** Вольтер [Текст] / К. Н. Державин. – М.: Изд-во АН СССР, 1946. – 481 с.

***49.* Докучаев, И. И.** Ценность и экзистенция. Основоположения исторической аксиологии культуры [Текст] / И. И. Докучаев. – СПб.: Наука, 2009. – 595 с.

***50.*** **Достоевский, Ф. М.** Полное собрание сочинений [Текст]: в 30 т. / Ф. М. Достоевский. – Ленинград: Наука, 1978. – Т.28, 2 кн. – 608 с.

***51.*** **Жумагулов, М.** Легендарлуу ойчулдардын дүйнө таанымы [Текст] / М. Жумагулов, Г. У. Аматова. – Б.: Maxprint, 2011. – 110 б.

***52.*** **Жюлиа, Д.** Философский словарь [Текст]: пер. с франц. / Д. Жюлиа. – М.: Международные отношения, 2009. – 544 с.

***53.*** **Ибраимов, К.** Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө. Адабий-сын макалалар [Текст] / К. Ибраимов. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 140 б.

***54.*** **Ибраимов, К.** Адабият, аалам жана дүйнө [Текст] / К. Ибраимов. – Ф.: Кыргызстан, 1986. – 136 б.

***55.*** **Ибраимов, О.** История кыргызской литературы XX века [Текст]: в 2-х т. / О. Ибраимов. – Б.: Бийиктик, 2013. – Т.2. – 512 с.

***56.*** **Ивин, А. А.** Современная философия науки [Текст] / А. А. Ивин. – М.: Высшая школа, 2005. – 592 с.

***57.*** **История эстетической мысли** [Текст]: в 6-ти т. Т.I. Древний мир. Средние века в в Европе. – М.: Искусство, 1982. – Т.I. – 464 с.

***58.*** **Кант, И.** Сочинения [Текст]: в 6-ти т. / И. Кант. – М.: Мысль, 1965. – Т.6. – 743 с.

***59.*** **Карымшаков, С.** Сын дүйнө жана көркөм нарк [Текст]: окуу куралы / С. Карымшаков. – Б.: Алтын Тамга, 2002. – 224 б.

***60.*** **Коваленко, В. А.** Проблема ценностей в творчестве [Текст]: автореф. дисс. … д-ра филос. наук. 09.00.01 / В. А. Коваленко. – Москва, 1996. – 46 с.

***61.*** **Компаньон, А.** Демон теории. Литература и здравый смысл [Текст] / А. Компаньон. – М.: Изд. им. Сабашниковых, 2001. – 336 с.

***62.*** **Кравченко, А. И.** Культурология [Текст]: учебное пособие для вузов / А. И. Кравченко. – М.: Академический Проект, Трикста, 2003. – 496 с.

***63.*** **Крошнева, М. Е**. Теория литературы [Текст] / М. Е. Крошнева. – Ульяновск: УлГТУ, 2007. – 103 с.

***64.*** **Культурология** [Текст]: учеб. для студ. техн. вузов / Колл. авт.; Под ред. Н. Г. Багдасарьян. – 3-е изд., испр. и доп. – М.: Высшая школа, 2001. – 511 с.

***65.*** **Кыдырбаева Р. З.** Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст] / Р. З. Кыдырбаева, К. Асаналиев. – Б.: БИЛД, 2004. – 572 б.

***66.*** **Кыргызстан** [Текст]: Улуттук энциклопедия. 1-том. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. – Т.1. – 688 б. илл.

***67.*** **Литературный энциклопедический словарь** [Текст]. – М.: Советская энциклопедия, 1987. – 752 с.

***68.*** **Литературная энциклопедия терминов и понятий** [Текст]. – М.: НПК «Интелвак», 2001. – 1600 с.

***69.*** **Лосский, Н. О.** Ценность и бытие. Бог и царство божие как основа ценностей [Текст] / Н. О. Лосский. – Париж: ИМКА ПРЕСС, 1931. – 136 с.

***70.*** **Лосский, Н. О.** Бог и мировое зло [Текст] / Н. О. Лосский. – М.: Республика, 1999. – 436 с.

***71.*** **Мамбеталиев, К. И.** Сатира и юмор в кыргызской литературе (генезис понятия и эволюция качества) [Текст]: автореф. дисс. … д-ра фил. наук: 10.01.01 / К. И. Мамбеталиев. – Бишкек: Бийиктик, 2012. – 50 с.

***72.*** **Мацкевич, Ю. В.** Определение понятия «произведение искусства» и обозначение критериев его оценки [Текст] / Ю. В. Мацкевич // Искусство и культура, 2012, № 3 (7). – С. 13-16.

***73.*** **Михайличенко, Б. С.** Проблемы литературоведения: теория литературы [Текст] / Б. С. Михайличенко. – Самарканд: СамГУ, 2009. – 182 с.

***74.*** **Мукаржовский, Я.** Исследования по эстетике и теории искусства [Текст]: пер. с чешск. / Я. Мукаржовский. – М.: Искусство, 1994. – 605 с.

***75.*** **Мукасов, Ы. М.** Философская мысль в контексте развития кыргызской культуры [Текст] / Ы. М. Мукасов. – Б.: Илим, 2010. – 340 с.

***76.*** **Муратов, А.** Кыргыз адабияты [Текст]: маалыматтама / А. Муратов, Ж. Шериев, К. Исаков. – Б.: Айат, 2014. – 384 б.

***77.*** **Никитина, И. П.** Философия искусства [Текст]: учебное пособие / И. П. Никитина. − М.: Омега-Л, 2008. − 560 с.

***78.*** **Новая философская энциклопедия** [Текст]: в 4 т. Т.I. – М.: Мысль, 2010. – Т.1. – 744 с.

***79.*** **Новая философская энциклопедия** [Текст]: в 4 т. Т.IV. – М.: Мысль, 2010. – Т.4. – 736 с.

***80.*** **Платон**. Сочинения [Текст]: в 3-х т. / Платон. – М.: Политическая литература, 1971. – Ч.1. – 712 с.

***81.*** **Попова, Е. В.** Ценностный подход в исследовании литературного творчества [Текст]: дисс. … д-ра фил. наук: 10.01.08 / Е. В. Попова. – Москва, 2004. – 326 с.

***82.*** **Пословицы и поговорки кыргызского народа** [Текст]: Из собрания академика К. К. Юдахина. – Б.: Илим, 1997. – 232 с.

***83.*** **Поспелов, Г. Н.** Введение в литературоведение [Текст]: учеб. для филол. спец. ун-тов / Г. Н. Поспелов, П. А. Николаев, И. Ф. Волков и др. – М.: Высшая школа, 1988. – 528 с.

***84.* Поэтика** [Текст]: Словарь актуальных терминов и понятий / Гл. науч. ред. Н. Д. Тамарченко. – М.: Издательство Кулагиной; Intrada, 2008. – 358 с.

***85.* Проблема ценности в философии** [Текст]: сборник научных трудов. – М.-Л.: Изд Наука, 1966. – 264 с.

***86.* Розов, Н. С.** Ценности в проблемном мире: философские основания и социальные приложения конструктивной аксиологии [Текст] / Н. С. Розов. – Новосибирск: Изд-во Новосибирского университета, 1998. – 292 с.

***87.* Садыков, А.** Кыргыз адабий сынынын тарыхынын очерки [Текст] / А. Садыков, М. Жаңыбаева. – Б.: Технология, 2001. – 148 б.

***88.* Садыков, А.** Адабият теориясы [Текст] / А. Садыков. – Б.: Бийиктик, 2002. – 188 б.

***89.* Садыков, А.** Бектурсун Алымов: Адабий-теориялык көз караштары [Текст] / А. Садыков, М. Абдыкадырова. – Б.: Шам, 2006. – 112 б.

***90.* Садыков, А.** Кыргыз залкарлары [Текст]: 11 томдук / А. Садыков. – Б.: Бийиктик, 2012. 1-том. – 304 б.

***91.* Садыков, А.** Кыргыз залкарлары [Текст]: 11 томдук / А. Садыков. – Б.: Бийиктик, 2012. 3-том. – 448 б.

***92.* Современный философский словарь** [Текст] . – Б.: Одиссей, 1995. – 608 с.

***93.* Соловьев, В.** Общий смысл искусства [Текст] / В. Соловьев // Философия искусства и литературная критика. – М.: Искусство, 1991. – 702 с.

***94.* Сорокин, П. А.** Человек. Цивилизация. Общество [Текст] / П. А. Сорокин. – М.: Политиздат, 1992. – 543 с.

***95.* Соронкулов, Г. У.** Кыргызы и лейтмотив «Восток-Запад» в художественной аксиологии Пушкина [Текст] / Г. У. Соронкулов. – Б.: Maxprint, 2012. – 190 с.

***96.* Стендаль.** Собрание сочинений [Текст]: в 15-ти т. / Стендаль. – М.: Правда, 1959. – Т.7. – 400 с.

***97.* Столович, Л. Н.** Красота. Добро. Истина: Очерк истории эстетической аксиологии [Текст] / Л. Н. Столович. – М.: Республика, 1994. – 464 с.

***98.* Сыдыкбеков, Т.** Мезгил сабактары [Текст] / Т. Сыдыкбеков. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 424 б.

***99.* Сыдыкбеков, Т.** Мен миң жыл жашадым [Текст] / Т. Сыдыкбеков. – Б.: Акыл, 1998. – 496 б.

***100.*** **Темишов, Б.** Аксиологическое измерение исламской культуры в условиях глобализации [Текст]: автореферат дисс. … к-та фил. наук: 09.00.11 / Б. Темишов. – Бишкек, 2008. – 27 с.

***101.*** **Теория культуры** [Текст] / 1-е издание. – СПб.: Питер, 2008. – 371 с.

***102.*** **Токомбаев, А.** Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. Т.3. Прозалары [Текст] / А. Токомбаев. – Ф.: Кыргызстан, 1973. – Т.3. – 804 б.

***103.*** **Томашевский, Б. В.** Теория литературы. Поэтика [Текст]: учеб. пособие / Б. В. Томашевский. – М.: Аспект Пресс, 1999. – 334 с.

***104.*** **Тугаринов, В. П.** Теория ценностей в марксизме [Текст] / В. П. Тугаринов. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1968. – 124 с.

***105.*** **Турдугулов, А. Т.** Аксиологические парадигмы акынской поэзии (к вопросу о структуре, поэтике, форме и содержания) [Текст] / А. Т. Турдугулов // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы, 2015, №4, III чыгарылыш. С. 161-165.

***106.*** **Үкүбаева, Л.** Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз [Текст] / Л. Үкүбаева. – Б.: Турар, 2004. – 288 б.

***107.*** **Фарыно, Е.** Введение в литературоведение [Текст] / Е. Фарыно. – СПб.: Издательство РГПУ им. А. И. Герцена, 2004. – 639 с.

***108.*** **Федоров, Ю. М.** Универсум морали [Текст] / Ю. М. Федоров. – Тюмень: Исетская типография, 1992. – 418 с.

***109.*** **Философский энциклопедический словарь** [Текст]. – М.: Инфра-М, 1997. – 576 с.

***110.*** **Философия** [Текст]: энциклопедиялык окуу куралы. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. – 264 б.

***111.*** **Франкл, В.** Человек в поисках смысла [Текст]: Перевод с английского и немецкого / В. Франкл. – М.: Прогресс, 1990. – 432 с.

***112.*** **Фромм, Э.** Анатомия человеческой деструктивности [Текст] / Э. Фромм. – М., 1994. – 447 с.: ил.

***113.*** **Фуксон, Л. Ю.** Чтение [Текст]: учебное пособие / Л. Ю. Фуксон. – Кемерово: Кемеровский государственный университет, 2007. – 300 с.

***114.*** **Хайдеггер, М.** Положение об основании [Текст] / М. Хайдеггер. – Спб.: Алетейя, 2000. – 290 с.

***115.*** **Хализев, В. Е.** Теория литературы [Текст]: учебник / В. Е. Хализев. – М.: Высшая школа, 2009. – 405 с.

***116.*** **Храпченко, М. Б.** Творческая индивидуальность писателя и развитие литературы [Текст] / М. Б. Храпченко. – М.: Художественная литература, 1977. – 447 с.

***117.*** **Чернец, Л. В.** Введение в литературоведение [Текст] / Л. В. Чернец, В. Е Хализев, А. Я. Эсалнек и др. – М.: Академия, 2011. – 720 с.

***118.*** **Чернышевский, Н. Г.** Избранные философские произведения. Сочинения [Текст] / Н. Г. Чернышевский. – М. Госполитиздат, 1950–1951 (Л. : Тип. «Печ. двор»). – 3 т.; 20 см. Т. 1. – 1950–1951. – Т.1. – 872 с., 1 л. портр.

***119.*** **Шериев, Ж.** Адабият теориясы [Текст] / Ж. Шериев, А. Муратов. – Б.: Айат, 2004. – 178 б.

***120.*** **Шефстбери, А.** Эстетические опыты [Текст] / А. Шефстбери. – М.: Искусство, 1974. – 536 с.

***121.*** **Эскарпи, Р.** Революция в мире книг [Текст] / Р. Эскарпи. – М.: Книга, *1972*. - 127 с. : диагр.; 21 см.

***122.*** **Эстетика Ренессанса** [Текст]: в 2 т. – Москва: Искусство, 1981. – Т.2. – 639 с.

***123.*** **Юнг, К. Г.** Феномен духа в искусстве и науке [Текст] / К. Г. Юнг. − М.: Ренессанс, 1992. – 320 с.

# ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-ТИРКЕМЕ

### Баалуулук категориясына берилген аныктамалар

| К№ | Автору | Аныктама |
|---|---|---|
| 1. | Багдасарьян Н. Г. | В нашем случае ценность понимается как общепризнанная норма, сформированная в определенной культуре, которая задает образцы и стандарты поведения и оказывает влияние на выбор между возможными поведенческими альтернативами [150, с. 123]. |
| 2. | Большаков В. П. | Ценность – отношение между человеком (общественной группой) и явления, ставшей носителем особой позитивной значимости чего-то, кого-то. Другими словами, особая объективная положительная ценность чего-то (кого-то) в жизни конкретного человека, социальной группы, общества [249, с. 36]. |
| 3. | Борев Ю. Б. | Воспринимая в предмете его эстетические свойства, мы схватываем его самую широкую общественно-практическую значимость, его ценность для человечества в целом (= для всего человеческого рода). ...Благодаря общественно-исторической практике предметы и явления мира втягиваются в сферу интересов человека и обретают «чувственно-сверхчувственную» природу, свою ценность для человечества (= эстетическое значение, эстетические свойства) [72, с. 35]. |
| 4. | Брудный А.А. | Ценность – исходное, изначальное понятие; то, что ценится, ставится выше другого. Оно нетранзитивно: ценное, ценность выше того, что ей предшествует [76, с. 168]. |
| 5. | Василенко В. А. | Поскольку ценность детерминирована обеими сторонами ценностного отношения, постольку ее величина и характер одновременно зависят и от определений субъекта (субъективный фактор ценности) и от свойств объекта – носителя ценности (объективный фактор ценности). В этом смысле можно сказать: ценность есть функция двух переменных [200, с. 45]. |
| 6. | Гильдебранд Д. | Внутреннюю значимость акта великодушного прощения мы обозначаем как «ценность» в противоположность значимости всех тех благ, которые вызывают наш интерес лишь потому, что приятны для нас или приносят нам удовлетворение [89, с. 45]. |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | Гончаров В. Н. | С одной стороны, ценности – это те же самые предметы и явления, с которыми имеет дело человек в своей практике, но взятые не сами по себе, а с позиции их значимости для человека. С другой стороны, понятие «ценности» употребляется для обозначения некоторых высших принципов жизни, поведения, норм и идеалов, к которым стремится общество. Ценности в таком контексте соединяют в себе материальную и духовную составляющие, что следует учитывать при определении самого понятия [90, с. 13-19]. |
| 8. | Гулыга А. В. | Добро есть добро, даже если никто не добр. И подлинная ценность есть то, что служит добру и человеку, хотя рациональное определение ее исегда затруднительно и потому порождает множество споров [92, с. 63]. |
| 9. | Гуревич П. С. | Таким образом, ценность – это не только осознанное, но и жизненно, экзистенционально прочувственное бытие. Она характеризует человеческое измерение общественного сознания… [93, с. 231] |
| 10. | Докучаев И. И. | Под ценностью мы понимаем идеальную модель какого-либо явления [103, с. 21]. |
| 11. | Дробницкий О. Г. | Мы можем сказать теперь, что ценность – это форма проявления определенного рода отношения между субъектом и объектом. Только тогда, когда мы рассматриваем общественное бытие человека в аспекте субъект-объектного отношения, мы можем зафиксировать явление ценности [200, с. 33]. |
| 12. | Жюлиа Д. | Ценность трактуется как практическое чувство удовлетворённости: это – «все желанное (а не только «желаемое»)… это практическое понятие, смысл которого связан с опытом воли или действия» [122, с. 495]. |
| 13. | Ивин А. А. | Ценностью может называться любой из тех трех элементов, из которых обычно складывается ситуация оценивания: оцениваемый предмет; образец, нередко лежащий в основе оценки; отношение соответствия оцениваемого объекта утверждению о том, каким он должен быть [132, с. 329]. |
| 14. | Кравченко А. И. | Ценности – социально одобряемые и разделяемые большинством людей представления о том, что такое добро, справедливость, патриотизм, романтическая любовь, дружба и т. п. Ценности не подвер- |

| | | |
|---|---|---|
| | | гаются сомнению, они служат эталоном и идеалом для всех людей [148, с. 105]. |
| 15. | Лосский Н. О. | Ценность есть нечто всепроникающее, определяющее смысл и всего мира в целом, и каждой личности, и каждого события, и каждого поступка [169, с. 5]. |
| 16. | Мукаржовский Я. | Скажем сначала, что существует несколько равноценных критериев: 1. всеобщеобязательной является ценность, достигшая максимального распространения в пространстве, включая сюда максимальное распространение в разных видах общественной среды; 2. ценность, успешно противостоящая напору времени; 3. ценность, которая самоочевидна [179, с. 176]. |
| 17. | Розов Н. С. | Я же предлагаю понимать ценности шире и считать их предельными нормативными основаниями (кроме нормативных есть еще другие основания: познавательные, ресурсные и проч.). Тогда аксиологические суждения следует понимать не как ценностные, а как оценочные, иначе говоря, этике обязанностей противостоит этика оценок [202, с. 95]. |
| 18. | Тугаринов В. П. | Ценности – это предметы, явления и их свойства, которые нужны (необходимы, полезны, приятны и пр.) людям определённого общества или класса или отдельной личности в качестве средств удовлетворения их потребностей и интересов, а также - идеи и побуждения в качестве нормы, цели или идеала [257, с. 10]. |
| 19. | Федоров Ю. М. | Ценность – это символ, утративший таинственный флер трансцендентности, под которым до поры до времени (до исторического времени) хранилась эвалюативная предметность события – особого онтологического слоя мироздания с укорененным в нем своей феноменальностью, своей особой природой субъектом [264, с. 146]. |
| 20. | Франкл В. | Можно определить ценностей – смысловых универсалий, кристаллизовавшихся в результате обобщения типичных ситуаций, с которыми обществу или человечеству пришлось сталкиваться в истории [267, с. 288]. |
| 21. | Чагин Б. А. | Ценность есть единство объективного и субъективного, абсолютного и относительного, прошлого, настоящего и будущего [200, с. 7]. |

Жантаев Адилбек

# АДАБИЯТ ТААНУУЧУЛУК АКСИОЛОГИЯНЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

Окуу куралы

Адис редактору: *А. Айдаралиева*
Редактору: *З. Ысакбаева*
Тех.редактору: *Ж. Токтомаметова*
Корректору: *Т. Аскар уулу*

Ченеми 60x84/16. Көлөмү 4,6 басма табак.
Офсеттик басуу. Нускасы 500.
«Сарыбаев Т.Т.» басмасында басылды.
Бишкек ш., Раззаков к. 49.